85.33
Р 95

Т. Рыскулбеков



# Кош жылдыз




85.33
Р-95

**Токторбай Рыскулбеков**

# КОШ ЖЫЛДЫЗ

Кыргыз Республикасынын Эл артисттери
Сейитказы АНДАБЕКОВ жана Койсун КАРАСАРТОВА
жөнүндө даректүү баян



Нарын облустук
китепканасы
№ 46362 СБО

Бишкек - Нарын - 2004



Бул китептин жарык көрүшүнө
демөөр көрсөткөн
Нарын областтык мамлекеттик
администрациясынын жетекчиси,
губернатор Аскар Мааткабылович
Салымбековго
терең ыраазычылык билдирем.

*Сейиткazы Андабеков*


УДК 7.0
ББК 85.33 (2 Ки)
Т-31

Рецензенттер:
А.К. СЫРЫМБЕТОВ – Кыргыз маданиятынын эмгек сиңирген ишмери.
ТОКОЕВА Ж. Т.
Редактор - Т.ДҮЙШЕЕВА

Т. Рыскулбеков
Т-51 Кош жылдыз. (Кыргыз Республикасынын эл артисттери С.Андабеков жана К.Карасартова жөнүндө даректүү баян.
Б.: 2004 - 148 б.

ISBN 9967-403-71-1


Бул китепте Кыргыз Республикасынын эл артисттери Сейиткazы Андабеков жана Койсун Карасартованын театр искусствосундагы чыгармачылыгы анализденди, алардын театрдагы орду аныкталды. Китеп маданият сүйүүчүлөргө багытталган.


Р 4907000000 - 04

УДК 7.0
ББК 85.33 (2 Ки)

ISBN 9967-403-71-1



© Т. Рыскулбеков, 2004




Кыргыз Республикасынын Эл артисттери
Сейиткazы Андабеков жана Койсун Карасартова

## КИРИШ СӨЗ

Алмустактан адамзат өзү көрүп билгенден алгыр куш, аргымак ат, айтылуу сулуу кызды, топ жарган ак тандай ырчыны ооздон түшүрбөй даңазалап таржымалдап келген. Адам өз турмушундагы табигый көркөмдүктү, өнөрпоздукту урпактарына ошентип мурас катары ыроологон. Ошол көркөм мурас аркылуу өткөн мезгил менен кийинки мезгилдин руханий тутумун, бузулгус байланышын түптөп бекемдеген. Эгерде биз бүгүн кандайдыр бир деңгээлде маңкурт болуп кетүүдөн сакталып калсак, аны ата-бабабыз мурастаган байыркы «Манастай» көркөм көрөңгөбүздүн таасири деп билүүбүз абзел. Улам өткөн муундун кийинки муундун алдына өтөгөн бир парзынын ыйыктыгы, өзүнүн көркөм мурасы менен урпагын уруй жактан упурап кетүүдөн сактагандыгында жатат.

Замандаштарыбыздын көбүнүн руханий дүйнөсүн кургак атак-даңкка, кур мансапка айырбаштатып ийген, жыйырманчы кылымдын аягында кечээги агаларыбыздан бизге эмне калды, эми биз кийинкилерге эмне руханий мурас калтырганы турабыз деген мүдөөгө кайрылсак, купулга деле толорлук иш байкалбайт. Ал эми осолдугубуз опсуз экени оркоюп көзгө урунат... Арийне, дагы уучубуз куру калбай Аалынын, Жоомарттын, Жусуптун, Касым Тыныстановдун, Касымаалы Жантөшевдин, Алыкулдун жазмалары, Атай, Карамолдо, Муса, Б. Эгинчиев, Шекербек Шеркуловдордун чыгармалары, Жеңижоктун, Казынын казалдарына каниеттенип жүрөбүз. Кудай жалгап дүйнөлүк масштабда дүңгүрөп Чыңгыз агабыз, Евразия менен Орто Азия аймагына таанылып Түгөлбай Сыдыкбеков агабыз чыгып калды. Кыргыз театр санаатынын жылдыздарынын арасынан араң дегенде Б.Бейшеналиева, М.Рыскулов, Б.Кыдыкеева, Д.Күйүковадай гана көрүнүктүү, залкарлардын өмүрү, чыгармачылыгы жөнүндө бирин-серин изилдөө эмгектери жазылып калып абийир болду. Бирок улуттук театр, кино өнөрүбүздүн башатын ачкан Шамшы Түмөнбаев сыяктуу кайталангыс



талантттын, Шаршен Термечиковдой, Мидин, Райкандай сатириктерибиздин чыгармачылыгын илимий болбосо да, жок дегенде публицистикалык изилдөөгө, ой жүгүртүүгө алган бир да колго урунарлык эмгек жазылбай калганы өкүндүрбөй койбойт.

Маданиятты иш билгилик менен жетектөө үчүн эмес, тек 1960-80-жылдардагыдай жан сактоо үчүн башкарып отургандардын ныксыроосунун кесепетинен Совет бийлигинин 73 жылдык доорунда маданият тармагы үчүн аз каражат бөлүнүп, акчанын жетишсиздигинен далай жаркын таланттардын чыгармачылык өмүр жолу көзү тирүүсүндө талданып изилденбей, учурунда калкынын көөнүн агартып шоола чачкан нечен ажарлар таамай жазылбай, элине эртеңки урпактарына жабылуу сыр болуп көмүскөдө көмүлүп кала берди. Далай нерсе жазылбай, жазылганы басылбай турду ал мезгилде...

Ушул учурлардагы улуттук театр искусствосунун чеберлери Сейитказы Андабеков менен Койсун Карасартованын чыгармачылык тагдырлары, деги эле Нарын театры жөнүндөгү көп нерселер далайдан бери оюмду онго, санаамды санга бөлүп жүргөн. Баарынан негизгиси, өспүрүм кезимде мени Сейитказы ага менен чыгармачылык жагдайда жолуктурган окуяларды башымдан кечиргендигимде эле...

Деги эле, жарым кылым бою сахнадан түшпөй, кош жылдыздай жаркырай жанып чыгармачылык майданда жанаша мээнеттенген жубайлардан мээнеткечтиги, көп өнөрпоз замандаштарыбызча улунуп жулунбаган ыймандуулугу, жупунулугу, ыр-бий, актерлук жаатындагы С. Андабеков менен Койсун Карасартовага гана таандык оригиналдуу чыгармачылык өмүрлөрдүн ой-кырын жазып калтыруу мезгили өтүп бараткан. Арийне бул китептин жазылыш тагдыры, маселеси 1989-91-жылдары Борбордук Комитеттеги колдоосу аркылуу кыргыздын искусство тармагын тейлей калган чала молдо динбузардын колуна тийгенде колуңуздардагы чыгарманын жазылбай калышы аштан бышык эле... Арийне, бул ишке ал маңкурттардын

тиешесин тийгизбей алдастап калган, ошондо жаңыдан баш бактап калган демократиянын шарданына Кудайга шүгүр...

Кыргыз калкынын 1930-90-жылдардагы таланттуу инсандарынын бул көрүнүктүү өкүлдөрүнүн санжыргалуу бул баянын окурмандарга тартуулоодогу башкы максат, кечээги эле экинчи дүйнөлүк согуштун учурундагы кер мурут жигит, керилген селкинин өмүр жаштары жетимиш аттаганча театр майданында талбастан эриш-аркакташып тарткан кубаныч-кайгысын, азап-жыргалын, ошого чыдап түткөн кайратмандыктарын, ырыс көтөрүмдүүлүгүн, жупуну мээнеткечтигин ачуу аркылуу XX кылымдын аягында тукулжураган күндөрдө айрыкча өнөрпоз жаштарда адеп-ахлак сезимин козгой алар бекенбиз деген аруу тилек, астейдил ой.

Ал эми өнөрпоз жубайлардын өмүр жолунда балдыркандай бала өнөрпоз да, көкүрөгү көктү, төбөсү төштү тиреп калгансыган орто жаш ооп «мен мыктымын» дечү таланттар да эсине түйүп, үлгү алчу тар тайгак кечүүлөр, аруу ниет ак эмгектери менен татып жеткен кубаныч менен урматтын айдыңдуу төрлөрү мыскал-мыскал болуп жыйылып олтуруп Алатоонун ак асаба чокуларындай эле көзгө чалдыгып турганына окурман өзүңүз да ынанасыз...

Ырас, бул китепте чыгармачылык жетишкендерди, кейипкерлерибизди бир беткей мактай берип нукура реалдуулуктан, адам коомунун, чыгармачыл тагдырлардын турмушунун күңгөй-тескейлүү диалектикасынан тайып кетүүгө болбойт эле. Ошондуктан бул тагдырларга кыйыр да, түз да тиешеси бар маданият, искусствону уюштуруу, жетектөө иштериндеги кыйчалыштыктардан баштап, бир катар театр чеберлеринин, кейипкерлерибиздин өздүк жана театрдык турмушундагы оң жана терс көрүнүштөрдү, өзгэчө жаш муундарга сабак болуучу пендечиликтерди кеңири, курчураак анализдебесек анда өз окурмандарыбызды алдаган болуп калмакпыс. Муну окурмандар да, китептеги аттары аталган чеберлер, инсандар да реалдуулуктан танбаган туура логикадагы түшүнүк менен кабыл алар деп ойлойм...



# СЕКЕЛЕК КЫЗ - ТЕАТР БАШАТЫ

Урматтуу окурман, эгер Сиз белгилүү жазуучу Медетбек Сейталиевдин миң тогуз жүз жетимишинчи жылдары жарык көргөн «Жашыл аралдар» аттуу повестин окуган болсоңуз, ошол чыгарманын өзгөчөлүктөрү тек гана таң калбай, ал кыздын мейли эмгекте, мейли эл ичиндеги күндөлүк турмуш-тиричиликте айланасындагыларга жасаган мамилеси оттой ысык, турмушту, жаратылышты мүлдө турган турпаты менен таанып сезе алган, башка адамдын гана жаман-жакшысына эмес өзүнө да катаал, бирок зирек өскөн... тегирменчинин сүйгүнчүк Сары кызын ушу саам бир элестеп өтсөңүз?...

Ал эми байманалуу кыргыз жергебиздин түндүк-чыгыш кыйырларынын дагы бир аймагындагы айтылуу Атбашы өрөөнүндө Муталип аттуу жай тиричиликтүү адамдын үйүндө 1926-жылы бир сүйгүнчүктүү ак саргыл кыз көрүнөт. Муталиптин зайыбы удаа-удаа үч кыз төрөгөндөн улам айыл апа, тууган туушкан бу келинибиз мындан ары кыз төрөгөнүн койсун деп жаңы төрөлгөн кызынын атын Койсун коюшат, ырымдап. Койсунду Муталиптин агасы тегирменчи Карасарт эмчектеги кезинен багып алат. Мына ошондон баштап күн нуруна көмүлүп, ай жарыгына чөмүлүп эртең эле кудум баякы Таластагы Тегирменчинин кызындай болуп өзгөчөлөнүп калк назарына түшүүчү кыз, Атбашыдагы карасуулук тегирменчи Карасарттын Койсун аттуу кызы чоңоюп келе жатты. Койсун көз жарган кезде ал өрөөн азыркыдай тытылып, бозорбой ортосун чоң Карасуу сойлоп өткөн жапжашыл саздак майдан болуп жатчу мелтиреп. Өрөөндү ортолой заңкайып көзгө урунган Чечдөбө деп аталчу бийик тоо-мунара мал-келин жоготкон жок издегендер үчүн жайын-кышын табылбас туу чоку, кебелбес бийиктик болуп, ошол өрөөндүн тээги кебетеленип мунарыктап турганы турган. Андан түштүк-батыш тарапта ал кезде чеп-сарай келбетин көп жогото элек Кошойкоргон турчу экен, азыркыдай топурак дөбөлөнбөй. Андан арыраакта нугунда тоонун суусу мөңкүгөн өзөнчөнүн

боюндагы тегирменде өзү калбаат, жоош, эмгекчил эзели бирөөнүн көнүлүн калтырбаган Карасарт деген киши өрөөндүн оокаттуусунан баштап жалгыз баштык данын көтөрүп келгендердин да ажатын ачып турчу дешет көргөн билгендер.

...Күн чыгып чыга электе тегирменден анча алыс эмес жайгашкан кичинекей айылдан эки өспүрүм кыз чыкты серендеп. Алар тегирмендин жанынан өтүп бара жатып жарыша кыйкырып калышты.

– А-ай, Койсу-у-ун!.. Койсу-у-ун дейм!..

Ушуну эле күтүп тургансып тегирмендин катарындагы үйдөн башына үкүлүү топу кийген жер бетегедей кыз так секирип атып чыкты да беритеде күтүп турган курбуларын көздөй чымылдады. Эртең мененки шүүдүрүмдүү туланды аттап-буттап, кээде жан жагындагы кооз гүлдү шып үзүп ала коюп, кээ-кээде үчөөнүн баштары бириге тоорулуша калышып сыңар олтура чөнтөгүндөгү таштарын алып чыгып топташ ойной калышып үч курбу кыз келатты мектепти көздөй... Анан калса ал чөлкөмдөгү мектеп ошол учурда тегирменден ары дегенде төрт беш чакырым алыс, чоң айылда жайгашкан экен. Ушул аралыкты берег үч өспүрүм кыз күндө эки ирет басып өтүшүп үйүнөн мектепке, кайра мектептен үйүнө кетишип жүрүп жедеп көнүп бүткөн... Бир маалда оюндан да, ары-бери серпиле калып гүл тергенден да тажап зериктиби, жанагы, тегирмендин жанындагы үйдөн чыккан кыз үкүсүн кылтылдата ырдап коё берди...

Кызыл, кызыл козунун
Көрпөсүмүн ой да-а-ай,
Кыз да болсом бир үйдүн
Эркесимин ой да-а-ай...

Жашыл мейкиндикте обологон кыздын үнү жаңырып, ыр келептери биринин артынан бири куюлушуп, улам башка ырлар башталып жолката ырдап келатты тегирменчинин кызы.

– Ай-и-и, Койсун сени ырдатып эле угуп тура берген кандай жакшы.

– Айтсаң Койсун, мынча ырдын сөзүн кантип эсиңе



тутуп жаттайсың я?- Эки курбусу эки карысынан жылоолой, үч кыз каркырача кыркар тизиле басышып кыт-кыт күлүшүп, кайрадан бирде ырдашып, бирде олтура калып алакан чабышып ойной кетишип жүрүп мектептен кайра үйлөрүнө кандай жетип келгенин билбей калышчу. Ушинтип Кара-суулук тегирменчи Карасарттын кызы Койсун он төрт жашында, болгону төрт класстык билими менен Нарын тетрынын артисти катары профессионалдык искусствонун босогосун аттады. Ал жөн гана босогону аттап элеңдеп калган жок. Жанагинтип улуттук искусствонун жылдыздарынын чебер өнөрүнө жан дили менен кызыгып, аңдоо салып, алардын чеберчилигинин ыкмаларын үйрөнүүгө баш оту менен кирип, улам жаңы чыгармаларды кудум аптапта какшыган кум тамчы сууну аптыгып өзүнө сиңирип алып жаткансып өнөр сырларын өзүнө сиңирип, искусствого чаңкаган эңсөө менен кирип келди...

Ал кездеги улуттук искусствону уюштурууда дагы бир өзгөчөлүк өкүм сүргөн. Азыр жаңы театр уюштурулса, же бир жаңы искусство мекемеси ачылса бүт кем-карчы ийне жибине чейин толукталмайынча, чыгармачыл же адистер тобу бүт топтолуп бүтмөйүнчө колдо бар мүмкүнчүлүктөр менен билек түрүнүп ишти баштап ийүү бизге жат көрүнүш. Ал эми ошо 1937-жылы Нарын театрын уюштурууда кадимки «социализмдин» энтузиасттык демилгеси түрткү болуп, өнөр дегенде ичкен ашын жерге койгон ышкыбоздор деги ай талаага болсо да иш баштоого шымаланып турушчу. Театрдын жаңы эле дайындалган директору Качыбеков менен режиссеру Койчуманов Дооранбек экөө колдогу мүмкүнчүлүктөрү менен алгачкы спектаклди коюп баштоого бел байлап турган коллективге жакшы демөөр болуп беришти. Арадан анча өтпөй Молдогазы Токобаевдин «Кайгылуу Какей» пьесасынын ролдору бөлүштүрүлүп, театрдагы кыз-келиндердин ичинен Койсунга башкы роль Какейди сахнага чыгаруу тапшырылат. Байкадыңызбы окурман, театр жамааты артисттерди өз ара наалазылаштырып, каадалантып «татыктуу актер» издеп отурбай эле табигый бою, жашы төп келген, театр мизансценасы деген түшүнүктөн карамaнча кабарсыз, бирок азоо таланты көптү үмүттөндүрүп турган өспүрүм кызга башкы

ролду тапшырып ишенич көргөздү. Биздин күндөрдө болсо ай талаада ырдап жүрүп келип жаңы эле театр босогосун аттаган секелек кызга башкы ролду ишенип берүү акылга сыйбаган жорук болмок. Ошондой да болчу беле деп чыкмакпыз туш-туштан. Бийикте сүлкүлдөп эл артисттери турса, кычырап эмгек сиңирген артисттер турса… Айылдан азыр эле келе калган сербейген кызды кой, эки жыл бою театр алдындагы студияны бүтүп, ошончо убактан бери сахнага аралашып келаткан, аздыр-көптүр театр өнөрүнө каныгып калган ышкыбоздорго да мындай башкы роль эмес, экинчи, үчүнчү даражадагы роль тиери күмөн... Анда эле бул «жоопкерсиздик» деп чыкмакпыз. Ал эми тээ 1938-жылы Нарын театрында минтип төрөпейилденип, же коркпос кыз кой башынан коркот болуп олтурушкан жок мыжылып. Тескерисинче Койсундун зиректигин, өзү кипкичинекей болгону менен чоң сахнаны да толтуруп коё алчу табигый шык жөндөмүн жалпы жаамат сергектик менен баалап, ошо кезде эл көзүнө көрүнүп чытырап турган менменсинген артисттер да Какей так ушу Койсун үчүн жазылган ролдой көрүшүп ага ыроолошту. Койсунга ишеништи… Жыгылсам да нардан жыгылайын да, буйласын кармай жыгылайын дедиби Койсун да чу дегенде эле кейипкерин мыкты алып чыкты сахнага… Какейдин арзыган жигити Өмүркулду – Тынымов деген жаш өнөрпоз алып чыгып, бул драмалык дуэттин дебюту жалаң Нарын театрынын гана эмес бүтүндөй улуттук театр искусствобуздун маанилүү окуясы катары тарыхта калды. Ашып кетсе эки айга жеткирип жеткирбей Нарын драма театры 1937-жылдын аяк жагында ошол «Кайгылуу Какей» спектакли менен өз көшөгөсүн көтөргөн. Кечээ эле жашыл өрөөндү жаңыртып ырдап тызылдап чуркап жүрүүчү эрбейген кыз он төрт жашында республикабыздагы бир таанымал театрдын тарыхынын барагын ачкан спектакль менен кыргыз театр искусствосунун баянына өчпөс болуп жазылды…

…«В том в далеком году она сама, несовершеннолетняя, как героиня могла оказаться выданной замуж за незнакомого человека, даже за старика. Поэтому Койсун не играла а жила – в реальной обстановке тогдашней действительности. И женщины-зрительницы часто ухадили после спектакля с



заплаканными глазами»- деп, миллиондогон окурман калкка кайталангыс сахна кылып «Советская Киргизия» газетасы баяндаган.

Жаш артист кыз Койсун, тунгуч кейипкери Какейден кийин «Саринжи Бөкөйдө» - жеңенин, «Эгиз балада» - Мундуктун кейипкерлерин алып чыгып театр өнөрүнүн катмарланган катылуу сырларынын алгачкы ачкычтарын бураган. Байкап көрөлүчү окурман… Кечээги айылда капарсыз так секирип жүргөн кыз эртеси театрга келип эле жинди күчкө кор болгон кибиреген жетим кыздын бешбейнесин жаратса, анын эртеси дегидей эле кыска убакытта турмушка кагылып согулган жубандын, өзүндөй секелек кыздарды «кызыкелеп» эркелетип аздектей турмушка тарбиялаган жеңенин ролун чыгаруунун арасында эле канча аралык, канча мейкиндик жатат.

Көп узабай театрга нукура профессионал жаш режиссер Эрменбек Токтогулов келип драматург Касымаалы Жантөшевдин «Шайтан кыз» спектаклин коюп калат. «Шайтан кызда» Көкшалкы аттуу башкы кейипкерлердин биринин ролун кыргыз театр искусствосунун башатында турган актерлордун бири Алиман Жангорозова ойночу. Бир күнү ал киши Москвага кандайдыр чыгармачылык сапарга жөнөп кетип, Көкшалкынын кейипкерин кайталап даярдап ойноп чыгуу Койсунга тапшырылат. Эч бир нормативдик мөөнөткө сыйбаган, өтө кыска убакытта сахнага чыга келген Койсун - Көкшалкы көрүүчүлөргө гана эмес кесиптештерине да өзгөчө жагып, театр дирекциясы атайын мыкты аткаруучулар үчүн уюштурган барктуу сыйлыкка татыктуу болгон.

Койсун айылдан Нарын театрына келгени Какейдин келбетин жаратып, «Курманбектин» Айганышынын ажарын ачып, дагы толгон кейпкерлерди көрөрмандарына тартуулоо менен катар үкүсүн кылтылдатып, апакай жүзүн жаркылдатып, бакыракай сулуу көздөрүн жалжылдатып ырдап жаш-карынын жүрөгүнө чок салып келе жатты. Ушинтип көптүн көзүнө көрүнүп тоту куштай таранып бой жетип турган кызды жөн коебу, Койсундун айлана чөйрөсүнө чырмалышып тооруган жуучулардын тор желеси жайылып олтуруп аны көз ачып турмуш босогосун аттоого да аргасыздандырды. Чыканактай

артист кыз билгизбей айландырып келип чырмаган жөн гана бирөөнүн босогосун аттап кирип ак жоолук салынат башына. Буйрук эмес экен ал жерге Койсун бүлө болбойт. Тез эле турмуштан чыгып кайрадан театрга келет. Албетте бул окуяда кубанычтан көп көз жаш, күлкүдөн көп арман жаткандыр. Айтор эмнеси болсо, да артисттик турмуш үйлөп койсо учуп кетчү гүлгаакыдай үлбүрөгөн Койсундун тагдырына уулуу ач тырмагын бир матырып алгандай сыягы... Мүмкүн баягыда эски тегирмендин жанынан узатып калган ата-энеси береги сербейген кызын ушул сыяктуу турмуштун ач тырмагынан кудай сактаса экен деп тилеп калгандыр тымызын ичи тызылдап. Бирок жазмышка айла барбы... Анын үстүнө мындайда артисттик турмуш тилекке каршы көп учурда жаңылыштыкка шарт түзүп, айрыкча кыз баланы жарга түртүп турат. Бул да биздин чала өнүккөнүбүздүн, цивилизация деген түшүнүктөн «эмансипацияны» гана тез «өздөштүрүп» ала коюп, а бирок чыныгы цивилизациялык өз ара ыйык мамилени үйрөнө албаганыбыздын кесепети... Демек ошондон улам го тээ алда кайдагы 30-40-жылдарда али феодалдык доордун факторлору бийлеп турган кырдаалды коелу, ушу азыр XX кылымдын босогосуна кол созуп бараткан космостук доордо да бизди коомчулук чыныгы эмгекчил адистеринин, гүлбурак назик кыздарынын тагдырынын айнектей таза болушуна кам көрүүчү кудуреттен караманча ажыраган...

## КОР БОЛУУДАН КООПТОНУУ

Өз колдору менен соколоп айдаган жердин түшүмүнөн азык, деминен кубат алып, данын эгип, оруп-жыйып, мал-келин көздөп тиричилигин көргөн Андабек уулу Сейитказы экөө улам барган сайын кандай жумуш болсо койбочудай... Ата-бала мейли эгин четинде, мейли мал четинде болсун бири-бирине эриш-аркак, күч-кубат... Башка курбу балдарындай эле таң эртең менен алоолоп чыккан күн нуруна жамынып көкмайсаңга теңтуштары менен оюн сала оонап кетчү Сейитказы башка балдардан бир гана жери баягы ышкыбоздугу, ачыктыгы, ак көңүлдүгү менен айырмаланчу. Ал замандын балдары тез



чоңоюшчу деп калышат илгеркилер азыр да... Айткандай эле көрүнгөн тоонун ыраагы жок демекчи, курчаган табигат жаратылыштын керемет күчүбү же чын эле ай ааламдын (космостун) табигый уюткуларынын тогошуусунун таасириби ошол улуу согуштун алдындагы уландар тез жетилип, же эмгекке, же өнөргө, айтор жалаң жакшы дегенге ыктуу, шыктуу экенин көп байкашкан экен өз заманынын баамдагыч инсандары... Ал уландардан бейбашы, же улууга каяша айтып кесирлене басканынан ыйманы ысыгы, мээнетке бышыгы, сөзгө бекеми, акылга тереңи көбүрөөк чыккан көрүнөт. Сейитказы балтыр эти толуп толбой, мурут ордуна алгачкы түк пайда боло баштаган учурда башталгыч мектепти аяктап кадимкидей бой тартып калган Баланын өнөрүн, ышкысын баалаган айылдаштарынын бир даары «Сейитказыны багын байлабай театрга эле киргизип кой» дешсе, күнүмдүк көр оокаттын кызыкчылыгын көздөп көнгөн бир даары «Эй Андабек, сенин уулуң башкарма болчу түрү бар. Кылчактатпай тиги Бурунзага апарып чоң окууга киргиз же Нарындагы окууга киргиз» деп күйүмдүүсүнөт... Баарынан кызыгы айылга келген эле артисттердин тобу сүйлөшүп алгансып «уулуңузду бизге кошуп бериңиз» деп Андабек аксакалды туюкка далай камашканычы...

Дегинкиси, элибизде өнөр жандуулук болгону менен, ышкыбоз азаматты баалай билгени менен деле карачечекей уулунун артистке кошулуп кетишин каалай бербеси баарыбызга маалым го. Мунусу үчүн ата-энелерге капа болуп, шыпырылта эле аларды күнөөлөй берүү обу жоктук... Кудайдан корколу да, ушу китеп башталып, баштала элек жатып өзүнүн эң башкы каарманын «көз жаштап» олтурсак, ишенчээк, баёо, назик артисттерди эмес азуусун айга жанган, партиянын Борбордук Комитетинин мүчөсү, бакыйган маданият министринин да жүрөгүнүн суусун алып бүжүрөтүп койгон биздин коомдо, кайсы аккөңүл коймаарек элет адамынын бирөөгө тике карабаган ыймандуу уулу же кызы кайдагы бир көчө таптаган шылуунга кор болуп же жем болуп, таза болбосо дагы бир мансаптуу мажестин көзүн карап калбайт деп ким кепил боло алат?.. Кезегинде адамзат коомунун өнүгүш мыйзамдарын изилдеп келген окумуштуу

булактардан табылып, Жумгалдан – Мыскал Өмүрканова, Болот Абылгазиев, Абдыкалый Темиров, Атбашыдан – Койсун Карасартова, Татаева Жумаш жана башка өнөрпоздордон 1938-жылы Нарындагы колхоз-совхоз театрынын жамааты толукталган. 1939-жылы ошол базада Тяньшань областтык драма театры уюштурулуп...

Театр ачып жатканда
Нарындан жазган салам кат…

деген уккулуктуу, мазмундуу, лирикалык десе лирикалык, тарыхый десе тарыхый ырлар жаралган. Арийне, бул колхоз-совхоз театрынын профессионал театрга айландырылышына, жалпы эле кыргыз жергесинде театр искусствосунун өөрчүшүнүн жаңы этабынын башталышынын жана 1939-жылы Москвадагы кыргыз маданияты менен искусствосунун декадасынын жел аргысы тийгенине күмөн жок.

Молдогазы Токтобаевдин «Кайгылуу Какейинен» баштап, К. Эшманбетовдун «Саринжи Бөкөй», Ж.Бөкөнбаевдин «Токтогул» сыяктуу пьесалары, элдик эпостордун негизинде жазылган К.Жантөшевдин «Курманбек» К. Маликов менен А.Куттубаевдин «Жаңыл» спектаклдерин коюп Тяньшань областтык театры өз пайдубалын түптөгөн. Ал эми Улуу Ата Мекендик согуштун жылдарында К. Жантөшевдин «Өч», К.Эшманбетовдун «Кара туман» катаал мезгилге үндөш патриоттук мазмундагы спектаклдерди жеткиликтүү койгон учуру, тоо арасындагы бул жаш театрдын чыгармачылык керегесинин алгачкы кыштарынын коюлганын айгинелейт.

...Кечээ айылдан келер замат артисттердин бригадасына кошулуп алгачкы сапарга чыккан күнү биринчи оюнда А.Жумабаев менен Ж.Самаков экөө «Кана баатыр… Өнөрүң болсо өргө чап деген, бүгүндөн баштап сен театрдын артисти болдуң. Кылчактабай жанакы ырларыңды ырдап эл алдына чыга бер» дешип жаш ышкыбозду кайрап бүлөп, береги өнөр нөшөрүн төгүп кирип чыгып аткан такшалган артисттердин сабына кошуп сахна майданына салышат Сейитказыны. Согуш жылдары эле элге таанылып калган театрдын репертуарында бир сары чийкил жигиттин Шаршенди туурап «Марусяны», «Кантың барды» ырдап, Солдат бийин бийлеп чыгышын





Андабек ата үй-бүлөсү менен.



С.Андабеков, К.Карасартова
апасы Асылкан Карасартын байбичеси менен.

Нарын облустук
китепканасы
№ 46362



Койсун Карасартованын иниси
Самудун үй-бүлөсү менен.




С. Андабеков небереси
Аскар менен.



С. Андабеков бажалары
Токтогулов Адылбек,
Акелеев Такин менен.



Өлбөс Андабекова инилери
Кубанычбек Андабеков,
Турусбек Андабеков менен.



Сейитказы Андабековдун
атасы - Нуралы уулу Андабек, апасы Сайна







Сейитказы Андабеков атасы Андабек, уулу Турусбек менен



С.Андабековдун бир тууган карындашы Мария




С.Андабеков, К. Карасартова балдары менен.







Концерт учурунда



Курама күү. К.Карасартова уулу Кубаныч менен



7-ноябрь, 1973-жыл



Райкан Шүкүрбеков. «Менин айылым»
Койчу таз - С.Андабеков. 1947-ж.



Концерттик номер



К.Жантөшев, «Курманбек». Гүлкаакы - К.Карасартова





Ж.Шералиев «Бийлебеске эмне»
Сейитказы Андабеков, Алиман Жанкорозова. 1966-ж.



Б.Өмүралиев. «Жаңырык». Башкы ролдо - С.Андабеков



М.Ауэзов. «Айман-Шолпан». Жарас - С.Андабеков



В.Шеспир. «Шок курбулар» Фальстаф - С.Андабеков





Ч.Айтматов. «Эрте жаздагы турналар»
Ортодо Абды устанын ролунда - С.Андабеков. 1985-ж.



Н.Гоголь «Текшерүүчү».
Ортодо - Добчинскийдин ролунда - С.Андабеков



Т.Абдумомунов. «Ашырбай» . Ашырбай - К.Медетбеков, Чыныбай С.Андабеков. 1980-ж.



«Токтобек өскөн айылда» спектаклинде Эшаалынын ролунда.





В. Шекспир. «Король Лир».
Граф Глостер - С. Андабеков, Король Лир - К.Медетбеков



Кожо Насридиндин ролунда



А.Цагарели, «Ханума».
Текле - К.Карасартова





А.Поронян. «Багдасар аке»
Багдасар аке - С. Анджабеков

К.Иманалиев, «Курманжан Датка».
Дербиш - С.Андабеков




Ж.Садыков, «Боз торгой». Шүкүр балбан - С. Андабеков









«Лунная ведьма» (Айдагы жезкемпир) кинотасмасы
Жезкемпир - Койсун Карасартова





А.Поронян. «Багдасар аке»
Багдасар аке - С. Анджабеков

К.Иманалиев, «Курманжан Датка».
Дербиш - С.Андабеков




Ж.Садыков, «Боз торгой». Шүкүр балбан - С. Андабеков









«Лунная ведьма» (Айдагы жезкемпир) кинотасмасы
Жезкемпир - Койсун Карасартова



Сейитказы Андабеков, Акысбек Дүйшеев, Жумамудун Шералиев



Бишкек аянтында





Солдон оңго: Жыргал Абдыкалыков, Жалил Абдыкадыров, Бообек Ибраев, Сейитказы Андабеков



С.Андабеков кыздары Кулаш жана Алмаш менен



Кыргыз опера жана балет театрынын жана Нарын драма театрынын коллективи менен. Талас ш., 1972-ж.



Кыргыз искусствосунун Москвадагы декадасы. 1987-ж.





Кыргыз искусствосунун Москвадагы декадасы. 1987-ж.



Кыргыз искусствосунун Москвадагы декадасы. 1987-ж.




Нарын драма театрынын коллективи





«Мээрим» фондунун 10-жылдыгында Майрам Акаева
Данакер сыйлыгын тапшыруу учурунда



Бир туугандар - Турдуказы, Сейитказы, Султанказы Андабековдор



С.Андабеков уулу Рысбектин үй-бүлөсү менен





Чоң үй-бүлө






Эки куда
Солдо - Кудаш Момункулов, Токтогул районунун белгилүү врач-хирургу.
Оңдо - Сейитказы Андабеков, Кыргыз Республикасынын Эл артисти





Неберелери Бибигүл жана Бибисара менен



С. Андабеков уулу Болоттун үй-бүлөсү менен





С. Андабеков иниси Турдуказы Андабеков, балдары жана неберелери менен.



С. Андабеков, Койсун Карасартова, Зуура Карасартова уулу Кубанычбектин үй-бүлөсү менен.

## КОШ ЧЫНАР ТЕРЕК

Кут конгон кыргыз жеринен,
Кутмандуу кыргыз элинен,
Сандаган талант ичинен,
Санжыргалуу көбүнөн,
Сексен жашка келсе да,
Жигиттей кайрат-деминең,
Байкалбайт дале карылык,
Барсайган боорсок өңүнөн.
«Чекмурат» менен «Бадахшан»,
«Жүз грамм» жана «Кыздар ай»
Уккан эл сүйүп эриген,
Орто Азия калкына,
Орошон талант дедирген.
Сандаган кейипкерлери
Саймалуу өнөр кенинен
Аргымактай арыштап,
Арыбаган чалыштап,
Сексенге арыштап,
Желбеген жорго чалыштап,
Токсонду турган сестентип,
Сейитказы деген табышмак.
Өнөрдүн өзү улуулук,
Өнөрдө арбын сулуулук,
Өлчөөсүз чилде болсо да,
Өнөрдө ыйык жылуулук,
Өөп ийчүүдөй кыз-келин,
Өрөпкүй түшөт бурулуп,
Койкондоп бийлеп кеткенде,
Короздой колдон суурулуп,
Койкойгон не бир сулуулар,
Колдору кетет сунулуп.
Койсун эжеме көргөзбөй,
Коёт дейт кылып «уурулук»
Таланттын күчү керемет,
Талбастан таазим кылынып,
Ташыркабас талантка,
Таазим эт элим жылынып,
Кыргызга даңкы дүң болуп,
Кызыктуу арген үн болуп,
Өзбек, тажик, казакка,
Өзөктөш өнөр бир болуп,
Уйгур, дунган «акалап»
Утурлап сунган гүл болуп,
Кокинтайы жар болуп,
Кош чынар терек тал болуп,
Койкондогон кош буту,
Кала элек азыр чал болуп,
Жүрөгүң дайым жаш болуп,
Жүрө бер Сепе бар болуп.
Серп салсак далай таланттын
Сейитказы аба асты экен,
Желбеген жорго Сепеңе
Сексен деген жаш бекен,
Сейрек талант Сепеңдин, дагы.
Жүз онду «согоор» күчү бар
Эми.
Кут болсун Сепе сексен,
Култулуңдап кубанып,
Карылык деген немени,
Капшыра кармап кетиңиз,
«Гитилерди» жеңген Сепең деп,
Колтуктап Кокең эпеңдеп,
Кулун сындуу жар менен,
Куушкан бойдон өтүңүз
Карылык деген чепуха
Чыкпасын такыр эсиңиз.
Куттуктайт кутман элиңиз,
Куттуктайт курбу-теңиңиз,
Куттуктайт бөлө-жээниңиз,
Кубанып турсун көөнүңүз.
Калтардай кара көздөргө
Калтаарыбай картмын деп,
Кайырмак сала бериңиз,
Тамаша-чыны аралаш,
Таазим кылды абага,
Табылды деген иниңиз.

*Табылды Актан.*
*Кыргыз Республикасынын эл артисти,*
*М. Рыскулов атындагы сыйлыктын лауреаты,*
*драматург, төкмө акын.*

көрөрмандар чоң жаңылык катары кабыл алып, алгач чыккандан баштап уу-дуу кол чаап турушту. Арийне, Сейитказы кошулган күнү ал бригаданын концерттик программасына жаңы боёк сүртүлүп, мурунку көнүмүш репертуарга күлкү чачкан бариктүү бүчүр байланганын көрүүчүлөр гана эмес, кесиптештери да байкап ичинен жымыңдашты. Бирок Сейитказынын өзүндө мындай канагаттануу көпкө созулган жок. Такшалган артисттерге кошулуп эл аралап бир аз жүрүп келген соң Сейитказы өз репертуарына кандайдыр бир жаңылык, дагы кызыктуу нерселерди кошпосо болбосун сезип изденип кирди. Колуна тийген китептерди кадала окуп, газета журналдарды үзбөй карап ага басылып чыккан ырлардан Нуркамал Жетикашкаеванын «Кызылчачы жеңеме» аттуу чыгармасын, Мидин Алыбаевдин сатиралык ырларынан иргеп тандап алып, ага обон иргеп анан бүтүндөй чыгармага айлантып өз репертуарын байытууга умтулду. Сейитказынын театрдагы алгачкы чыгармачылык изденүүсүнүн үзүрлүү болушуна белгилүү обончу, комузчу Абдыкалый Темиров бир топ көмөкчү болду. Сейитказы Андабеков театрда иштеген алгачкы 2-3 жылы ошол Абдыкалый Темировдун үйүндө жашап жүргөнү да буга чоң өбөлгө эле. Чогуу иштеп, жашап жүргөн жылдары Абдыкалый Темиров Сейитказынын өнөрүнүн жакшы жактарын өөрчүттүрүп, начарын жылмалап сахна өнөрүнө маштай берди. Ошол учурда театрда Райкан Шүкүрбековдун «Менин айылым» аттуу комедиясы даярдалып, Сейитказыга тракторчу Акматтын ролу ыйгарылат.

Алгачкы театрдык роль... Алгачкы мизансцена. Спектаклди койгон режиссер Гүлжан Казыбаева менен театрдын башкы режиссеру Илике Көкөев, ошол кезде тиш кагып сахнанын ой-кырын өздөштүрүп калган Болот Абылгазиев менен Бекболот Өмүрбаев жаш актерго сахнада дем күч, чыгармачылык эриш-аркактык көрсөтө алчу шерик болорун алдын-ала болжоого алганбы, айтор спектаклдин көп мизансценаларында ушул үчөө чогуу ойногудай ыкмаларды пайдаланышты. Сейитказы «чү» дегенде эле өзүнүн Акмат тракторчусунун Бекболот Өмүрбаев аткарган Сашканын

кейипкери менен ийин тирештире алып чыкты. Ал – Болот Абылгазиев аткарган кейипкер, кадимки ошол Абылгазиевдин өзүнүн «Сонун да» аттуу ырын созолонто ырдап сахнада ээн-эркин, кудум ээн жайлоонун төрүндө жаткансып жайдарылана :

… Жайылган койго көз салып

Жамбаштап жатсаң сонун да, -деп ырдап кейипкеринин сахнадагы жашоосун турмуштагыдай чагылдырганын байкады. Өз кейипкери Акматты да так ошондой, чындыктагыдай көрсөтүүгө далалаттанды. Айтор «Менин айлымда» спектакли аркылуу Сейитказы театр сценасында жашоонун сырларына баш бакты. Бул спектакльде Сейитказынын - Акматынын ырчылык ажарынын ачылганына арийне спектаклдеги партнеру Маруся орчундуу салым кошту. Чынында Акмат да Сейитказынын так өзүндөй иштесе ишке, ашаса ашка, ойносо оюнга тойбой турган бозойдун кейипкери. Акмат керели кечке трактор айдаса да иш аяктаганга тулку боюндагы чымыраган кубатты, темирди үзө тепчүдөй кубатты кайда катарын билбей тоо бүркүтүнчө ормоңдоп турган учуру. Бу жагынан алганда режиссер актердун жаш курагын, психологиясын бозойлук кездин штрихтерин өз убагында рационалдуу пайдаланып жаштыктын бул өзгөчөлүктөрү спектаклге сөзсүз табигый көркөмдүк боёк сүртүп, оюндун кынтыксыз ийгилигине салым кошорун жаңылбай эске алгандай…

Трактор айдайм талаада.
Ой, Маруся садага,
Сейчас хочу барууга,
Бирок иштен некогда,
Бирок пока некогда
И-ии, и-ии некогда!..
Агроном ты сама
Өз жумушуң шайма-шай
Поэтому мен сага
Ашык болдум вай, вай, вай!..
И-ии, и-ии, и-ий
Ашык болдум вай, вай, вай!..

Марусяга жолукканда кадимки частушка ыкмасына



салып ырдап келип тарсылдата жер тээп бийлеп селкинин жүрөгүнө чок салып кетчү Акмат-Сейитказы мурдатан өзү аркалап келеткан тамашалуу ырчылык чыгармачылыгынын өөрчүшүнө кандайдыр деңгээлде бул роль да өбөк болду. Баарынан мурун Сейитказынын ырчы-бийчилиги Акматтын кейипкеринин чыгышын, спектаклдин максатка жетишин камсыздандырды.

«Менин айлым» спектаклиндеги Акмат тракторчунун «Маруся» аттуу ырынын текстин спектаклдин автору же башка бирөө жазып сценарийге киргизген эмес. Тек, спектаклде тракторчу Акмат агроном Марусяга бет келгенде мылжыйып туруп калбашы керек эле. Сейитказы ушул мизансценага келгенде адегенде аябай кыйналып, ыңгайсызданып жүрдү. Бир күнү тээ баягы 1937-жылы кароодо өзү аткарган Шаршендин «Маруся» аттуу ырын эстеди.

Көңүлүм сүйүп ушунча,
Жактырам сени Маруся.
Гулять будем, пить будем,
Кушать будем колбасы…

деген сыяктуу тексттердин үлгүсүнө салып, ага агрономдук, тракторчулук жана башка пьесадагы көрүнүштөргө ылайык, сөздөргө ылайык сөздөрдү кошуп жогорудагы Акмат тракторчунун ырынын сөзүн жаратты. Арийне бул табылга спектаклге өзүнүн эң алгылыктуу боёгун сүрттү.

Сахна деген сахна да. Кандай гана дасыккан чебер болбосода, ал середе адамдын шаштысын кетирип койчу учурлар көп болот. Ал эми бир гана ырдап салып шарт чыгып кетип көнгөн жаш ышкыбоз бул спектаклде баягыдай ээн-эркин боло албай калбадыбы анан калса сахнада адегенде Сейитказы-Акмат өз ребликасы бүткөндөн кийин өзүн кайда катарын билбей, мобу сахнада тим эле солдоюп тургансып ыңгайсызданып кетүүчү. Айрым учурда спектаклден мурда болжонбогон, такыр ойго келбеген кырдаалдар түзүлө калса Сейитказынын шаштысы такыр кете түшчү. Андайда ошол учурда сахнада Сашканы ойноп жаткан Болот Абылгазиев – Сейитказынын партнеру куудулдана ырдап бийлемиш болуп келип тамашага салып, берегі өзүн жоготуп турган Сейитказыны шап көтөрүп алып чыгып кетүүчү. Ушинтип,

сахна майданындагы чыгармачылык ынтымак, шериктештик деген эмне экенин Сейитказы өзүнүн алгачкы кейипкериАкмат тракторчунун бешбейнесинде жүрүп тааныды, баалады… Так өзүнө түспөлдөш айылдык жигит Акмат тракторчунун образы менен ошол 1946-жылы Сейитказынын профессионал театр өнөрүндөгү тушоосу кесилди.

## САХНАДА КОШ ЖЫЛДЫЗ!

…Нарын театрынын артисттери келиптир дегенди угуп чогулган эл толтура. Сахнанын көшөгөсү түрүлүп, «Курманбек» спектакли жүрүп жатты…

О, жараткан!
Кайсы күнү, кайсы жерде,
Сүйүүгө мен кабылдым?
Эч толуксуз, эч бир жинсиз,
Торго кантип чалындым?
Бир гана көзгө көрүнсө
Эгер сүйүү бар болсо,
Мен армансыз болор элем,
Жүрөгүмдү жарып, Курманбекти
Бир гана көрсөтүп койсо!…

– дагы далай ыркелептерин келиштире айтып, сезимдерди чымыратып, көрүүчүлөрдүн көөнүн козгоп, жашыктарынын карегине жаш ирмелте сахна артына каалгый кирип кеткен Айганыш–Койсун көпчүлүктүн ушул каармандарды дагы бир көрсөк деген көксөөсүнө милте чагып коёт. Спектакль аяктаар замат концерт башталып, баягы үлпүлдөгөн Канышайым – Койсун эми кубулжута ырдап, сахнада кулпуруп турду. Ага удаа чыгып, «Марусяны» ырдап, куудул кыймылдары менен күлкү чачып, аягынан учкун чачыраткансып тарсылдата бийлеп кеткен Сейитказы көрөрмандарды ого бетер дуулдатты.

– Азыр, жубайлар Койсун Карасартова менен Сейитказы Андабековдун аткаруусунда «Сулуу кыз» аттуу дуэтти угасыздар. Арийне элдик оригиналдуу маңызы, кайрыктарынын жандуулугу, уккулуктуулугу менен өнөрпоздордун шыгын элирткен бул ырды аткарган соң, көрөрмандардын береги кош жылдыздай жайнап турган жаш



күйөө-келиндин ушул сахнада ырдап эле тура беришине каалоосу ого бетер күчөдү. Жумамүдүн Шералиевдин обону боюнча «Жүрөгүмдө паанайым», «Паравоз», казак эл ыры «Кыз жигитти» көрөрман тамшангыдай аткарган Сейитказы менен Койсунду эл дагы эле коё бергиси жок. Күүлдөтө кол чаап аткандар, көбүн эсе баштары бириге калып, өз ара каниеттене сөз кылышууда.

– Экөөнүн эгиз козудай болуп жарашканын көр.
– Бали-и, издешпей табышыптыр экөө…
– Ылайым бактылуу болушуп тилектерине жетишсин!…

Ошол 1948-жылдан баштап Койсун, Сейитказы экөө жамы журтка ажырашкыс өнөрпоз жубайлар катары таанылып, билинди. Ошонун өзү менен журтчулуктун урматына, ичи жылый каалап туруучу сүйгүнчүгүнө айланышты. Тигинтип элдин алкышы да экөөнө бирдей багышталып атты… Ошондон баштап Тяньшань театрынын шаңы алдында, жамы кыргыз жергесинде бул эки жаш, тубаса таланттардын жылдызы кошоктошо, жанаша жанып чыкты. Ал жылдыздар жергебиздин айыл кыштактарында, шаарларында, тоо арасындагы жылга-жыбыттарда, талаачылыктан эс алуучу саябандарда жанган бойдон келатканына жакын жарым кылым болду.

Сейитказы менен Койсун баш кошкону, бул сүймөнчүктүү эки жашка үй-жай таап берүү жагын да театр жамааты создуктурган жок. Болжолу ошол кыркынчы жылдары адамдардын ниети ак, пейли таза, адил болушкан го.

Эмнеси болсо да, бүтүндөй жыйырманчы кылым бою, бир кылым Тяньшань театрындагы ар кайсы муундагы үйү жокторго башпаанек болуп келген, жатакана түрүндөгү узун тамдын эки бөлмөсүнө театр жамааты Койсун менен Сейитказыны киргизишти. Ак дилдеги ырым жөрөлгөсүн чогулуп жасашты. Азыр ойлосок, ошондо эле театр жамааты бул эки жаштын келечегинен көптү үмүт этип алар эл ишеничин актасын деп кам көрүп, ага көздөрү жетип, улуулук наркы менен аздектешкендей, эки жашты… Же, экөө тең, дүйнөсү назик адамдар ого бетер жабыгып, жылдызы өчүп өнөр сересин таштап кетет беле?.. Анда кыргыз театр санааты, ыр-бий өнөрү

бул мезгилдеги эки бирдей чырактай өнөрпоздорунан ажырап орду толгус жоготууга учурамак.

Алгачкы чогуу жашаган күндөрү, Сейитказы Койсундан согуш мезгилиндеги театрдын жамаатынын турмушун көп сурап жүрдү. Койсун анын баарын майда чүйдөсүнө чейин калтырбай Сейитказыга кызык кылып айтып берүүчү...

– Билесиңби?... Анда биз айылдан айылга дээрлик жөө кыдырчубуз. Согушуң кургур жада калса чарбадагы жылкыларды да, элдеги анча-мынча тыңыраак мингичтерди да жыйып кетчү тура көрсө. Баарынан кызыгы, так ошол кыйын кезеңде элдин пейли кенен, боорукер келип, айрыкча биз, артисттер көтөрүнчөктөрүбүз менен ээрчишип чиркешип келатсак, бизди көрө койгондордон бирди жарым ат көлүгү барлар, эшекчендер да ээрден кулап түшүп унаасын бизге мингизгенче шашылчу... Эр азаматтар эл четинде кыл чайнап душман менен кырчылдашып согушуп жүргөн азаптуу күндөрдө тылдын оор жүгүн аркалаган элдин көңүл шаабайын кантип аздектеп жүргөндөрүнүн майда-чүйдөсүнөн бери Койсун Сейитказыга таржымакалдап берүүчү. Койсун канча миңдеген чакырымдарды ушинтип жөө-жалаңдап басып өткөнүн, согуш азабына мууналып турган жаш-карынын көңүл отун кантип тутантып, сезимдеринде улуу үмүттүн, эртеңки жеңиш менен жарк этип кирип келүүчү жакшылыктын учкунун кандай жандырып келгенин эч ким, эч качан эсеп-кысаптай албасын ошондо Сейитказы туйган, Койсундун башынан өткөндөрүнүн кылдайын калтырбай кабардар болушу, Сейитказынын жаш жарына болгон ишеничин, арзуусун арттырды. Жубайлардын арасында кымындай көлөкө болбошуна өбөлгө болду.

Айтоор, бул эки жаштын ошол кездеги алгачкы жашоосу, булутсуз ачык түндө чексиз асман ааламында жымындаган жылдыздарды элестетчү байкаганга...

Ошентип 1949-жылы 11-майда Нарын театры жабылып артисттер туш-тушка чилче таркады. Айтылуу Абдыкалый Темиров – Кыргыз филармониясына, Асек Жумабаев, Жумаш Сыдыкбекова баш болгон бир тобу Пржевалскийдеги театрга кетишти. Өңдүү түстүү, ары ар нерсеге эптүү Балчакова Турсун кандайдыр эбепке-себеп жагдайлар менен партиялык



лөктөрдүн көз кырында жүргөнбү, ал партиялык мектепке окууга илешип кетти. Кийин аны бүтүп келген соң Куланактагы райкомдун катчысы болуп иштеп турду. Баамдаган чыгарсыз окурман, биздин башкы каарман Сейитказы Андабековдун алгач көз ачып көргөн биринчи аялы, Нарын театрынын дагы бир айтылуу артисти, ырчы Турсун Балчакова антип партиялык кызматта жүрүп, кийин ооруп кайтыш болгон экен. «Турсун ыракматы болгур, өзү татынакай, сүйлөсө оозунда сөзү бар, кубулжута ырдап турганда жаман эркектин эсин тандырчу жалжал көзү бар эле» дешип эскеришет, ал өнөрпозду жакшы билген кесиптештери. Мүмкүн театр жабылбаса ал сулуу актриса бийликтеги мансапкор эркектердин арасынан аздыр-көптүр оолак болуп, сахнада узак өмүр сүрүп, улуттук театр искусствобузга унутулгус из калтырчу инсан болуп чыга келер беле ким билет?!..

Асыресе, кудай жалгап өнөр толкуган дайрага, ташты жарып чыгып оргуган булакка окшош экен, бу сапар да Нарындын жалгыз искусство очогунун түндүгү жабылып, туурдугу тартылып турса да өнөр дымып калган жок. Театр жабылып баягы бакандай артисттердин өзү эмес, караандары көрүнбөй калса деле, береги Аламышыктын кууш капчыгайындагы шаарчанын элинин көзүнө чок ортодогу театрдын имараты ысык көрүнөт. Дагы эле өнөргө болгон чаңкоосу жалгыз ошерден канчудай сезилет, ошерге имерилип өткүсү келет адамдар... Арийне маданият үйү болуп калган соң ал жерде кезек-кезеги менен оюн-зоок кечелери өтүлүп калат. Анда өнөргө чаңкап турган эл Андабеков менен Карасартованын ыр, бийин, Аялдаров Мамыттын, Самаков Жусуптун өнөрүн көрүп, угууну эңсеп жыйылып келет... Баякы, театрдын өмүр сүрбөй калышына көңүл кош гана ныксырап койгон райком, обкомдор эми алдыларына «калкты маданий жактан жактан тейлөөнү жакшыртабыз» деген ач кыйкырык куу сүрөөн ураан коюп алышып, мына ушул бир ууч өнөрпоздордон турган топту, ал-жайына, турмуш акыбалына карабай, ысык-суук дебей, күн-түндү билбей кыштоо, жайлоого сүрмө топко салып кубаламайга өткөн ал учурда.

Арийне, өнөрпоздун эл арасында болгону жакшы го.

Алар деле адатта ошону эңсеп турат. Бирок, аздыр-көптүр салт санаасы түптөлүп калган театры жабылган соң, жат босогого сагалаган жетим балдардай болуп маданият кызматкерлеринин тобуна кирип калган артисттердин ошентип талаа-түздөп шайдоот жүрүүчү шарты, моралдык жагдайы бар беле?.. Тескерисинче, маданият кызматкерлеринин жалыйнасы айына 40-50 сомго жетсе жетет, жетпесе жок. А береги, «элди маданий жактан катыра тейлеп жатабыз» деп жалган отчетту бере салып, аптапта суу жээгинде, аяздуу күнү жасалгалуу жылуу үйдө, кой көздөн кербездене сунулган чөйчөк алып сайрандаган партиялык-советтик «кеменгерлер» кийими бүтүн, карды ток, керт башынын же кутурган эрке баласынын, тууган-туушканынын көпкөндөн күткөн «күйүтү» болбосо, көңүлүндө башка кымындай кайгысы жок чардап жүрүштү... Ушул шартта да чым дебей өз милдетин өтөп жүргөн өнөр ээлерине таазим эттирчү бир жагдай - ошол алдамчы «тең замандын» кордугун тартып турушса да, ошол кездеги ыкшыбоздордун ыймандуулугу, акчага, таңсык буюмга, байлыкка жулкунуп напси агытпай кандайдыр топуктуу, каниеттүү жүрүшүндө жаткан.

Мисалы, Сейитказы аба менен Койсун эже бүгүнкү эскерүүлөрүнө «ал кезде биз кубалап артынан түшүп акча алуу, эсептешүү менен деле ишибиз жок, ведумус салыштыруу дегенди деле билчү эмеспиз. Кээде гана, мобу баланчага, түкүнчөдө кеткен акчага кол коюп койгула десе, анысын карап олтурбай шарт кол коё салып баса берчүбүз» деп калышат. Мында кандайдыр бир чындык жатканында шек жок. Себеби, көөдөнүндө ышкысы туйлаган, нукура өнөрпоз адам, көбүнесе ошол өнөрүн элге тартуулаганына эле ыраазы болуп жүрө берет окшобойбу. Айрыкча жаш чакта... Буга, мен өзүм алгач аккомпаниатор катары аккордеон ойноп бала кезден сахнага чыга калып жүргөндө да, кийин мектепти аяктап Талас элдик театрында азыноолак иштеп калганда да, институтта окуп жүрүп Ош шаардык I маданият үйүндө кыргыз өнөрпоздор тобун жетектеп жүргөндө да бир нече ирет жеке практикамдан улам ынангам. Алайлык кыз Чотурова Зумурат, Ноокенттик Минаш аттуу кыз Карасуулук Токон Эшпаев азыр экөө чогуу турмуш курган жубайлар, баарыбыз чогуу иштеп, оюн коёбуз.



Жалыйна суроо менен деле ишибиз жок. Кээде гана колубузга канча берсе, эмне берсе алабыз да. Оюндан түшкөн каражаттын чып-чыргасын коротпой маданият үйүнүн кассасына төгүп бере салчубуз. Эмнеси болсо да биздин өз башыбыздан кечирген ошол учур, сахнага чыкканыбызга, тек курсактын тогуна кайыл болуп, түштүктүн пахтачылары менен малчыларын, данчылары менен кенчилерин ыр-бийге кандырганыбызга эле ыраазы болуп чуркап жүргөн учурларымды эстегенде, Сейитказы аба менен Койсун эженин жогорудагы каниеттүү, топуктуу өнөрпоздун насилдеринин ырастыгын бөркүмдөй эле көрөм. Ал өнөрпоздордун жаш чактагы баскан изи, кылган ишинин баасы, маңызы мына ошоносу менен бийик да, ыйык да экенине ишенем. Ошентип, акча дүйнө менен иши жок Сейитказы менен Койсун ал жылдардын бир күнү Соңкөлдүн малчыларын кезектеги маданий тейлөөгө жол тартышат.

1948-жылдын жай айлары... Сейитказы менен Койсундун тун уулу Кубанычбек кызыл эм. Жакын арада сапарга чыгарын билген Койсун уулун бир жарым ай эмизгенден кийин эле эмчектен чыгарууга аракеттенип, ушул кезде эмчеги шишип ооруп, жаны көзүнө көрүнүп, жаш келин келатты Сөңкөлдөгү малчыларды көздөй, алдына бешигин өңөрүп. Сейитказы адатынча оюн койчулардын тобунун аспаптары, буюм тайымы жүктөлгөн атты жетелеп артта... Кеч бешимде Соңкөлдүн башына жете барышып оюн коюп калышты. Койсун алгачкылардан болуп көшөгө алдына кетти... Аңгыча алып баруучу келип уулу Кубанычбекти алып олтурган Сейитказыны шаштырып калды.

– Бол кокуй, азыр сени чыгат деп жарыялайм!.. Сейитказы калдаңдап уулун ары-бери бешикке таңа салган болуп эл алдына чыга жөнөдү. Сейитказы, Койсун экөө ыр-бийин аяктап көшөгө артына киришсе, бригадир Жусуп Самаков бешикти айланчыктап карап туруптур.

– Ой жолуңар болгурлар десе, – деп кейип калды ал киши.

– Эмне болуп кетти?.. Берки экөө суроолуу карашты кесиптешин.

– Баланы эмне тескери бөлөп салгансыңар бешикке?..

Экөө байкашса, жана сахнага шашып аткан Сейитказы уйкуда жаткан баласын бешикке баш-аягы кылып таңып кетиптир. Муну көргөн өнөрпоздордун баары ыраан катка түшүп калышты…

Ошол сапарда жүргөндө Койсун жайсыз түш көрөт. Сейитказыны ойготуп түшүн ортого салып кабатырланат.

– Кудай ургандыкы, баякы дом культуранын кампасын бекер алган окшойм. Биз минтип талаа-түздө жүргөндө, аердеги кымбат буюмдар жоголсо таза уят болобуз го?..

– Кудай сактасын, эмнеси болсо да барганда көрөбүз да. Андан көрө бала уктап жатканда өзүң да эс алып ал. Келинчегин жубаткан анда Сейитказы.

Сапардан кайтып келишер замат Койсун тээ баягыда театр жабылганда эле өзүнө тапшырылган кампанын эшик терезесинин, ичинин амандыгын көрүп келмек болуп театрга жөнөйт. Кампаны ачып караса эле баягы толгон-токой кийим-кечек, сахна жасалгаларынан дайыны жок. Курманбек менен Айганыштын макмалдан, баркыттан, тукабадан тигилген кемсел, чепкендери, шайы көйнөктөрү. «Кара туман» спектаклиндеги советтик жоокерлер кийүүчү жып-жылуу, жап-жаңы, апакай тондор, кайыш өтүктөр… Койчу, не бир кийим-кечек, бутафориялык кооз буюм-тайым, күмүш жабылган, алтын жалатылган, кымбат баалуу жылтыр-жултурлар тагылган сахна кийимдеринен ныпым эч нерсе калган эмес.

Баякыда булар Соңкөлгө жөнөп атканда маданият үйүнүн директору Сокей Сатыбалдиева Койсунду чакырып алып «силер Соңкөлдө жүргөндө маданият үйүндө оюн-зоок өтүп калса концерттик кийим-кечек, буюм-тайым издеп калбайлы, ачкычты мага таштап кет» дейт. Кокус бир нерсе жоголсо кантем деп кыйылган жаш келинди Сокей жылоодон ала «Кантет мага ишенбейсиңби?…» деп туруп алат. Илгертеден чогуу иштеп келаткан кесиптешин өзүндөй көрүп жаш келин Койсун кампанын ачкычын Сокейге тапшырып коюп кете берет. Келиндеги көрүнүш болсо бул… Ал камырабай «а, ал буюмдар тиги мекемеге, бу мекемеге, мектептерге таркатылып берилген» деп коет.

Анда актысын берсеңер?… Мен кампаны өткөрүп берейин…

– О-о, жо–о-ок катыгүн. Эч кандай акти-пактисиз эле



таркатып бергенбиз. А сен болсо ансыз деле кампанын жоопкерчилигинен бошсуң, камырабай эле кой…

Эмнеси болсо да ошол 1948-жылдын жай айларында канча миндеген сомдук мамлекеттик каражатка топтолгон театрдын буюм-тайымынын изи дайынсыз сууган. Мындай жоопкерсиздик таламай, тилекке каршы ошол Нарын театрынын жабылышындагы гана окуя эмес. Дегеле ошол Тяньшань багытындагы мекеме–ишканаларындагы чарбасыздыктын, жоопкерсиздиктин мүнөздүү көрүнүшү экенине мен өзүм да 1972-86-жылдары маданият министрлигинин, Элдик контролдоо комитетинин, Министрлер Советинин, партиянын Борбордук Комитетинин тапшыруусу боюнча текшерип барчуда көп жолу көзүм жеткен. Бул жерде, баарынан өкүнүчтүүсү тек гана чарбасыздыкта, талап-тономойдо да эмес. Бир бакандай театрдын изи сууп, далай руханий шаңдын шамын жагуучу дөөлөттүн чачылышына, далай чыгармачыл тагдырлардын чайналышында, аларды белгилүү бир убакка чейин тигинтип темселетип, ар кайсы жакка чарпылтып салганында… Арийне, көңүлкоштук – коомдун нааданчылыгы эле катары бааланчу көрүнүш экенинде шек жок.

## АРАБӨК КЕЗДИН КЕРМЕК ДААМЫ

Адатта, кыргыз баласы, кими болбосун, кайда жүрбөсүн туулуп өскөн айылынан дегеле кол үзгүсү келбейт. Нукура кыргызды киндик каны тамган жерден аргасыздан ажыратып коюучу үч кана жагдай барбы дейм, биздин заманда.

Биринчиси – таланттуу өнөрү, илим билими, кесиби же мамлекет тапшырган жооптуу кызматы боюнча талаалап, жергебиздин кайсы бир бурчунда иштен бошобой жүрөт. Шарты келип, колу кичине бошой калса, алган жары жатыркабаган жанбирге болсо, кыргыз уулу ар качан көзүнөн учкан ата журтуна бир шуулдап жетип келип, туулган жерине тооп кылбай койбойт.

Экинчи жагдайда – башы жаман болсо эли тентийт болуп керт башынан жеке кара чөнтөгүнүн камын көргөн

жетекчи, билерман сөрөйлөр, түркүн түрдүү кесиби, өнөрү, эмгеги менен туулган жерин гүлдөтүп, көркөмдөп алуучу атуулдарынын кудуретин, табитин, мүмкүнчүлүгүн сезип, баалап, пайдалана албай, айыл инфраструктурасын ошол элинин кызыкчылыгына кызмат кылгыдай өнүктүрүп, калкынын турмушуна кам көрбөй, чарбаны жакырлантып, элин да итке мингизип салат. Андайда, акактай акылын, тепсе темир үзгөн күчүн кайда жумшаарын биле албай карайлаган эмгекчи, же эмгегинин акысын чеке жылытып ала албаса, не көөнүн кубантып аралап басайын десе айлынын кунары учуп турса, аргасыздан айылынан алыстап адамча жашап, адамча иштей турган жактарга бет албай коёбу?...

Үчүнчү жагдай – көп учурларда ата-бабабыздын не бир асыл салттарын, нарктарын унута жаздап, ал эмес жерип ийип, бизди коммунизмге жеткирет деген соцреализмди, анын идеологиясын жылаңач догматикага айланткан парттөбөлдөр түпкү маңызында адам теңдигин көздөгөн ыйык тилектерди көксөгөн социализмди, мажес, жан серек, сатылма социализмге айлантып ийип 1990-жылдардагы коомдук катаклизмаларга, башаламандыктардын аңгегине алып келип уруп салганында. Натыйжада, калкыбыздын экономикалык гана эмес рухий ички дүйнөсү, адеп-ахлагы, ыйманынын упурап урашына дуушарландык. Кечээ эле кандай кыйын кезең болбосун ууртам суу, сындырым нанды тең бөлүштүрүп жешке даяр, бири-бирине өбөк, жөлөк болушка ынтызар коңшу-колоң, ал гана эмес бир туугандардын арасы сууп, тымызын биринин жулугун бири аңдып, ууру-кески күч алып, ичкен тамагына тең боло албай өз ара ажылдашып көңүл иренжитишип, кыргызымдын жаңы торолуп келаткан уул-кыздарынын ички дүйнөсү таза, назик деген кыйла уул, кызы ыйман учкан айылынан алыстагандан алыстап баратты,

Айтса айтпаса төгүнбү, 1990-жылдардагы бул кырдаалдын чирик-уругу тээ баягы 40-жылдардын аягында эле, жанакы биз эскерип өткөн жанбагар эл башчыларынын кемпайлыгынан улам таркаган.

Арийне, коомду кандай гана аласалдырган кырдаал болбосун, айныксыз талантты, айтылуу өнөрдү элеттин же шаар менен кыштактын бир көчөсүнө камап, думуктуруп коё



алган эмес эч ким. Канчалык өсүп өнгөн айылың, же дыйкан чарбасы, күтүрөгөн фермер болбосун СССРдин да Көз каранды эмес мамлекеттер шериктештигинин *КМШНын* да тушунда тээ байыркы 17-18-кылымдардагы Улуу Британиянын лорддору менен орус вельможа, князьдарынча камералык-үй театрындай кылып өз алдынча профессионал театр ачып коё албайт. Демек, 1945-жылы Нарын театрын жоё салып, Тяньшань аймагынын таланттуу уул-кыздарын самсытып таратканда, Теңиртоолуктарды талант ажарын ачып туруучу очоксуз калтырып көп жаштарын айылынан алысташка дуушарланткан. Тек, илгерки феодалдык да, социалисттик доордо да мүлдө Кыргыз жерин аралап калкынын кашында жүрчү Токтогул, Атай, Алымкул, Жеңижок, Осмонкулдарча эл арасында болоюн десе, Сейитказы менен Койсундун али жаштыгы, чыгармачылыгынын масштабы, анан калса заманынын шарттары да ылайык келбейт. Ошондуктан, театр жабылар замат «кел бери» деп тартып турган тиги Атбашысына кетип калалы деп да далай оолуккан Сейитказы менен Койсун. Бирок, ышкыбоз көөнүнө жылуулук чачып, эски малдын көзүндөй болуп турган Нарындагы театрдын имаратынан алыстай алышпай, чаркабында айланып, биягы Каракужур, Соңкөл, тиягы Аксай, Арпаны жайлап, кыштаган Теңиртоонун малчылары менен, дыйкандарын тейлеп жүрө беришти. Албетте, баягыдай профессионал театрдын деңгээлиндеги кадыр-барк менен болбосо да, демилгечил көркөм чыгармачыл топ сымал, бирок жеке-жеке өзүлөрүнө таандык табигый таланттарынын, ыкшыбоздугунун, чеберчилигинин, жаш да болсо Теңиртоо аймагынын калкына таанылып калгандыгынын кадыр баркы менен, бара калган жерде буйруган урмат менен тосулуп алынып жүрүштү, өнөрпоз жубайлар.

Кантсе да демилгечил артисттер сымал келген аларга, баягы Анвар Куттубаев, же Шамшы Түмөнбаевди, жадагалса кийин чыккан Асек Жумабаев менен Абдыкалый Темировдорду кадырлап күткөндөй мамиле кандай? Айрыкча айрым райондук, чарбалык түркөй аткаминерлер үстү жактан тиктешип, «Бу ким» дегенчелик салкын мамиле кылганда кандай гана өнөрпоз болбосун сезбей, ыза болбой койбойт.

Себеби нукура өнөрпоз өз кудуретиндеги өнөрдү калкына канчалык сезимине жеткире тартуулай алса, ал ошончолук тышкы дүйнөнү, өзүнө болгон мамилени да кабылдоосу курч, назик, жука келет. Мына ошол назиктик менен Сейитказы, Койсун экөө өз бет алдынча эл аралап калгандагы абалдары менен, 1950-жылы Мидин Алыбаевдер менен чогуу Соңкөлдө бир айдай чогуу жүргөндөгү кырдаалдардын, айрмачылыктардын ачуу-таттуусун сезип, башынан кечиришти. Ошол назиктик, сезимталдык менен, профессионал театрда иштөө менен, жансерек күн көргөн шаардык маданият үйүндө иштөөнүн, тагыраак айтканда айтканда күн көрүүнүн айырмачылыктарын сезишти, башынан кечиришти… Арийне, жубайлар бул жылдары жөө жалаңдыктын, ачка-токтун, көөдөндөрү көтөрүлө баштаган адамзатынын пенделигинин азабын демейдегиден көбүрөөк, оорураак көтөрүштү. Жок, бая илгеркидей жокчулуктан эмес, тескерисинче ат коштотуп оолжуп бараткан бышыктардын, унаа таппай көзү чачырап турган өнөрпоздорду көрмөксөн болуп өтүп кеткенинен, көөдөнү сокур, көрөңгөсү топурлардын карды тойгонуна кырданып, өнөрээсинин сезимтал дүйнөсүн иренжиткенинен көңүлдөрү ооруду… Баягыда, театрдын атынан келишчүдө, чечекейи чеч болуп турган «обкомубу», же «райкомубу» «тиги артисттерди, театр артисттерин жакшылап күтүп койгула» деп коюшунун ыраатынан мурда шооратына ыраазы болуучу таланттар, эми кайсы бир аткаминердин, нарытада тиштери тишине тийбей үшүп, ачкадан карыны кулдурап турган «культуранын балдарын» “кана, биз тамак ичкенче ырдап бергиле да, анан малчыларга барып ырдагыла,” деп күпүлдөгөнүнө ичтери сыйрылды…

Андан тышкары, таланттуу жаш жубайларды тумсактантып муунткан дагы бир нерсе-ичтен кытыгылап турган табигый дараметтерин баягы театрдагыдай кайрап, бүлөп, ого бетер шыктандырып жалындатып ийчү чыныгы чыгармачылык кырдаалдын жоктугу менен улам бир бийиктикке жетелеп, арылата түртүп туруучу адистин, көркөм өнөр боюнча билимдүү адистин кеп-кеңеши жетишпей жүрдү ышкыбоздорго.

Деген менен, Сейитказы менен Койсунду Нарын театры



жабылган кезден баштап эле, мурдагы кесиптештери Караколдогу (Пржевалдагы) театрга келгиле деп байма-бай айтып да, айттырып да жүрүшкөн. Ушу Нарында туруп эки ашуу ашып анан жетишсе да кадимкидей жакын сезилген Атбашыдагы айылынан алыстагысы келбеген кыргыздын бул уул - келини ары толгонуп, бери толгонуп бир чечимге келе албай жүрүшкөн. Кете берели, тиги көл кылаасына десе айылдагы эжесинин колундагы эки жаш баланы, азыноолак мал-кел, там-таш дегенди ойлоп кылчакташат. Жок ушинтип жүрө берели дешсе Кудай таала берген таланты, өнөрлөрү өксүп, акырында барып өчүп калчудай кооптонтот. Ичтен булакча оргуштап турган ышкы тынчтык бербей түйшөлдүрөт, санаага салат кээде кадимкидей…

Арадан эки жыл өткөн соң 1951-жылы кыргыз ССРнин маданият министрининин орунбасары Түлөн Турганбаеванын, С. Андабеков менен Карасартованын Пржевальск театрына которуу жөнүндөгү буйругу чыгып, жубайларга көчүп конуу каражаты (подъемный) төлөнүп, өнөрпоз эки жаш кайрадан профессионал театрынын өнөр секисине чыгышты.

Мына, көл кылаасында кучак жая тосуп алган кесиптештери, алардын арасында мурда бул экөө көрүп биле элек, театрдык билимге каныккан жаш актерлор, режиссер… Кечээ арабөк калган күндөрдүн кермек даамынан кутулганга кубанган жубайлар театр өнөрүнө кайрадан баш оту менен киришти.

Сейитказы Пржевальск театрына келгенден баштап Т.Абдымомуновдун «Ашырбайынан» - Курмандын, К.Жантөшевдин «Курманбегинен» - Аккандын, «Жаңыл Мырза» спектаклинен – Чагырдын, казак драматургиясынан алынып коюлган «Күнүчүлүк» спектаклинде – Күпсөрбайдын образдарын жаратып, театр өнөр жанрына тереңдеп сүңгүп кире баштады. Ошол учурда, Ташкенттеги театралдык институттун бүтүрүүчүсү Жалил Абдыкадыров келип, Каракол театрында Ш. Бейшеналиевдин «Уядан учкандар» аттуу пьесасын коюп калды. Бул спектакль эртеңки жаш режиссерлордун дипломдук спектакли болчу. «Уядан учкандарда» Сейитказы, өз башынан чала-була, учкундай жылт эттирип өткөрүп ийген учуруна кайрылды. Жаш актерго

студенттин ролу ыйгарылды. Чындап келгенде Сейитказынын Нарындагы педагогикалык окуу жайында окуган учурун, тиги чоң шаарлардагы кинотеатрларынан баш айланган, китепканалардын көптүгүнөн окуу залдарын тандап лекцияга даярданган, кечкурун бий аянттарынын чаңын чыгарган студенттик турмуш менен салыштырып болбойт. Антсе да, режиссер, Сейитказынын табигатындагы тубаса жөндөмдү, зиректикти, талбаган умтулууну көрүп, сезе билип ага бул жооптуу ролду тапшырды. Студент Сейитказы-Кадыр репетициянын алгачкы күндөрүндө эле режиссердун ишеничин актаарын сездирди. Мүмкүн Сейитказынын студентинин калыптанышына, баякы Сейитказы – тракторчу Акмат менен Сейитказы – студенттин арасындагы аралык, контраст, айылдык бозойдун турмушунан, шаардык студенттин турмушуна кадам таштоого болгон кызыкчылык өбөлгө болдубу, айтор Сейитказы-Кадыр «Уядан учкандар» спектаклинин данектүү келбеттеринин бири болуп чыга келди…

Жубайлардын Пржевал театрындагы өнөр сересинде иштеп жүргөндө дагы бир эсте калуучу эпизоду, бул Макаеноктун «Кечирип коюңуз» аттуу спектаклиндеги экөө жанаша жүрүп жараткан образдары. Анда Сейитказы даярдоо министирлигинин өкүлү Мошкиндин, ал эми Койсун болсо Леня деген жаш баланын ролун жараткан. Ошол кезде уулу Турусбек Койсун эженин боюнда экен. Күрмөнүн ичинен курсагын бек кыса жоолук менен курчап алып, чимирик атып чуркап жүргөн эбелектей жаш баланын ролун чыгаруу кош кабат жаш зайып үчүн кандай экенин ойлоп көрүңүзчү?.. Дегинкиси, сахнада ушул өспүрүмдүн келбетин жаратуунун өзү эле Койсун эженин чыгармачылык палитрасынын кеңдигин, сахна өнөрү үчүн керт башынан, жүрөк астында жашай баштаган наристесинин саламатчылыгына доо кетирип алам деп коркпой бой таштаган азаматтыгын айгинелейт. Болбосо, баарыбызга жакшы маалым артисттик турмушта мындай батырдыкты коелу, өткөн түндө көп ичип башы ооругандан үтүрөңдөп, же жөн эле ыргыштаган кыял көрсөтүүсүн өнөр көргөн айрым актрисаларыбыз үчүн, мындай аялзат азаматтыгы түшкө кирбөөчү жагдай экени жалганбы?!..



Жубайлар бул театрда, келечектин чыгаан режиссеру Жалил Абдыкадыров койгон К. Эшмамбетовдун «Эгиз бала», "Курманбек" жана башка көп спектаклдерде башкы ролдорду аткарууга, не бир ишенимдерге татып, эсте каларлык далай образдарды жаратып, өнөр сересинин улам жаңы тепкичтеринин, биринин артынан экинчисин басып өтүп келишти. Айрыкча «Эгиз балада» Сейитказы – Зарлык, Койсун – Мундук көрөрмандарын гана эмес, кесиптештерин да кыйлага тамшандырганын ушул күндө да эскерип жүргөндөр аз эмес.

– Сейитказы ага, - деди бир күнү кезектеги репетициядан кийинки тыныгууда баш режиссер Жалил Абдыкадыров. – Сиздин каармандын табигый сырткы турпаты куп келишти. Бирок театрдык ички маңыздар, ничке кылдаттыктар жакшы ачылбай жаткандай. Аттиң ай!.. Чоң табигый талантыңыз бар. Эгер театр искусствосунун теориялык сырын өздөштүргөн билимиңиз болгондо, укмуш болмок…

– Ой, Жаке. Эми бизге кайдагы билим. Өзүң билесиң жаш аялметчилик. Жашыбыз да удургуп өтүп бaратат. Менин ролум чыкпай жатса башка актерго берелик. Мен таарынбайм. Сейитказы өзүнө таандык жөнөкөйлүк, ачыктык менен кайрылды жаш режиссерго.

– Ж-о-о-к. жок, – Чечкиндүү каршы чыкты режиссер. Ролуңуз сонун эле келе жатат. Тек убагында театрдык билим алып алганыңызда мындан да сонун чыкмак дегеним. Сиз жараткан образдар өтө оригиналдуу жана табигый чыгып жатканында шек жок. Демек бул ролду сиз гана чыгарасыз. Бирок, сизден бир өтүнөрүм, эгер убактыңыз болсо китепканадан мына бул китептерди алып окуп көрүңүз. Жалил Абдыкадыров Сейитказыга бир нече китептердин тизмесин сунду.

– Пьесаны окуганда сиз ролду жакшы түшүнүп, каармандарыңыздын милдетин мыкты өздөштүрүп атасыз. Бирок бул адабий китептерди окуп чыксаңыз, сиз аткарчу каармандын дүйнөсүнө сүңгүп, жаңы таасирлерди табасыз. Сиз алар менен сүйлөшкөндөй болосуз. Режиссер, актерго айрым пьесалардын доорун, кээде пьесанын адабий оригиналын - повестин, романын окуп чыгууну сунуштоочу. Кийин соң,

жумуриятыбыздын театр искусствосун өнүктүрүүдө далай албан иштердин башында турган ал талантуу режиссер Жалил Абдыкадыров, ушинтип өз учурунда, жаш адис учурунда, кыргыздын Сейитказыдай дагы бир талантуу уулун театр илимин сырттан окуп үйрөнгүдөй далалат жасаган. Пржевал театрында иштеп жүргөндө Сейитказы менен Койсундун концерттик-эстрадалык ишмердиги дагы бир тепкичке көтөрүлдү. Ошол жылдары Кыргызстанга гастроль менен келип калган казак артисттеринин репертуарынан жубайлар «Паравоз», «Кыздар ай» деген ырлардын аткарылганын көрүп, бул чыгармаларга өтө кызыгып калышат. Сейитказы атайын Алматыга барып бул чыгармалардын текстинин так вариантын, обонунун ырдалышын үйрөнүп кайтат. Уйгур элинин «Кашкар кызына», «Алмукан» аттуу ырларын да үйрөнүп, ийни башын былкылдата, сезимге от чача дүргүткөн шык, чеберчилик менен ырдап бийлеп, күн санап чыгармачылыгынын алкагын кеңейтип, репертуарын оригиналдуу чыгармалар менен толуктаган. Бул мезгилде Койсундун репертуары казак эл ыры «Той бастар», «Кыз күү» деген ырлар менен байытылып, ырчы келиндин жаңы ырлары улам жаңы угармандарды кызыктырып, көпчүлүктүн жүрөгүнөн түнөк таап келе жатты. Жубайлар так ошол Пржевал театрында чыгармачылык изденүүнүн түйшүгүндө жүрүп, өзүлөрүнүн концерттик номерлерине кызыктуу жаңы боёк сүртүүчү дагы бир ырашкер чыгармачыл адамды жолуктурушат. Театрда Кожокеев Айдар аттуу өнөрпоз бар эле. Ал, жыгачтын бетин ийип жасалган алкакка, эчкинин терисин ийине жеткире ийлеп, кургатып тартып-керип чилдирман жасап алганга уста эле... Кыргыздын маданият, искусство очокторун ар кайсы улуттук музыкалык аспабы менен жабдуу ал учурда эч кимдин да түшүнө кирчү эмес.

Демек, өзбек, тажик, уйгур, кавказдардагы же түндүктөгү аймактардын элдери гана пайдалануучу аземи урма аспаптарды маданият министирлигинин жабдуучулары алып келип берет деп күтүп олтурбай, тигинтип өзү колго жасап ала коюп, Сейитказы менен Койсун биргелешип аткаруучу «Анжиян полкасы» сыяктуу бийлерди, «Күкүк», «Кыздар ай» сыяктуу тамашалуу дуэттерди коштоп ажарын ачуучу,



чилдирманчы Кожобеков Айдар. Айдардын бул көмөгү Сейитказы менен Койсундай кесиптештеринин өнөрүнөн шык алып, ошого жетине албай, ага өз чыгармачылык шарапатын тийгизүүгө бар дили менен умтулган дилгир адамдын гана колунан келчү өрнөк экендиги талашсыз. Тилекке каршы, элибиз канчалык өнөр жандуу калк болсо да бул Кожобеков Айдар сыяктуу, өнөрпоз десек өнөрпоз, уста десек уста, өз жамаатынын чыгармачылык ийгилиги үчүн кол жоорутуп, көз майынан кечип, жоктон бар кылып аспап жасап, акысыз иш аткарып демилге көрсөтчү инсандарыбыз барган сайын өтө сейректеп баратат. Айрыкча, профессионалдык театрдык жамааттардан дүңк этип аты чыккан мындай чыгармачыл – уста адамдар дайыны дээрлик жокко эсе...

...Каракол тарап, өзү казак агайындарга танапташ эмеспи. Ошондон уламбы Сейитказы, Койсун экөө Алмата областындагы боордош көрөрмандарга тез эле таанымал болуп келишти, ушул жылдары. Айрыкча Казакстандагы Чун-Жа, Жанкент, Талгар, Челек оодандарындагы, уйгур калкы басымдуу көпчүлүк жашаган жерлерде, бул жубайлар кошулуп барган артисттердин бригадаларын ар бир айылга эки-үч күндөп кондуруп, өнөргө канмайынча жиберишчү эмес. Бул жөнүндө, театрга кирди-чыкты иштеп кеткен артисттердин бири кийинчерээк минтип эскерген экен.

– «Бир жылы кыдырып жүргөнбүз. Бая жолго чыкканда эле артисттер азыр Челекке жетебиз, Сепеңдин айылына жетебиз деп келаткан, бу Сейитказынын атбашылык дечү эмесбеле, көрсө казак турбайбы деп ойлоп койгом, Аңгыча ошо Челек деген оодaнга жетип бардык. Биздин келатканыбызды мурда эле угушканбы, айылдын орто ченинде жоон топ киши туруптур топтолушуп. Биз жакындаганда эле үчөө-төртөө кучак жая утурлай басып.

– Ба-ай, өзүмиздин Сепа-а-а-хунимиз келүүдү.. Өзимиздин Сепа-а-а-хунимиз!.. дешип Сейитказы Андабековду кучакташып, тегеректеп калышты. О-оо, бир топтон кийин гана калганыбыз менен учурашып, баарыбызды очок боюна чакырышты. Бул урмат арийне, чыгармачыл жубайлардын боордош калктардын арасындагы кадыры кандайча өсүп баратканын айгинелеген көрүнүш болуучу.

– Дегеле, ал учурдун көрөрмандары үчүн, ак чынынын сыныгындай жаркылдаган кыргыз келини Койсундун аткаруусундагы «Калтар менен Барчын», «Токсон жаш», «Кожожаш» менен «Молдожаш» аттуу эпостук маанайдагы чыгармаларды кайта-кайта айттырып угуунун өзү, бир жакшы окуя катары кабылданчу. Ошол, 50-жылдары эле, Пржевал театрынын артисттери келиптир деген кабар угулса, көп көрөрмандын берер суроосу «Андабеков менен Карасартова бар бекен?»эле.

Баса, көл кылаасын жердеген элдин ар кыл улуттан турары билгендердин эсиндедир… Көл аймагында Челпек деген айыл бар эмеспи. Ал айылды тээ башынан сарт калмактар деп аталчу эл жердейт. Пржевал театрынын жамаатында Сейитказы менен Койсундун репертуары пайда болгон күндөн баштап, бул жаш жубайлар оюн болчу жерге мейли театрда болобу, же Челпекке канатташ айыл- кыштактарда болуп калабы, оюн каерде болуп атса, ошол сарт калмак агайындар айылы менен көчүп келгендей эле болушчу экен. Көрдүңүзбү өнөр кумарынын күчүн?.. Адамдын көңүлү гүл деген чын белем… Ар дайым эле өз кулагы менен угуп, көзү менен көрө албаган өнөргө болгон чаңкоо, көңүлдүн чаңкоосу эмей эмне… Чилдирман барсылдап, сурнай сыбызгып, шаттуу ыр шаңшыгандай, жаш-кары, аял-эркек, Сейитказы менен Койсундун элдикине окшошпогон оригиналдуу ыр-бийлери угарман, көрөрманынын көңүлүн бир гүлдөтүп ийчү го чагымда. Эгер, ошончолук кызыктуу, уккулуктуу болбосо он чакты ыр-бий угуш үчүн да бүтүндөй айыл эли тиричилигин таштай салып күүлдөп жөнөйбү тигил же бул айылга чейин сапар карытып. Айдар Кожобеков, Сейитказы, Койсун Карасартова үчөөсүз элестетүүгө мүмкүн болбогон концерттик чыгармачылык, ошентип өз учурунда Алатоо аймагын, Казакстанды жердеген ар улуттуу журтчулуктун сүйүктүү оюн-зоогуна айланганы чексиз.

1953-жылы Көлдөн барган театрдын артисттери Таласта оюн коюп жүрүшкөн. Кадимки «Курманбек» спекталине эл алакан ысыганча кол чаап бүтүп, концерт башталат. Адатта Сейитказы менен Кой ундун ыр-бийлери концерт аяктап баратканда чыкчу. Анан, булардан кийин коруучулардун ыр-



бийге болгон чаңкоосу, кумары ашынган бойдон калчу. Бүгүн да концерт аяктайын деп калганда, көшөгөнүн тышынан алып баруучу Дүйшеев Айтакундун шаңкылдаган үнү чыгып калды.

– Тамашалуу ыр «Алмукан»!.. Аккордеондо Айшаке. Барабанда Айдаке, ырдап берет Андаке!.. деп жарыя салып коё берди. Артисттер сахнага чыга электе эле элдин көңүлү, чубашып чыга келген үчөөнү ысык тосуп алышты. Арийне, көрөрмандары мындай кызуу тосуп алганга делбирей түшкөн артисттер «Алмуканды» баш кылып бир нече ыр-бийди көрөрман сезимине от коё дүргүтүп, ийине жеткире ырдап-бийлеп кетишти. Эл бу концерт аяктаганда демейдегиден да чаңкоосу ашынып, оюнга кумарданган бойдон калды… Демек, кайрадан Сейитказылардын келишин чыдамсыздык менен күтүп калды…

Жашы жагынан Сейитказыдан кыйла улуу болсо да, жаңы курбу болуп кеткен дагы бир мыкты өнөрпоз, бул жылдары биздин каарманга бир топ чыгармачылык караан, эш болуп жүрдү. Ал Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти Эркебаев Калмамат эле. Калмамат ага айрыкча А.Токомбаевдин сөзүнө жазылган «28 баатыр» поэмасын элдик ыргактагы обонго салып аткарганда, ошол апаатты өз көзү менен көрүп, чордонунан чыгып келген Сейитказынын дене бою чымырап, кадимкидей көзгө көрүнбөгөн бир руханий күч турпатын чыңалтып бараткандай абалга туш келчү. Ошол чыгарма ар бир аткарылганда, жаш өнөрпоз, мынабу кыйла жашты калчап койгон ырчы экөө, согуштун тозоку отун кечип баратскансып, ыр бүткөн соң өзүнө келгенде, Калмурат агасын өзгөчө сыйлап турганын, ага кадимкидей ичи ысып турганын сезүүчү. Дилинде аябай сыйлап, урматтап кетүүчү ал өнөрпозду… Анан калса ошондон уламбы, ар дайым ошо Калмамат абанын куржунун көтөрүп алып жанында катар жүрүүчү, баяккы түгөнбөгөн артисттик сапарларда. Ал эми Койсун болсо Калмаматтын көйнөк-кечегин ири алдыда жууп-чайып, жакасын көктөп… Айтор эки жаш ошол калбаа, нарк, нускалуу өнөрпозго абдан ынак болгон экен, адеп кошулуп, чыгармачылык жана эр-аялдык тагдырларын кошкон кезде…

1957-жыл. Пржевал шаарында театрлардын республикалык фестивалы өтүп калды. Жюринин башында

Республиканын белгилүү театр ишмерлиринин бири, Кыргыз мамлекеттик опера жана балет театрынын башкы балетмейстери Нурдин Түгөлов. Тиги Ош тараптан келген Жалалабат, Фрунзеден барган Кыргыз мамлекеттик драма театры менен ат салышкан Пржевал театры сахнага «28 баатыр» оюнун коюшту. Спектаклде кыймыл-аракет мол болгондуктанбы, андагы ойноп аткандардын ичинен Сейитказынын баскан-турганындагы грация элементтерин, артисттик шөкөттү, ийкемдүүлүктү байкабай койбойт, мындайга көзү дасыккан бий устаты. Аңгыча спектакль аяктап концерт башталып, баягы шамдагай, ийкем кыймылы менен көңүлдү бурган жигит, келинчеги экөө казак эл ыры «Кыздар айды» дуэт катары аткарып, бий менен коштоп кеткенде Нурдин Түгөлов ичинен бир жыйынтыкка токтолду. «Бүттү, бул экөөнү опера балет театрына алып кетиш керек, кыргыздын бий искусствоçунда өзүнчө из калтырчу таланттар» деген ойго ынанды.

Анан калса, ал кезде кыргыз кыз уландарынын арасында балет искусствосуна кызыгып, баа берип, өздөштүрүүгө умтулгандар дээрлик жокко эсе эле да. Айрыкча берең жубайларды машыктырып, балет искусствосундагы улуттук колориттик, табигый таланттын турпатын талап кылчу сценкаларга койсо, кайсы гана спектакль болбосун жаандан кийинки жашаңдай кулпуна түшөр деп ичинен боолгоп турду бий устаты.

Фестиваль аяктап, жыйынтыкталды. Ар бир театр, фестивалда көрүнүктүү ийгиликке жетишкен ар бир өнөр чебери өз сыйларын алышты. Ошондо, Пржевал театрынын өнөрү талданып, бааланып бүткөндө Нурдин Түгөлов Сейитказы менен Койсунду чакырып алып кеп козгоду.

– Сиздердин талант республиканын башкы театрына – опера балет театрына кызмат кылчу чоң талант экен. Биздин спектаклдердеги улуттук турмушту чагылдырган сценкалардагы бийлерди сиздер көрүүчүлөргө укмуштуудай жеткиликтүү көргөзө алгыдайсыздар. Албетте, балет искусствосун өздөштүрүү боюнча даярдыктан өтүш болот. Андан камсанабаңыздар. Кудай берген талантыңар болгон сон, ал жагын бат эле өздөштүрүп аласыздар...



Сейитказы менен Койсун, бул күтүлбөгөн сунуштан улам бирин-бири тиктеп, шар жооп бере албай буйдалып калышты.

– Бул жерде кылчактоочу эч нерсе жок, – деди Н.Түгөлов, - Эртеңге чейин, Фрунзеге качан, кандайча которулуунун жагдайын ойлоштуруңуздар. Мен жетекчилер менен сүйлөшүп коем. Алгачкы ирет сөз ушуну менен токтоду. Ошол замат театрга «Сейитказыларды Фрунзеге опера жана балет театрына алып кетишет имиш» деген сөз дуу тарап кеткен экен, ансыз да будамайланышып, эмне кыларын билбей түйшөлүп турушкан Сейитказы менен Койсунга жолуккан эле жан «Ой, бу силер чыны менен эле кеткени калдыңарбы?..»дешип үстүккө-босток суроо жаадырышып жүдөтүштү. Канчадан бери чогуу иштешип, ысык-суукту чогуу тартып келаткан жамаатташтарына чыккынчылык кылып коюшкансып, жаш жубайлар ансайын кымырынып, ыңгайсызданышат. Ооба, алар «биз борборго жактырылып кетип баратабыз» деп мындайда көтөрүлүп, кырданып, кечээки эле катарлаш жүргөн кесиптешине өйдөдөн карап калчу айрым жеңил желпи артисттердей желпилдебей, кайра жамаатташтарынын алдында, өзүлөрүн борбордун чоң театрына алып кетет деген сөз чыкканы үчүн эле айыптуу сезип, уялып жүрүштү. Өз жамаатына мындай берилгендик, мындай адал сезимдүүлүк, имандуулукту бүгүн каерден, кайсы театрдын жамаатынан табар экенбиз?.. Бул суроо, биздин күндөрдө оңой менен жооп таба албоочу суроо. Бирок, ал 1957-жылы Сейитказы, менен Койсундун кесиптештерине мындай кооптонууларды ойлоонун, кабатырлануунун зарылдыгы болгон жок. Эртеси театрдын жамаатынын чогулушунда бул эки жаштын кетүү-кетпеши жөнүндө сөз талкууга алынды. Пржевал театрында көптөн бери иштеп келе жаткандар, бу Сейитказы менен Койсун келгени репертуардын кемтиги толуп, жыртыгы бүтөлгөндөй боло түшкөнүн кеп кылышып, булар кетип калса, айрыкча концерттик программасы тузу жок шорпо даамдангансып, кунары кетип калар бекен деген тынчсыздануусун айтпай коё алган жок. Жамаат, театр жетекчилигинин алдына Сейитказы менен Койсунду кетирбөө жөнүндө талап коюшту. Эки жаш «жок биз кетет элек

борборго» деп жулунган жок. Маселе өзүнөн-өзү тунуп Нурдин Түгөлов өкүнүчтүү баш чайкай:
– Ка-а-ап, болбодуңар ээ-э... Бул кесиптештериңиздерден оригиналдуу, көрүнүктүү балет артисттери чыкмак... Болуптур эми, баары бир сиздерге чыгармачылык бийик өрүштөрдү каалайм, -деп, өкүнүчүн жакшы тилеги менен жайкап кете берген... Жубайлардын аз жерден, борбордун ак сарай театрынын аброюна баш катып, академиялык башкы театр артисттери болбой калышы мына ушундайча аяктаган... Анткени менен Сейитказы, Койсун экөө тигинтип өзү келип колуна конгон «бакыт кушун» учуруп ийгенине кылчалык да өкүнүшкөн жок, тескерисинче кайра, бир туугандай жакын болуп калган кесиптештеринин арасында, береги өз үй, өлөң төшөккө айланган Пржевал театрынын чаркабында калып шүгүр дешип, кандайдыр бир келе калган тынчсыздануудан, кооптонуудан кутулгансып, бая «Фрунзеге алып кетели» деген сөз чыккандан бери ичте жыйыла калган чымыркануунун демин чыгара, жеңил дем ала түшүшкөн... Мына, нукура таланттын, жупуну адамгерчилик менен тунук сезимдин, адеп ахлактын үлгүсү... Кайрадан провинциалдык театрдын ысык-суугу, азабы, да, жыргалы да мол сапарлары... Кайрадан эңсеген көрөрмандардын жадыраган жүздөрү менен жолугушуулар... Билген адамга эч бир баасы чыкпас, эч бир баа жеткис кымбат, ысык жолугушуулар...

1954-жыл. Пржевал театрынын артисттери, Макаеноктун «Кечирип коюңуз» аттуу пьесасы боюнча коюлган спектаклди, өзүлөрүнүн концертин көл кылаасынын Темировка айылына коймок болуп келип калышты. Согуштан кийин кыйла жылдар сабалап өтүп калгандан улам турмушу оңолуп, кийими бүтөлүп, курсактар кадимкидей тоюнуп калган эл артисттерди кубана тосуп алышты. Оюн албетте жакшы өттү. Артисттер кечки чайдан кийин эс алууга кам урушту. Бирок, ошол жердеги чарбанын башкармасы Суранаалы деген киши чарбанын иши менен жүрүп кеч келип калып, «Ка-а-п, жалаң иш деп жүрүп жапайы болуп кетпейли, бир аз ыр, күү угуп, көкүрөк черин жумшартсак болбойт беле» деп өкүнүч айтты. Антейли дешсе чарчаган артисттер көздөрү жумулуп, эс алсак дегенде эки көзү төрт болуп араң олтурушат.



Артисттердин ак сакал, көк сакалдары өз ара кеңеш курушту. «Ой, айтса айтпаса төгүнбү, согуштан кийинки жылдардагы чарбанын, элдин камын көрүп жүргөндөр ушулар. Чарчадык дебесеңер жаштардан бир экөөңөр, орто жаштагылардан уйкусу келбей турганың кошулуп барып келгиле. Уят, атайы силердин ыр-күүнү эңсеп келип олтурса», дешип калышты. Артисттер мурда кийин угуп жүрүшкөн чарба жетекчинин адал мээнетин, нарктуу аброюн сыйлаштыбы, тез эле Ч.Иманкулов деген элдик ырларды ырдоочу артистти баш кылып, аккордеончу Бакыт Абдрахмановду, Сейитказы Андабековду, Койсуну менен аттандырышты, Суранаалы башкарма айттырган мейманчылыкка.

Казан асылган үй тээ тоо жакалай жайгашкан айылда экен. Таза аба, тоонун керимсел желинин шапатасы, жылдызы жайнаган тоо кечиндеги табы лапылдаган от бою... Ушунун баары чарчаган өнөрпоздордун ыкшоолонуусун алда сүрүп кууп салып, кечки үлпөттүү маек уланды. Канткени менен, соцреализм кандай гана жанбагар аткаминерлерди жаратпасын, журтчулукта эл иши үчүн ат жалынан түшпөй, түн уйку, күн тынчтык көрбөй бирде тоодо, бирде ойдо чапкылап жанын сабап жүргөн адистер, бирин-серин жетекчилер да жок эмес эле... Суранаалы так ошондой жетекчилерден эле. Ошол наркы, ошол заты менен ал башкарма, көл кылаасынын түндүк тарабында аңыз кепке алынган адам эле...

Ч. Иманкуловдун аткаруусундагы Жеңижоктун ырлары биринин артынан бири куюлушуп кетти. Жаш карынын сезимине учкун ачкан кадимки Жеңижоктун «Көк сулуу» сыяктуу ырларынан кийин Ч.Иманкулов казак акыны Майкөт менен Жеңижоктун айтышын эргип ырдап өттү нөшөрдөй сабалатып ... Анан, Абдрахмановдун сыздаган аккордеонун коштой Койсундун ырлары сыбызгыды. Элестеп көрүнүзчү окурман... Ошол, төбөдө жылдызы жайнаган жайкы кечте Койсун ырдаган ырлар не бир мерез жанды да селт эттирип, кандай гана көк муздай лыкыйган тунгуюк сезим болбосун чатыр-чутур аралап кеткидей го,... Суранаалы башкарма Койсун ырдаган ырларга аябай толкундап чексиз ыраазылыгын билдирип, жетине албай кайра-кайра алкоосун

айтат ... Кантсин анан... ырас эле, согуштан жабыркаган эл тоюнсун, жакынын жоготкон жетим жесир жетилсин, чарба оңолуп, калктын көөнү толсун деп жанын сабагандар болбогондо, согуш аяктаган соң беш алты жыл ичинде эле мукурап турган эл-жер мантыгып сала бермек кадай-аю... Ошентип чапкылап жүрүп көкүрөк чери катмарланып, түркөйлөнүп кетпейли деп ар жак бери жагын ойлоп жүргөн чарба башчысы кооптонот. Эл ичиндеги жаманга, жакшыга зирек, адилет мамиле кылыш үчүн адегенде өзүндүн ички дүйнөндү тең салмактап, жыйылган стрессти, чымыркануунун эптеп жандыруу керек эле да. Суранаалыны табиятында аны жоро бозодо дардактаган үлпөт менен эмес, акыл эс, руханий кумардануу менен, ак дилден нарктуу, мазмундуу дидарлашуу менен жандыруу мүнөздүү эле... Мына бүгүн кечте да, күүлдөгөн жок эле, жанакы Жеңижоктун тамшандырган түрмөктөрү менен Койсундун сыбызгыган ырлары аркылуу көр-тирилик менен чарбанын чаргылткан чатектеринен улам черленген көкүрөк көөнү тазарып, көөдөнү сергилең тарта түштү. Суранаалы өзү катуу ооркчан киши болгондуктан оозуна ичкилик алчу эмес экен. Ошол кечте көнүлү чындап бир жибигенби, же тек дүйнөнүн кооздугуна, асылдыгына бир дилгирлендиби, айтор, колуна чөйчөк кармап минтет.

– Ыракмат!... Бу, силер болбосоңор дүйнө бозоруп кетет беле ким билет... Дегенкиси тозоктун оту күйүп турса да адамдын көөнүн гүлдөтүүчү кудуретти кудайым ушу силердей өнөр ээлерине берип койгонуна шүгүр... Аттиң, кудай менден ден соолукту аяп бөйрөктөн ажырагам. Силердин өнөрүңөр үчүн, Койсундун жакшы ыры үчүн, силердин өнөрүңөр өркүндөй берсин үчүн жакшы тилегим, ыраазычылыгым менен ушул чөйчөктөгүнү ооз тиейин!..

Арийне, мындай маңдай жаркыраткан ыраазылыктарга арзыган Койсундун ырлары кыргыз жерлеринин кайсы гана бурчтарында жаңырбады дейсиң...

## ЖУБАЙЛАР КАЙРАДАН ТЕНИРТООДО

Санап отурсаң, биздин коомдо айрыкча ушу искусство тармагын ойпоң-тойпоң түшүрүп, чакчелекей будун-чаң салган учурлар дегеле көп. 30-жылдары жер-жерлерде ачылган колхоз-



совхоз театрларын шыпыра жаап салып мамлекет кайсы муратка жеткенин ушу күндө да эч ким дааналап айтып бере албайт. Анан тигинтип Нарын театрын жоюп салып кандай социалдык-маданий «жетишкендиктерге» жол ачканыбызды да арийне бүгүн эч ким мойнуна ала койбос. 1961-жылдын аягында Караколдогу жана Жалалабаттагы областтык театрлар жоюлат. Эки бирдей театрдагы далай чыгармачыл тагдырлардын келечеги бүдөмүктөп, жылдап-жылдап түзүлгөн театрдык жасалганын, чеберчиликтин, көрүүчү менен театр ортосунда салт катары калыптанып калган өз ара астейдил мамилелердин жыйындылары чачылганы чачылып, ачылганы ачылып жок болду. Далай таланттар, ушул искусство очокторунда, элимдин аруу тилеги менен коштошуп, айрымдары тек гана башы оогон жакка басып кетүүгө мажбур болушат. Арийне көп, такшалган, театр ишине жан дили менен берилген актерлорду кандайдыр бир күтүлбөгөн тагдыр күтүп турду... Алар башкаларчылап, бет келген жакка басып кете албай, дендароо тартып жүрүштү, кайсы жерден искусство чамгарагына паанектерин билбей... Каракол театрында эмгектенгендердин арасынан Сейитказы менен Койсундун кайда барып, кай жерден орун очок алары алда качан эле белгилүү болуп калгандай эле бул учурда. Баякыда опера жана балет театрынын башкы адиси Түгөлов бул таланттуу жубайларды асылып атып борбордун башкы театрына алып келе албай койгону?.. Мына, эми коомдун бийлик ташын тегеретип тургандардын тумшук алдындагыдан арырак алысты карап көрө албагандыгынын айынын Каракол театры жоюлуп, чоң адис Түгөлов кызыккан жаш таланттардын колу-жолу ачылды... Сейитказы менен Койсун оолукса, ошол театрга кетип калса жарашат. Жок, бул сапар да «борбор» дешип ыргыштабады таланттуу жубайлар. Нукура кыргыздын уул-келинин тээ тоо койну тартып турду... Анан калса, тээ 1958-жылы, арадап туура он чакты жыл өткөндө, өкмөт баякы 49-жылдагы катасын оңдоп, Нарын театрын Тяньшань музыкалуу драма театры кылып кайра ачкан, кудай жалгап. Теңиртоодогу

театр кайра жаралганы, билиндирбей алдыртадан Сейитказы менен Койсунду «бери кел, бери кел» дегенсип, купуя чакыргансып жүргөнү көпчүлүккө сезилбей койгон эмес. Ансыз деле башка жердин султаны болгончо, өз элиңдин ултаны бол деген накыл кепти, ыйык түшүнүктү туу тутуп жүрүүчү Сейитказы менен Койсундун береги ак кар көк музга оронгон Теңиртоого кайтып баруучу күнү көздөн учуп жүргөнү ырас эле... Каракол театры антип жабылар менен Сейитказы Андабеков, Койсун Карасартова буйдалбастан Нарынга көчөт. Баягы көзгө ысык, жанга жакын кипкичинекей театрдан жаңы демди, жаңы чыгармачылыктын илебин сезишти жубайлар. Айтор, ат айланып казыгын тапкансып, С.Андабеков, К.Карасартова айланып, айланып келип Нарын музыкалуу драма театрына - өз үй, өлөң төшөгүнө окшогон театрына келди. 1962-жылы, Кайрадан ачылган Тяньшань музыкалуу драма театрында атайын музыка бөлүмү түзүлгөн экен. Ал бөлүмдү белгилүү композитор, Кыргыз ССРинин эл артисти Жумамүдүн Шералиев жетектеп, театрдын чыгармачылык маңызын, ажарын кыйла жаркырата ачып келаткандай. Сейитказыларды айрыкча мына ушул жагдай кубантты. Баягы аккордеонду чаңыртып тартып кулакты жеп жиберчү чала моңол музыканттардан театр акырындап арылып, аккомпонементи таза, музыкалык сабат менен гармония теориясына таянып ойногон музыканттар пайда болуптур театрда. Айрыкча ушул жылдары театрдын концерттик чыгармачылыгын гана эмес спектаклдеринин музыкалык жасалгасынын ажарын ачкан Калыйбек Тагаевдей музыканттардын чыгармачылык серпилүүсү көкөлөгөн. Кыргыз журтчулугунун баласынан улгайган адамдарына чейин ыргактары, уккулуктуулугу, аваздык оригиналдуулугу менен сыйкырлаган «Элмира», «Атбашым», «Көл вальсы» Тагаевдин сахнага чыгышын эңсетип элди тамшандырса, «Кыштак кечтери», «Түшүмдө» жана башка классикалык деңгээлдеги ырлары менен Жумамүдүн Шералиев Нарын музыкалуу драма театрынын репертуарын калктын чаңкап, эңсеп күткөн руханий дүйнөсүнө айлантты. Жумамүдүн Шералиев театрдын



жамаатынын концерттик программаларынын, спектаклдеринин музыкалык көркөмдүгүн көтөрүүгө, ырчылардын аткаруу чеберчилигин, вокалдык жөндөмүн, маданиятын, ырлардын көркөмдүүлүгүн, мазмундуулугун арттырууга жан алакеттене киришти. Театрдагы ушул кырдаалдын өзү, ушул музыкалык потенциал Сейитказы Андабеков менен Койсун Карасартова үчүн кандай зарыл эле. Жубайлардын чыгармачылыгынын 60-жылдардын башындагы этабы сөзсүз түрдө дагы бир тепкичке көтөрүлүү алдында турган. Демек, атайын музыкалык билими жок болгон соң, квалификациялык музыкалык жетекчилик, көмөк, өнөрпоз жубайлар үчүн көздөн учуп турган.

Арийне, Сейитказы менен Койсундун спектаклдердин репетициясынан тышкаркы бош убактарынын баары, театрдагы басымдуу иш күндөрү ошо Жумакендин айлана тегерегинде өтүүчү. Жалаң табигый үндүн жагымдуулугуна, кайталангыс мыкты обонго, аткаруучулук шык жөндөмгө, артисттик чеберчиликке таянып, ырларды ачык, ачуу дабыш чыгарып ырдаганга жүдөп калган өнөрпоздорго Жумакен акырындап талапты катуу коё баштады, ар бир ырчыга өтө бийик, катуу добуш чыгарып ырдоону токтоттуруп, үндөгү тембрди (ыргакты) жагымдуу иштеп чыгуунун (артикуляциянын) алгачкы ыктарын үйрөтүүгө аракеттенди сабаты толук композитор. Сахнага ыр менен чыгуучу артисттерге ырдоонун вокалдык усулдарын үйрөтүүгө күчүн үрөдү. Сейитказы менен Койсундун дуэттеринин сахналык маданиятын көтөрүүгө көп көңүл буруп, алардын репертуарынын жаңыртылып, байытылышын көздөдү. Ушинтип так ушул мезгилде Сейитказы менен Койсундун ырчылык-эстрадалык концерттик ишмердигинин оригиналдуулугу кошумча жаңы боектор менен сүртүлүп, кызыктуулугу артты. Жубайлар көбүнесе калктын, коомдун күнүмдүк турмуш агымына канаатташ-бутташ, мезгилдин шайкеш келген актуалдуу темаларына кызыкчу. Так ошондой көрүнүштөрдү лып илип ала коюп мыскыл-тамашанын

калемпир мурчуна көөлөнгөн, какшыктын тузуна бөлөнгөн чыгармалардын сахнада жаңырып чыгышына далалаттанышчу.

## САНААТТЫ САМАНДАЙ САПЫРГАНДАР…

Айдарым даркан талаалары мелтиреген Ош, Талас, Чүй же Көл кылаасынан чыгып, алгачкы ирет Нарын тарапка бараткан адам, Аламышык менен Чаптын бозоргон тоолорунун арасына кыпчылган кууш өрөөндөгү шаарды көрүп, өзүн бу дүйнөнүн бир четине келип алгансып коңултуктабай койбойт. Айткандай эле, буркан-шаркан түшүп, күзгө дейре киргилденип күрпүлдөп ичке өрөөндү аралай чаңкап Нарын дайрасынын бир гана жайылмасына орноп калган кичинекей конуш сымалданган бул шаардан тарамданып ичке жолдор капчыгайларга, жылгаларга сойлоп кирип кеткени болбосо, бүттү, мындан ары барчу жер деле жоктой көрүнөт…

Так ушул жер шарты, бул чөлкөмдөгү өндүрүштүк, чарбалык, маданий турмуштун гана мүнөзүн эмес, ушу жерди жердеген калктын да кулк мүнөзүн, жүрүш турушун, келген-кеткенге, коомдук эмгекке кылган мамилесин өз табигатына ылайык шарттап калыптантып койгондой. Алгач, бир келген даражалуу жанга буердегидей бапырандап кучак жайып тосуп алган меймандостук, көбүрүп-жабырып жанын садага чаап ийчүдөй мээрбандык бардык эле жерде төгүлө бербейт. Ал эми сырты жупуну, жан ааламга белгисиз мусапыр, көр тириликтин айынан барып калса, тек саламын сыпайы салкын алик алып койгону болбосо «сен ким элең» дегенчелик тоңдоосундук менен кырын салып басып кеткен адаттагы көрүнүшкө көнүл бурбашы абзел. Бул аймакты жердегендердин арасында жанын сабап, ар иштин ийнедей көзүнө дейре жетип чеке тердетип мээнеттенгендер да бар. Арийне, эки колду чөнтөккө салып «э-ээ, иш бүтөт да» дегенчелик тейде, тимден-тим өз алдынча зыңгырап, чала уйкуда жүргөнсүп ныксырагандары да арбын.



Миң тогуз жүз токсон экинчи жылы октябрдын он төртүндө «Эркин Тоо» гезитиндеги депутаттар менен болгон маекте Акталаалык депутат Дөөлөтбек Берикбаевге берилген « Нарын өрөөнүндө элдин маданияты, экономикасы начар өнүккөн деген сөзгө кандай карайсыз? деген суроого – « Чындык бар, анткени бул жерде кыргыз эмес японду жашатып койсо деле анча алыс кете албайт болуучу, себеби жердин шарты, жаратылышы өтө катаал, транспорт деген нерсе аз, темир жол жок. Дал ошондуктан бизде социалдык чөйрө начар өнүккөн» деген актануу жооп айтылган. Андай дейин десек бир тоо ашып ары барсаң Атбашыда антип гектарына 50 центнерден эгин эгип алып, алма бышырып жүргөндөр бар. Демек бул аймакта колдо бар шарттын көзүн таап иштей албоочулук арбындай… Мүмкүн ушундай социалдык, психологиялык мамиледен улам Нарын театры ачылып, кайра жоюлуп, ачылып келгенби?.. Кантсе да таамай сөз, мыкты адабият, сезим дүргүткөн санаат искусство абадай зарыл, анын таасирисиз ордунан ныпым козголбоочудай нымтыраган Теңиртоонун арасындагы улут санаатынын бир кичинекей тээгине окшоп Нарын театры, тээ отузунчу жылдардан бери ошо театр бойдон сакталып келаткандай сезилген өз тарыхы менен баалуу. Канчалык ары-бери калчайбасын, чынында эле театр, театр бойдон келаткансыйт. Өз алынча, өзүнүн салттары, чыгармачылык чыйыры менен өнүгүп, өөрчүп келаткансыйт. Ал эми анда эмгектенген өнөрпоздорго, береги капчыгай-капчыгайга, жылга-жылгага сойлоп кирип кетип жаткан жолдор так эле ушул театрдан башталып аткандай сезилет. Айтса, айтпаса төгүнбү, жыйырманчы кылымдагы театр муундарынын ичинде ортончу муундун өкүлү болуп калган Сейитказы менен Койсун эле канча сапарды карытты ушул жолдорду арыткан гастролдордо…

Бири-бирине «мен сенден бийикмин! Жок мен сенден бийикмин!» дегенсип тирелишкен, күнгөй-тескейлене көккө бой керген ушул аска тоолор куушуруп турган өрөөндөгү кичинекей театрда башталчу сапар жолдорду койнуна сиңирип кетүүчү жабыраган коктулар, жылгалар, ушул калдайган толуу аймактагы тиричиликтин, не бир маңдай жарып сезим чымыраткан кубанычтардын, же дене дүркүрөтүп адам көңүлүнө адам уу чачкан окуялардын да канын жүгүртүп

турган жүлүн тамырлардай сезилет кээде кылдат сезим өнөрпоздорго. Ооба, кашкайып, кашкайып барып алиги жылгаларга сиңип кеткен жолдор толук калктын тиричилигинин да, рухий дүйнөсүнүн да кан тамыры сезилери аштан бышык. Кантсе да, чырымталы жүзүнөн түшө элек өспүрүм талантты ошол жолдор театрга алып келди, ошол жолдор анын чыгаан талант болуп калыптанышына, чыйралышына өбөлгө болду. Баркын билген өнөр чеберлерине ошонусу менен ысык, ошонусу менен кымбат ал жолдор, Арийне, ошол сапарларга чыгууга даярданып, жаңы спектакль чыгарып атканда да, жол азабын тартып сапарда жүргөндө да жан ачытып күйдүрчү же айласыздан күлдүрчү окуялардын, жоруктардын далайын баштан кечирип келаткан артисттер, өз чөйрөсүнүн, жамаатынын оош-кыйышына, биз азыр эле кычкыл сезген табият менен адамдардын каксоолугуна кайыл болуп, ал каксоолуктарга нукура мээрбандык менен акактай тунуктун зардебин сиңирүүнүн далбасында жүрүшпөйбү… Азыркы доордо, дүйнөнүн көп театрлары өз сахнасын турган жерден, заматта он кубултуп, өзгөртүп, бирде чуңкурга түшүрүп ийип, кайра көтөрө коюп, айтор ийиктей чимирилткен доордо, театр имараттары электрондук, компьютердик жабдуулар менен жабдылып прогресстин чокусуна кыялап баратканда, сахнабыздын жасалгасын (декорациянын) мык менен уруп бекиттирип келаткан коомубуздун жансеректигине, ошол коомду күн санап эмес саат сайын күбүргө түртүп жаткан бир ууч билермандардын, аткаминерлердин азабына тутүп келатты ушу театр да. Жаратылышынан дилетант, догматик билермандардын компетентсиздиги арийне, өзүнүн алгачкы кесепетин так ушул «провинциялык» тоо арасындагы театрга биринчилерден болуп тийгизип келгени шексиз. Теңиртоо театрындагы ошентип бир күлдүрүп, бир туруп ызалантып күйдүрүп ийүүчү окуялардын бири нарындык актерлордун эсинен түк кеткис болуп, азыр да эскерилип жүрөт.

…Кайсы бир улуттук спектаклди даярдап жатканда сахнадагы жасалгага таш декорациялары зарыл болуп калат. Арийне театрдын чарба кызматтарына, жетекчилигине көрүнгөн жактан келип орношуп алган, театрдын акичүкүсүнөн кабары жок чарба иштерин тейлөөчүлөр ары



урунуп, бери урунуп эмне кылышарын билбей жүрө беришет. Арадан күндөр өтүп, пьесанын текстин окуп, жаттоо аяктап, мизансценарияларды сахнанын өзүндө иштөөчү учур кыстап кирип келет. Баягы зарыл декорация жок. Өйдө-төмөн наразы сөздөр чыгат. Бир күнү эртең менен актерлор репетицияга чогулуп, бүгүн да сахна даяр болбосо, дагы иш башталбай калабы дешип бири-бирине кыйыр карап турганда тээ-тигинден бакылдаган дабыш угулат.

– Таш! Таш эле дейсиңер! Ана, тоонун ташын толтуруп салдым, барып пьесаңарды ойной бергиле! деп сахна чарбасынын кызматын жетектөөчү кызматкер тоону томкоруп салгансып компоё басып кетти.

– Ап бали-ии. Сахна репетицияга даяр тура, – дешип кубаныша жабалактай залга кирип келишип, өз көрүп турган көздөрүнө ишенбей, оозорунан сөздөрү ыргып, дал болуп туруп калышты, артисттер… Кейипкерлери көп спектакль коюлса, ансыз деле көчүк айланбай калуучу тар сахнада дөбөлөнүп кадимки сайдын таштары үйүлүп жатат. Режиссер да, актер да же ыйлаарын, же күлөрүн билишпей турушту… Арийне, ошентип дагы бир күнү репетициянын башталышына эмес, сахнадагы үйүлгөн ташты ташып чыгарууга кетти…

Дагы бир кызык… Театрда коюлуп, көптөн бери жүрүп жаткан бир спектаклдеги башкы кейипкерди ойноочу актер ооруп калат. Арийне спектакль болбой, көрөрмандардын алдында дирекциянын кечирим сурануусу, ал күнү спектаклди башка спектакль менен алмаштыра коюу сыяктуу далбастоо башталат. Эртеси эртең менен театрга чогулган артисттер буйрук илинчү тактайдын жанында үймөлөктөшүп аткандарга аргасыз көңүл буруп, ал жерге басып келишет. Тактада, «түкүнчө актердун ооруп калганына байланыштуу, актер Баланчаевге ал актердун дублеру катары жаңы ролду репетициялап үч күндүн ичинде сахнага алып чыгууну партиялык тапшырма иретинде буйрук кыламын!…»

*Театрдын директору.Н.К.*

Көрдүңүзбү кымбатуу окурман, 50-80-жылдардагы партиялык тоталитардык буйрукчул «адис» жетекчилердин «күчүн». Тигил же бул ролдун психологиялык, нравалык

өзөгүнө кирүүнү мындай кой, тек сөзүн жаттап, ар бир эпизоддун диалогунун кыраатын өздөштүрүү үчүн эле дасыккан «мен» деген актерго апталаган убакыт керек экенин, андагы партиянын БКсынын 1-катчысынын жердеши, үкүнүн уясындай жылуу кабинеттен чыкпай үстөл кучактап олтурган партократ директор оюна кайдан алсын. Мүмкүн ал буйрук директордун көөдөнүнөн чыкпай, тиги жогортон шыңгыраткан «көрөгөч-билермандын» сөзмө-сөз кагазга түшүп калган буйругудур?.. Эмнеси болсо да жалаң жетекчинин оозун карап олтурчу ал заманда, «ишенген төөм сен болсоң, кепшегениңди урайын» дегендей эле иш болгону шексиз.

Дегинкиси, минтип маданиятты, искусствону көрүнгөнгө жайыт кылып берүүнүн кесепеттерин, биз башта айтып өткөндөй жалгыз Нарын театры башынан кечирип тим болгон жок. Тилекке каршы, искусство, маданият тармагынын түйүндүү жерлеринде, дегеле шык жөндөмдөн кудай айтпаган, партаппараттан, профсоюздан, советтик, чарбалык кызматтан жылбышкандар уялап жүрүп, 70-90-жылдардагы чалкеш кезде куту учуп кеткен күнгө так ушул театрлар менен маданий очокторду биринчи алып келип такап салышты. Маданият, искусствонун абалы, ал учурда орустун белгилүү академиги Д.Лихачевдун сөзү менен айтканда кудум торго камалган ач торгойдун абалы менен бирдей эле. Театрларыбызга бир мык алып бергенге, бир купулга толорлук пьеса коюуга жарабаган дилетанттарды директор, министрдин орунбасарлыгына сүйөмөлөп көтөрмөлөгөн партбөрүлөр, бийиктин бийик жеринде отуруп алып «маданият подождет, потерпи!.. Болду, болду, хватит..» деп оор абалды укмаксанга салып келатат ушул күндө да Төрт-беш жыл толгонуп жүрүп араң зорго китеп жазган жазуучу агайыбыз бар тапканын тигинде бир ак «Волгада» чайпалып жүргөн кийими бүтүн, карды ток финансистке салыкка олчойтуп төгүп берип салып «кап эми неберемди да кубанта албай калдымбы?.. Калкымдын көөнөрүп бараткан көөнүн агартуу үчүн рухий үрөндүн дагы кандайын таап терип берсем» деп, чакалайдын чак түшүндө, мыйзам жүзүндө тонолуп келатса да, үнкүйүп изденип келатат...

...Жан терин, бар табигый кудуретин, көрөңгөсүн,



өмүрүн, бүт эмгегин сахнага жумшаган чеберлердин жоош, коңур мүнөздүүлөрү, чыгармачыл тагдырга кошкура караган жетекчилерден ызаланганы аз келгенсип, бөксө таланты, болор иши жогорудагы партбөрү колдоочусу тарабынан ашыра көкөлөтүп макталганга дөгүрсүнгөн арсыздан да өзүн төмөн сезип, корунгансып келатат...

...Ай далысында эскилигинен ыдырай баштаган кийимин кымтына, тишинин кирин соруп, айылда болсо тамчы тамган боз тамдан, шаарда болсо биринин үстүнө бири үйүлгөн жатаканадан, же үй ээсинин мышыгынан да корккон жалдап алган батиринен чыгып, тагдырдын даана өгөй баласы кебетеленип маданий агартуу кызматкери келатат...

Он, жыйырма жылда, жарым кылым, бир кылымда жарык дүйнөгө жаралчу актер, жазуучу, композитор, музыканттай көркөм кудуреттүү инсандын көргөн күнү бул болсо, шыбынан кум куюлган, имаратынын тамтыгы чыккан театрлардын көргөн күнү тиги...

...Аргасы кетип, тумшугун кара сууга малып үлдүрөп акырет беттеп калган тордогу торгойчо, жан таслим болуп кетчү абалга жетти искусство менен маданият дегениң, тиги декорация десе сайдын ташын төгүп салгандардын, чыгармачылыкты партиялык токмок менен «жараттыра» салчулардын, спектакль койдум деп сахнага халтура коюп элди театрдан жаа бою качырган делбетаптардын кесепетинен...

...Кылымдап «Манастай» алп эпосту – көөнөргүс рухий дүйнөнүн жыйындысын сактап келаткан, үч кыл комузга бүтүндөй симфониялык масштабдан да кеңири чыгармачылыгын сыйгызып келаткан, ааламга Чыңгыз менен аты кеткен кыргыздын улуттук маданияты, искусствосу постсоциализм менен кайра куруунун билермандарынын мажестигинен жер боортоктоп санааты (искусствосу) самандай чачылып калгансыды биздин муундар жашаган кылымдын аяк чечинде...

Бүтүндөй жумурияттын руханий дүйнөсүнүн абалы бул болсо, Аламышык чаптын тооloруна кыпчылган Нарын театрынын сахнасына декорациялык таштын ордуна сайдын кара ташынын төгүлүшү анчейин таң калычтуу деле окуя эместей. Арийне, эгер так ошол күнү сахна даяр болсо,

Сейитказы менен Койсундай артисттердин, табигый таланттардын чыгармачылыгына эч ким кайталабоочу бир жаңы штрих же бир кейипкердин келбети пайда болор беле?.. Чыгармачылыктын кээде түш сымал, үлп этип учкан жел сымал эпайда калышы, ошол учурда аны илип калбасаң, туюп калбасаң кудум колдон кушча, жылт күйүп өчкөн учкунча жоготуп иериң белгилүү го.

## ООМАТ

...Дегеле, тирүү адамдын турмушу, бүтүн дүйнөң оомалуу төкмөлүү келет эмеспи. Оомал дегенде эле биз ыңкыган мал-жан, ыксыраткан дөөлөт, өнгө бирөөгө ыкыс көрсөттүрчү мансап күткөн учурду көрөбүз. Пендебиз да ... Ошону көксөйбүз. Ошол дөөлөт, мансапка эгедер боло калган адамга, ал маа десе торпок, ит мүнөз, ууру-кески болсо да, ачык туруп, көзү тирүү туруп көөнү сокур болсо да, ошо ооматы келип турган эмеге баш урабыз. Уу жыландын арбоосуна оп тартылгансып ошо адам сындуу бир немеге кандай сыйынып калганыбызды өзүбүз да билбейбиз... Пендебиз да.. Так ошо пендечилигибизден улам бу жарык дүйнөдө кайсы бир арсызды көптүргөн оомат, дагы бир ыйманды ыйык туткан адамды аргасыздан арсызга чөк түшүрүп, адамзат тиричилигин иритип келатпайбы... Бирок, дагы кудайга шүгүр, адамзат жашоосунда андай сатылма ооматтан башка да таза, бийик, эч убакта көөнөрбөс, арамдыкка сатылбас, акмакка кызмат өтөбөс оомат бар, Ал көркөм таланттын ооматы - руханий дөөлөт. Ал, адамга табигый кудурети, таланты менен чыгармачыл эмгегин шайкештентип оролуп келүүчү оомат...

1948-жылдан, 1980-жылдарга чейинки аралык, Сейитказы Андабеков менен Койсун Карасартовага так ошол руханий ооматты туш келтирген мезгил болду десек аша чаппаспыс. Ушул жылдары жубайлардын ырдаса үнү шаңшып, бийлесе кыймылы учкун чачып, каш кагып жылмайганды мындай коёлу, тек артисттик бир гана ишараты менен миңдеген көрөрмандардын жүрөгүн уялап келишти, алар. Сейитказы менен Койсун сахнага чыкканда жаш-кары дебей умсунуу, тамшануу менен тиктеп, көрүп, анан оюндан кийин өз ара



күүлдөшүп, угуп ана жубайлардын өнөрүнө таң беришип аваз кылышчу... Бул оомат эмей эмне? Ал экөөнү мейли көчөдөн көрүп калышабы, мейли клубда, театрда же айылда бир берекеси жайнаган очок боюнан көрүп калабы, ким болбосун ызаат кылып, жамы журт таанып айтор ушул мезгилде өнөрпоз жубайлардын өрүшү арып баратты. Анан бул оомат эмей эмне?...

Жубайлар турмуштун өзүнө үндөш ырларды тандап алып, ага ылайык келчү музыканы, обондорду так ошол Жумамүдүн Шералиевдин өзүнө жаздырып ала коюшуп, тез арада сахнага даярдап, бышырып эл алдына алып чыгышчу. Көрсө мунун баары жаш таланттардын оргуган чыгармачылыгынын көрөңгөсү тура. 1969-жылы Сейитказы Андабековдун, Койсун Карасартованын аткаруусундагы репертуарда Жумамүдүн Шералиевдин «Эгер Ленин болбосо», «Түш жоруу», «Карыялар дуэти», «Кадырласа заманам» сыяктуу дуэттер пайда болуп, ал чыгармалардын өнөрпоз жубайлардын оригиналдуу аккаруусунда угармандардын сүймөнчүгүнө айланышы, мына ошол таланттардын, композитор менен ырчы-аткаруучулардын такай көзмө-көз олтуруп изденүүсүнүн нукура чыгармачылык шериктештигинин жемиши.

Алтымышынчы жалдардан бери карай, Теңиртоо аймагындагы, Нарын шаарындагы майрамдар, тигил же бул салтанаттар «Жыгач тулпарларды» минип жанаша бастырып чыгып, көчөлөрдө, аянттарда топтолгон эл ортосунда шаңкылдап ырдап турган, улуттук кийимдердин ажарын ача, ак элечек, ак калпагын шаңкайтып ошол жердин көркүнө көрк кошуп турган жубайларсыз өтпөй калган. Ал «жыгач тулпарчан» өнөрпоз жубайлар Кыргыз ССРинин түзүлгөнүнүн 50, 60, 70 жылдык маарекелеринин салтанаттарында, Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдыгынын оюн-зоокторунда, жана башка толгон токой майрамдарындын шаңын чыгарып келгени ал мезгилдин улуу-кичүүсүнө аттын кашкасындай белгилүү.

“Чынында алардын ырдап-бийлеп ар бир аткарган ар бир номери - мини спектакль,” - деп жазган белгилүү журналист Жедигер Саалаев,– демек экөө үй-бүлөлүк театрды элестетишет. Көркөм өнөрдүн баркын баалай билген

журналист бул ойду тек кооз сөз иретинде айткан эмес. Ал журналисттик да, тек көрөрман-угармандык да өңүттөн карап туруп анан гана Сейитказы менен Койсундун «ат үстүндөгү» чыгармачылык келбеттерин, турмуштагы, сахнадагы жубайлык ынтымак, ырыс-кешиктештигин, көөнөрбөс чыгармачылыгын ушул эки гана сүйлөм менен берип койгон. Чынында эле, жубайлардын чыгармалары сахна өнөрүнүн дээрлик бардык жанрларын камтып кетет кээде. Мисалы, кайсы гана ырды аткарбасын, түгөйлөрдүн сахнадагы ажарлуу өз ара мамилеси, ырдын ар бир сөзүнө жараша сырткы өң-түсүнүн, ырайларынын өзгөрүшү, кыймыл аракеттеринин ынанымдуулугу, табигыйлыгы - театралдык жанрга, көп чыгармаларында ар бир ыр келебин аяктаар замат бий кыймылы менен чыгарманы шөкөттөп кетиши-хореографиялык жанрга, ал эми куйкум саптуу, мыскыл аралашкан чыгармаларды аткарып атканда бирин-бири тооруп, киши күлөрлүк куудул кыймыл-аракеттери менен сатира жанрына ыктаган эпизоддорду камтып келет. Арийне, Сейитказы Андабеков менен Койсун Карасартованын аткарган чыгармаларын мини-спектаклге салыштыруу мына ушундай ар тараптуулукту, нукура чыгармачылык масштабды, тереңдикти жана угуттуулукту /колоритти/ көрүп таанып билгенден улам келип чыккандыгында шек жок.

Жыйырманчы кылымдын 50-60-жылдарындагы социализмдин, 90-жылдарындагы базар наркына баш баккан коомубуздун башаламандыктарынын шартында жашаган муундардын эси-көөнүнөн кеткис көп жагдайлардын бири көпчүлүк замандаштарыбыздын тим эле бекерпоз болуп, шылуун эптекейлердин ишмер, «чыгаан талант» болуп ала коюп жашап келгенинде жатат. Бүтүндөй мамлекеттерди, бүтүндөй элдерди экономикалык, текшерүү, башкаруу механизмдерди коомдук түзүлүш жакырлантып атса, профком, элдик контроль кийинки мамлекеттик инспекция, сот, милициялар сатылма элементтерге айланып кетсе, өлкөдөгү менчиктин нагыз ээси жок болсо, каруусун казык кылып жүргөн мээнеткечтер кур жалак калып өңчөй бөрүлөрдүн колтугундагылар, ууру-кескилер маарып атса, мыйзамдарды чала жан кылып, ал аз келгенсип жанакы эптекейлер тарабынан



бурмаланып аткарылбай жел сөзгө айланып калып жатса, анан эки колду чөнтөккө салып басып жүрүп гана бирөөнүн ырыскысына көз артып, тигил же бул жол менен тартып алып жан баккандар көбөйбөй коёбу?!.. Ал, ачыгыбыз ачык, чачылганыбыз чачылган, делбетаптардын далайы «талант» көрүнүп, бекерпоз, жансеректер ишмер көрүнүп турган учурда көрүнгөндү жөөлөп тамеки сурап тартып, өөнөп жөөлөп атып арак алдырып ичип самсаалап басып жүргөндөр көбөйдү... Дээринде бирөөнү кагып катуу айтып көрбөгөн Сейитказы ошондой замандаштары туш туштан тооруганда же жок деп басып кете албай, же аларга арак дос болуп бере албай айрыкча катуу жүдөчү. Бир күнү эртең менен адатынча үйүнөн чыгып театрга бет алып баратса эшигинин алдынан узатпай тосуп келген бир замандашы айласын абдан кетирди.

– Ассалоом алейкум Сейитказы!

– Валейкум салам, - Сейитказы адатынча кичи пейил алик алды.

– Ой, бу силерди Аксайга кетти дешпеди беле?...

– Ооба, үч күн бою малчыларга оюн коюп, түндө келдик.

– Оп, баракелде-ее. Кечээ жеген согумдун чучугу жыттанып, таруу бозонун гүлүнө чытырап турганың ошондой. Ошо чүйгүндөрдүн кешиги деп дагы да өзүң ишке жарайт турбайсыңбы?.. Карс, карс күлүп далыга таптады кыштоодогу малчыларды тейлеп кечээ тоодон түшкөн Сейитказыны.

– Колдон келчү иш болсо кантип аянайын, айт кандай ишиңе жарайын?.

– Ой, кечээ тиги Боронзодон келген чоңдорду коноктоп узаттык эле, бүгүн тим эле башым как жарылып, көз тунарып турат. Тоодон ала келген чүйгүнүңдөн сугунтуп, кешик-кушук деп жүздүгүңдөн жуткуртуп соопко каласың го деп турам Сепе.

Таң эртелеп эшик алдын сагалаган кишиге «жок» деп басып кетиш өөн көрүндү Сейитказыга. Анын үстүнө бул биринчи жолкусу эмес, баягыда ооруканадан чыкканда да ушинтип келип, аман эсен чыкканын «жууп» берип кутулган. Айтор береги замандашынын тилегин орундатып, анан кыңылдап ырдап жумушуна келаткан Сейитказы театрдын кире беришинен башкы режиссер, акын, драматург Эрменбек Токтогуловго жолугат. Жана үйдөн чыкканы «оңолбогон жүз

грамм», ушу чопчоң эле адамды сураттырып койгон оңолбогон жүз грамм деп кыңылдап келаткан Сейитказыны башкы режиссер таң кала тиктеп калды. Режиссерун ого бетер таң калтырып Сейитказы тамашакөйлөнө минтти.

– Эрмеке, бу сен мага бир «жүз грамм» таап берсең кантет я?.. Өмүрү, арак сурап ичкенди кой, дасторкон үстүндө сурантып атып араң ооз тийсе тийип, тийбесе жок, ичкиликтен боюн октос кармачу Сейитказынын минтип турганын көрүп башкы режиссер кайра суроо таштады.

– Байке, бу сиз эртеси баш ооругудай ылжыгaнды кой, бир ууртамды ичип, ичпей койчу элеңиз, тамашаңызбы, же чыныңызбы?..

–Чын эле айтып жатам, Сейитказы башын көкүрөк жагына кыңшайта күлүп тура берди.

– Мейли, мейли кадырыңыз жан болсун, дүкөн ачыларына аз калды…

– Тамаша, тамаша, деп каткыра Эрменбектин сөзүн үзө башка кеп баштады Сейитказы. – Мага чыныгы жүз грамм эмес, ошо жүз граммды күндө ар ар кимден сурап ичкендер жөнүндө ыр жазып бер, Эрмеке?

Сейитказы түкүнчө, баланча деп аттарын айтпастан өзү билген бир топ жөөлөп сурап ичип баш жазчулардын кылыктарын кызыктуу кылып термелеп айтып берди.

– Өзүң акын элең Эрмеке, ар нерсеге жакын элең Эрмеке, ушул ишке дагы деле болсо сен жарайсың…

– Ошондой дейиз?... Азга ойлонуп тура калган акын ууртунан жылмая башын ийкегиледи.

– Хоп, хоп Сейитказы ага, мага эки-үч күн убакыт бериңиз?.. Баятан Сейитказы күлкүлүү кылып айтып берип аткандагы окуялар акындык акыл сезимине уялап, ал гана эмес, келечектеги ырдын айрым сөздөрү айланчыктап ойго келе баштаган акындын жүзүн күлкү чайыды.

– Хоп, хоп Эрмеке, күтөйүн, күтөйүн, ырың жаралганча күтөйүн. Улууга да кичүүгө да, чоңго да карапайым жапакеч Сейитказы элпек макул болду акынга. Арадан эки-үч күн өтпөй композитор Жумамүдүн Шералиев жаңы жазылган ырга обон ыргактарын издеп алпурушуп олтурду…



Күчөгөндөй жазгы ылаң
Күчкө салат жүз грамм
Бир бөтөлкө ичкенде
Жар чакырып кыйкырам
Би-и-ир бөтөлкө ичкенде
Жар чакырып кыйкырам.

Көз ачырбай уйкудан
Көргө салат жүз грамм
Көрүнгөнгө умтулуп
Көчөлөргө жулкунам.
Кө-ө-өрүнгөнгө умчтулуп
Көчөлөрдө жулкунам…

Ушинтип так ушул жылдары Сейитказы Андабековдун ырчылык-аткаруучулук чыгармачылыгынын жаңы-жаңы ажарлуу барактары улам биринен сала экинчиси ачыла берди…

Топтолук болуп төрөлдүм
Толгоосу бышып энемдин
Үстүндө туулган экенмин
Уй жечү саман өлөңдүн
Аларды азыр ойлосом
Эмне үчүн сокур болбогом.
Ме-е-ен ушуга таң калам…

Чыгаан акын Байдылда Сарногоевдин «Таң калам» аттуу бул ырын алгач окуганда эле Сейитказы Темировко көтөрүп жетип келди. -Абдыке, обончулук жайың бар. Ушуга обон жаратып бербейсиңби?.. Элди бир каткырта ырдап чыгалы. Антип кош таланттар бириктешип издегенде бир нерсе чыкпай коёбу… Арадан апта өтпөй Сейитказы:

… Саламат жүрөт садага
Ойногон оюн суктанып.
Өзүнө чакан араба
Кичинекей балада.
Ойносом деймин кошулуп.
Окшошпойт экем локуюн
Ойноп жаткан балага
Жыргап жаткан балага.
Ме-е-ен ушуга таң калам.

Ме-е-ен ушуга таң калам деп аяктаган ушул ыры чыкты. Ушул ыры менен муруңку СССРге кирген бүтүн Орто Азия республикаларынын элдеринин чыт курсак балдарынан баштап, бубак сакал бабаларына чейин таанылды, алардын сүймөнчүгүнө айланды.

Батыштын өлкөлөрүндө адамдар бири-бирине карышкыр, бизде болсо адам адамга дос жана жолдош деп ач кыйкырык кур сүрөөн салып жүргөн мезгилибизде, биздин коомдо инфантилдер менен люмпендер, же кыргызча кыска айтканда куурай башын сындырбай кара жанын баккандар иттин кара капталынан болуп кетпеди беле. Таң эртелеп эшигинди сагалап бирөө баш жаздырып кой деп, бирөө жакаңа жармашып, этегиңе эрмешип уйкулук калтыр деп турса карапайым, куулук шумдугу менен иши жок адамдын эси эки болбой кантет.

… Жаман жери Чекмурат
Айтканында бек турат.
Баратсаң да өлгөнгө
Уйкулук бер деп турат.
Баратсаң да өлгөнгө
Базарлык бер деп турат… деген, акын Абзий Кыдыровдун келептеринен жаралган бул мыскылдуу ыр Сейитказынын аткаруусунда ого бетер дүңкүлдөп, угармандар арасында желдей тарайт.

Күндөлүк турмуштагы куйканды куруштурган адамдардын кылыктарын акын Абзий Кыдыров тигинтип ташка тамга баскандай таамай жазса, Сейитказы агабыз ал ыр саптарына кадимкидей жан киргизип, көрөрман алдына алиги арсыздарды жыңалачтап тургузуп койгондой жеткилең, образдуу ырдап, сөз куйкумуна куп келишкен куудул кыймыл, мимика менен калкынын көз кумарын да, кулак кумарын да, күлкүгө болгон кумарын да жазып жүрдү.

Дегинкиси Сейитказы Андабеков, өзүнүн көөнү түшкөн турмуштук көрүнүштөр боюнча акындарга, композиторлорго кайрылып, атайын ыр же обон жаздырып алууну өзүнө милдет кылып алган сыяктуу. Башка айрым кесиптештерине окшоп угармандарды тажатып бүткөн ырларды же ыр деп эле даяр тексттердин көрүнгөнүн ала коюп ары-бери койгулап ырдай



берсе көксөгөн оюн айта албай калып, көрөрмандарынын көөнүн ача албай калчудай болуп тынчсызданат. Ошон үчүн ар дайым жаңы ыр обон издегени издеген. Анан калса бу жагынан алганда Сейитказы агабыз жолдуу дагы. Биз жогоруда кайра-кайра айтып өткөндөй, 50-60-жылдары калк арасында кадимкидей жайылып бараткан жат кылыктарга жаны ачып жүргөн Сейитказы ал кезде акын Абзий Кыдыровго атайын жолугуп, дагы бир жаңы ырдын сөзүн жаздырып алды. Көп узабай, Сейитказы Андабеков көпчүлүктүн, бүтүндөй жаш-карынын боорун тырмата каткырткан бул ырды:

Боргулдап тердээр убактын,
Бозокор үйгө ынаксың.
Талаага кыкты ташырда,
Ат сарайдан ырааксың.
Бетинде кызыл түгөнгөн
Белгилүү жалкоо чунаксың.
Ай бекерчим, бекерчим,
Ө-өө-өлүп кетер бекенсиң!…- деп ырдап чыгат.

…Андабеков ырдайт дегенди угуп, айылдын жаш балдарынан баштап, таягын өбөктөгөн кемпир-чалдарына чейин адаттагыдай жык-жык жыйылган. Ошол көпчүлүктүн арасында, же ата-эненин, же айылдагы аттуу-баштуунун, ак сакал көк сакалдын, же чарба жетекчилеринин, же сөз менен чымчып кепке сындырып турган кой көз жеңенин айтканын укпаган, жалкоолукка, жанбагарлыкка ныксырап тебеленген намысы ойгонгус болуп уктаган, адал мээнетинен жадыраган көпчүлүктүн ичинде кадимки кара каргача жан сактаган бир кудай безери жалкоо жүрөт ылаалап. Эл да, тууганары да «ушуга айткан кайран сөз деп» андан түңүлгөнү качан. Дегеле бул айылда ушул жан багарга айтылчу сөз, жукчу нуска жедеп түгөнгөндөй… Буга айла жоктой… Жүрөт бир караан эл арасында самсаалап, илең-салаң ары бер аралап… Каерде той чыкса ошерде мойнун созуп, кемегесинен түтүп булай калган үйгө салам айтып кирип барып ошерден күнүмдүк кара курсагын тойгузуп… Келин-кыздардын ырына обдула жапайы кыйкырык салып коёт.

… Эртеден кечке бекерсиң,
Эй бекерчим, бекерчим.

Жадатып ага-тууганды,
Жакшылыктан безерсиң.
Жарыбай жарык дүйнөдөн,
Житип кетер бекенсиң.
Ай бекерчим, бекерчим.

Житип кетер бекенсиң... Сейитказы чыгып алгачкы куплетти аткарып, ошо Бекерчи отурган тарапка жаңсай бир куудул кыймыл, ишарат жасап койду эле залдагы баятан эле көтөрүлгөн кыраан катккы жаңы толкун менен жаңырды. Баягы төшүн дагдайтып, жакасын жактайтып олтурган Бекерпоз да каткырып калды, эки жагын карап аржаңдап.

– Э-э!.. Мобу баланы?.. Кантет чычым!.. Аржандап күлүп эки жагын карай бергенде так бет маңдайындагы катарда олтурган бала өзүн карап күлүп атат ырсаң-ырсаң этип ...Кемийип, кемийип эми араң уурт жарып келе жаткан тиштерин ырсайткан болуп, дагы сөмөйүн соройтуп так Бекерпозго каратып алып тим эле жаны жыргап күлүп атат, боорун тырмап...

– Эй Жубарымбек!.. Эмне бир жерим көзүңө көрүнүп турабы?.. дегенсип Бекерпоз ага үксөңдөй тиктеди да, эми айланасындагыларга байкап караса элдин баары эле так ошо өзүн карап алып күлүп аткандай ...

– И-ие !.. Булар кутургандан сообу!?.. Бекерпоз эми күлкүсүн тыйып, мостоё калып үстү башындагы кийим кечегин карап, ондомуш болуп жакаларын кармап коёт өзүнчө үтүрөндөп ...

Бекер жерден сый бардай,
Бел оорутуп кыйналбай.
Ылайыктап иш берсе
Ырыскыдан кургандай.
Жылаан көргөн коёнчо
Жылт коёсуң буйдалбай.
Ай, бекерчим, бекерчим,
Жыгылып кетер бекенсиң.

И-и атаңы! Мобу артист да мени шылдыңдап ырдап атабы?!.. Айылдаш улуу-кичүү аял-эркектин кебине кулак кагып койбой, не бир уяткарган сөздөрдү тоотпой басып жүрчү Бекерпозго «...ылайыктап иш берсе,...жылан көргөн коёнчо,



жылт бересиң буйдалбай» деген ыр саптары тим эле мээге кагылган мык болуп кирип бараткансыды... Баятан жаңырып аткан күлкүнүн баары жалгыз өзүн төө бастыга алып жаткансып эки бети дулдуюп ысып, бүткөн боюнан тер кетип баратты Бекерпоздун... Сурмалуу кашы жогору серпилген женеси күлүп олтурат тигинде... Анын жанында, кечээ кечинде булакка атайын аңдып барып сөз айтса , азоо тайдан бетер аза бою түйүлүп ойт берип, Бекерпозду бир кишиче көрбөй, бир ооз кебин укпай басып кеткен келин тим эле бүгүлүп алып күлүп жатат.

Жылт бересин буйдалбай.
Жылаан көргөн коёнчо.
Ай бекерчим, бекерчим,
Жыгылып кетер бекенсиң.

Эл дуулдап сурап олтуруп алгандан улам ырчы да өчөшкөнсүп жалаң эле ушул саптарды кайталап ырдап жаткансыйт. Сөздөрү тим эле ийне болуп бүт денесин сайгылап аткансыйт Бекерпозду. Тигине көзү бригадирдин көзүнө урунду. «И-и, ылайыктап иш берсем, жылт берчү элең коёнчо» дегенсип тим эле оозу жамажайына жетип күлүп атат, кудай берип салгансып, жыргап... ал аз келгенсип так ошол бригадирдин жанына олтуруп калыптыр агасы... Анысы да жер карап бүлк-бүлк күлүп олтургандай...

Жайлоого чыгып тымызын,
Жыргаганың курусун.
Жумуруңа жук болбой
Жутканда тоонун кымызын.
Уртап коюп жүрбөгүн
Уул-кызыңдын ырысын.
Ай бекерчим, бекерчим
Өлүп кетер бекенсиң...

Бекерпоздун денеси от болуп жанып алоолоп өрттүн ичинде калгансыды. Ордунан кандай атып туруп тышка кантип атып чыкканын да билбей калды чагымды...

Ай бекерчим, бекерчим,
Ой бекерчим, бекерчим... артынан ээрчип

алгансып, тим эле кубалап келаткансып кулагына жаңырат мынабу сөздөр. Жанакы тиши эми жаңырып келаткан кетик тиш баланын ырсайып турган түрү, кумаркөз келиндин күлкү чайыган жүзүчү… Өлбөгөн гана төрт шыйрак калды э-ээ!..

Арийне, жогорудагы ырлардын сахнада ийгиликтүү аткарылышы, алардын элге алымдуулугу Сейитказы Андабековдун жеке өзүнө гана таандык шык жөндөм, табигый умтулуу, нукура чын дилинен бүт турпаты менен, чеберчилиги менен шартталганы талашсыз. Сейитказы аганын аткаруусундагы бул чыгармалардын сатиралык, куйкумдуу угутунан башка да тек гана адамдын көңүлүн чайыттай ачып кумарын жазарлык кудурети, социалдык олуттуу жүктү, болгондо да адамдын ар намысын бүлөп ийчү оор жүктү көтөрүп келатты.

«…Абийирди аштай төктү го бу артисиң» деп сөгүнүп, өз алдынча күйүп-бышып, бүлүнүп келатты Бекерпоз. Жер сууга батпай кирерге жер таппай баяккы дегеле мурдун балта кеспөөчү жалкоо… Мына, улуу-кичүүнүн сөзүн чымын чаккандай көрбөөчү, кепжебес жанбагарды беш-алты мүнөттүн ичинде отко какталган, табага куурулган балыктай тырпыратты Сейитказы Андабековдун бир гана ыры… Көрдүңүзбү окурман, орустун атактуу жазуучусу Н.Гоголь айтмакчы – «күлкүнүн, бирөөлөрдүн өмүрү менен байлыгын албай туруп, бирок айыптуу адамды өз алдында коёндой бужүрөткөн улуулугун».

Сейитказы Андабековдун оригиналдуу тамашалуу ырларындагы ат көтөргүс социалдык нравалык күч мына ошол улуулукту аркалап, өзүнүн коом, журтчулук алдындагы таамай таасирин жарым кылым ашуун мезгилден бери аң сезимибизге тийгизип, зор милдет аткарып келаткандыгы. Арийне, бул чыгармачылык улуттук радиобуздун, сыналгыбыздын каражаттары аркылуу эртең да милдетин өтөй бермекчи, эгер билгичтик менен пайдалансак…

Сейитказы менен Койсундун чыгармачылыгында, өзүнүн көлөмү, музыкасынын ыргагы боюнча алганда оригиналдуу оперетта же эстрадалык миниатюра, бир туруп кадимки чубалжыган куйкум частушканын көлөмдүү түрүнө, сценкасына окшоп кетүүчү көркөм чыгармалар арбын.



Койсун: – Ачууланып күнөө коюп какпагын
Айтмак болдум ачуу сөздүн так жагын.
Таза шымды жамаачылап кийгенче
Такыр эле кең көчөгө батпадың.

Сейитказы: – Ай кантейин аппагым ай аппагым,
Атаңдан да жакшы көрдүң ак жагын.
Көтөрүшүп бекерчилер чачпагын,
Бери чети беш жыл көчө таптадың.

Экөө: – Аппагым ай аппагым ай, аппагы-ы-м.
Аппагым ай аппагым ай, аппагы-ы-м…

Мына бул сөөккө жеткен какшыкка ширелген ыр келептерин, ага шайкеш шок ыргактарга бай обонду ийине жеткире аткаруу арийне ар бир ырчынын, ал гана эмес куудулдун да колунан келе бербеси аштан бышык. Ырдын сөзүнө куп жарашкан шок кайрыктуу музыканы жаратып атканда композитор Жумамүдүн Шералиев чын эле оперетталык, жана эстрадалык жанрлардын ыкмаларын теориялык да практикалык да билгичтик, ийкемдик менен пайдаланганы көрүнүп турат. Айрыкча куйкумдуу, өтө мазмундуу алымсабактан кийин аял-эркектин үндөрү эки башка нотада, бирок диссонанс үндөр менен эмес, гармония теориясына ылайык шайкеш иштелип чыккан кош үн менен «аппагым ай, аппагым ай, аппагы-ы-ым ай» деп кайырма созуп кеткени, береги тамашалуу дуэттин кульминациясын ийине жеткире көркөмдөп, тим эле көтөрүп таштайт. Кайырма ар бир кайрылган сайын бул ырды кайра эле уккуң келе берет. Ал эми бул ырдын сөздөрүнүн угуту, мазмунунун тереңдиги угарман, көрөрмандын көөнүнөн кандай түнөк уялап каларын дадилдөө жөн эле убаракерчилик болуп калар эле. Себеби аткарган таланттар Сейитказы менен Койсун болсо, ырдын мазмуну маниси тиги болсо, анан бул ыр угармандын эңсеген ыры болбой коймокпу…

С.Андабековдун ырчылык, аткаруучулук чыгармачылыгындагы кары-жашка, аял-эркекке бирдей сүйгүнчүккө айланган дагы бир касиет, бул өнөрпоз аткарган ырлардын ар кырдуулугунда, түркүн курактагы адамдар үчүн

арналган өзгөчөлүктөрүндө жатат. «Бекерчим», «Чекмурат» сыяктуу бештеги баладан жетимиштеги карыга чейин жеткиликтүү, кызыктуу, кумарланткан ырахат менен угулуучу ырларды эске албаганда да, Б. Сарногоевдин «Таң калам», Шаршен Термечиковдун «Ой тобо», Т. Шаршенбаевдин «Айрөк» сыяктуу ырлары, кудум атайын балдар үчүн жазылып, так ушул кичинекей угармандардын табитине ылайыкталып сахнага даярдалган чыгармадай кабыл алынат. Бул чыгармаларды аткарып жатканда, береги тоодой таштай эле чоң киши, сыртынан караганда өтө олуттуу, оор басырыктуудай көрүнгөн чопо чоң киши, кудум бала кыялынан ажырай элек өспүрүмдөй ойноп турат сахнада. Эмнеси болсо да көрөрманга кудум сахнада чоң кишидей болгон бир бала ойноп, ырдап тургандай сезилет.

… Ой тобо деген ырым бар
Койбой жүрөм ой тобо.
Тогуз казан бозого
Тойбой жүрөм ой тобо-оо.
Көрбөйсүңбү Шакендин
Назиктигин ой тобо-оо, деген саптарды жасалма эффектисиз, нукура табигый үн, мимика менен аткарып, анан мойну башын койкоң-койкоң эттирип койгондо, не бир кайгы муңга, же бир санаага алдырып сустайып, бозоруп олтурган жетим бала да, мисирейе сустайган күлбөс ургаачы да «бырс» этип алары аштан бышык.

… Эшигим алды чалчык суу
Кечип кетем ой тобой-ой.
Таранчылар чырк этсе
Чочуп кетем ой тобо-о-ой.
Көрбөйсүңбү Шакендин
Жүрөктүүсүн ой тобо-о-ой…

Ушул, бир укканда жөпжөнөкөй, ал эмес жупуну эле сезилген ыр келептеринде турмуштук чоң философиялык, тарбиялык мааниси бар олуттуу ой жаткандыгын арийне, бардык эле адам учурунда толук баамдай бербейт. Бирок ырдын сөзүнүн маңызы, тамашалуу, ал гана эмес шылдың кылгыдай апендиликти чагылдыргансыган көрөңгөсү угарман, көрөрманды башка ойлорду ойлоого, баамдоого чамасын



келтирбей туруп өз таасиринин кучагына тартып кетет. Канткени менен ар бир адам баласы чыт курсак кезинде эмнени көрүп кабылдаса, кийин чоңойгондо ошону кайра өзүнөн чыгарып айланасына өз таасирин тартуулайт эмеспи. Айтса айтпаса төгүнбү, жашообузга билектей суу аккан арыкка тыгылган арабаны суудан өткөрүп койгонун, кадимки Сыр-Дайранын кирип турган кезинде кечмелик таап, же көпүрө салып өткөзгөнсүп ооз көптүрө кеп кылгандар азбы да, үлп эткен жел шапатасынан коркуп жүрүп, түмөндөгөн жоо чапчу кебетеленип көкүрөк каккандар азбы?.. Асти андай арсыз болбо деген насыятты, куйкум, калемпир мурч кошкон жетик сөз менен улуу-кичүүнүн кулагына кургак куюп тим болбойт Сейитказынын аткарган чыгармалары. Айрыкча ушул «Ой тобо» деген ырдын ар бир сөзү, обонунун аргагы угармандын кан-жанына сызылып кирип сиңип, бүтүн туюу, кабылдоо сезимине каны менен кошо жыбылжып тарагандай эле кудуретке ээ…

Тегирмендин тоскогун
Тосуп кетем ой тобой.
Ташбака менен жарышсам
Озуп кетем ой тобой…
Көрбөйсүңбү Шакендин
Күлүктүгүн ой тобой-ой.

Кой аксагы менен миң демекчи, адам баласы кайсы кылымда жашабасын, нукура адамдык касиетке ширелген айкөл адамдардын арасында этекке эрмешкен кара өзгөйлөрүн да, кыянаттарын да эл катарында санап келген жана санай берет. Кээ бир адамдар ырас бирөөгө бир зыяндуу нерсе кылмайынча колу же тили кычышып, кырчаңгыланып турат. «Анын жаратылышы ошондой… Ага даба жок» деп келишет эл ичинде мындайды. Ырас эле пайдасынан бөлөк кылча зыяны жок, тегирмендин парасын айлантып, калкынын эгинин, ун талканын тарттырып аткан кудайдын суусун ноодон буруп ийип тосмону ачып салып рахаттанып кыйраткансып күлүп турган ала көөдөктөр кайдан чыгат да, аларды канткенде оң жолго салууга болот. Сейитказы аткарган ыр саптары акылсызга жумшак айтылып жоошутуп оң жолго тартуучу нарктуу кептей эле. Ошол ыр саптары гана ички аң сезимине

таасир берип, кудайым өзү жар болуп ыйманына шыбаа кылбаса, мындай кудай безерге бирөө теңелеби да, теңелсе да, сөзү өтөбү?..

Терип койгон тезекти
Капка салам ой тобоо.
Үйлөп койгон карынды
Атка салам ой тобо-ой.
Көрбөйсүңбү Шакеңдин
Чыйрактыгын ой тобо-ой.

Көркөмдүк кудурети, мааниси боюнча алганда бул саптар канча жылдар өтсө да күнү бүгүнкүдөй актуалдуу бойдон каларына шек жок. Себеби, айрыкча соцреализм мезгилинде талаанын ысык-суугунда азган дыйкандын, тоо-таштын, жаан-чачындын азап-тозогуна тонгон малчынын эмгегин өзүнө ыйгарып «биз кыйратып атабыз» деп көкүрөк коюп күпүлдөгөн партбилермандар, азыр болсо кайра куруунун тополоңун тоз кылып салып элдин жонунан кайыш тилип алып жаткан бийликчилер чынында эле калк терип койгон даяр «тезекти аттарына оодара салып» артынан алып, «базар экономикасын бекемдеп, элди жыргатабыз» деп айгай салышууда. Чынында, тилекке каршы учурунда социализмдин ыйык идеясын тебелеп салып, аны коомдук түзүлүш катары журтчулукка жек көргөзүп салган партбөрүлөр эле, ушул базар наркынын доорунда да кой терисин жамынган карышкырдай болуп уруттуу бийликтерге өздөрү же такыр болбогондо кол балдарын жабыштыра салып, эми алкымын аябай ачып жутунуп, базар наркынын тушундагы коомдун да ичин иритип, элдин үрөйүн учурууда. Нарктуу, салттуу сөздү, жылуу сүйлөмүш болуп, кудум «Сынган кылычтагы» (Т.Касымбеков) Абил бийче же «Ашырбайдагы» (Т.Абдымомунов) Дадый мырзача мүлтүлдөшүп токсонунчу жылдардын башында коомчулукка илешкен эпчилдер, зыяны чейрек кылымга татырлык кадр маселесиндеги кыйчалыштыктарды, бир катар мажес чечимдерди гана тартуулашты. Аны ошол мезгилдеги газета журналдарга байма-бай чыккан, бирөө да «ой бу макала туура эмес» деген каяша урунбаган олуттуу макалалар далилдеп турбадыбы. Ушунун өзү эле биздин мансапкор эпчилдердин «жайдын аптабында үшүп» калуучу, астындагы



аты ылдам басып кетсе шөлп этип түшүп калуучу» адис, мансап үчүн абийирин сатып ийүүчү жетекчи сөрөйлөр экенин далилдеп салбадыбы... Жыйырманчы кылымдын башында чыгаан талант Шаршен Термечиков кыргыз калкынын кутун учуруп келген мындай насили кыянаттардын ар дайым боло бererин ичтен сызып билип «аттиң» дедирткен арманын тогуз бозого тойбоочу боркокторду, таранчыдан чочуучу коркокторду, тегирмендин суусун тескери буруп ийчү бузуктарды, бирөөнүн чогулткан отунун көтөрө качканына мактанган арсыздарды, насилинде куурай башын сындырчу кудурети жок туруп бийлик башында эл ырыскысын жеп олтурган жутарманды ыр кылып калтырса, Сейитказы Андабеков ал кудайы безерлерди дээрлик бүт жыйырманчы кылым бою, тээ отузунчу жылдардан ушуга дейре сахнада, радио обосунда, сыналгынын күзгүсүндө сындап ырдап келди...

...Жайдын күнү саратан
Үшүп калам ой тобо-ой.
Минген атым басып кетсе
Түшүп калам ой тобо-ой...

деген саптар 1990-92-жылдарда, коомубуздун турган турпаты, саясий экономикалык келбети өзгөрүлүп жаткан учурдагы мажестер, делбетаптар жөнүндөгү басмасөздө кашкайып жарыяланып жаткан макалаларга, карикатураларга үндөшүп чыгып жатты... Кантели, коомубуз ушунчалык жансерек, мажес, кулагын кесип алсаң да мулуюп тура берүүчү көңүлкош кайдыгер экен, көз алдындагы бузукулуктарды көрмөксөн болуп нымтырап туруп берди. Карикатурасы гезитке чыккандардын бети бет эмей эле көлөч болуп калган экен, баяккы «Бекерчимди» Сейитказы ырдап атканда залдан чыга качкан көчө таптарды коелу, «өш» деп айдасаң айдоодон четтөчү уйга да кыймылдап койгон жок. Тек, эч нерсе менен иши жок жер челген доңузча дүмүрөңдөп өз арбайларын сого беришти, коом ичин ириндете беришти... Тилекке каршы 1980-90-жылдар коомубуздагы ушундай баш-аламындыктардын, торпокчо жөөлөп жүрүүчүлөрдүн араанын жүргүзгөн учурдун, карапайым, жупуну эмгекчинин, ал гана эмес таланттын да маанайын бастырган доордун мезгили катары тарыхка кирип калмай болду...

… Минген атым басып кетсе
Түшүп калам ой тобо-ой ,
Көрбөйсүңбү Шакендин
Бышыктыгын ой тобо-ой…

Торпокчо тоотпогон «чыйрак билермандарга» тикелей жетпесе да, бул саптар далай акшыңдап каккандарды арына келтирип, калк арасында басып жүрүүчү жерин тарытып каймана түрдө какшыктап, эл ичин арамдан арылтууга чебеленген чабалекейдей кайкып учуп аваз болуп ырдалып кала берди…

Өнөрпоз жубайлардын үйүндө да бир нече сүрөт альбомдору бар. Бирок алардын бирөө башкаларынан такыр өзгөчө. Анда адаттагыдай сүрөттөр эмес жүздөгөн кагаз айрындылары, ал гана эмес концертке кирүү билеттери да чапталган. Баарынан кызыгы, ошол билеттердин артында:

– «Сейитказы Андабеков агай. Биз сизди 1976-жылдан бери билебиз. Мүмкүн болсо пародияларыңыздын бир экөөнү аткарып берсеңиз?… Кыздар коллективи.»

«…Андабеков менен байбичеси 1970-жылы Токтогул районунун Кодул селосунда аткарган ырларын аткарып берүүсүн сурайбыз?…» деген ысык өтүнүчтөр.

«Андабеков менен жубайы Карасартованын аткаруусунда уйгур эл бийи «Алмукан», «Там башында турган кыз» деген бийлерди бериңиздер?…Болбосо залдан кетпейбиз! Коллектив» деген сыяктуу ультиматумдар, суроолор чабандардан, пахтачылардан, окуучулардан, малчылардан, механизаторлордон, кыздардын атынан жазылган. Ал кагаздардын айрыктарында «Беш бармакты» ырдап берсеңиз?!! «Кыздар айды», «Таш балта ошигни» оюн солип бериң?!! «Марусяны» ж.б. чыгармалардан аткарууну суранган кыргыз, казак, өзбек, ал эмес орус тилиндеги өтүнүчтөр жайнайт. Ошончо жүрөктөн түнөк табуу, ошончо эңсөөгө арзуунун өзү таланттуу жубайларга келген бир оомат болчу. Ар кимге коно бербөөчү так ошол көөнөрбөс көркөм дөөлөт жубайларды талантынын күзгүсү, мээнетинин үзүрү катары калктын калың катмарына таанытып келди.



# АКТЕРДУК ТҮРКҮН ТҮРМӨКТӨР

1958-жылы, баягы кырк тогузунчу жылы жоюлган Нарын драма театры Тяньшань музыкалуу драма театры болуп кайра ачылганда, анын башкы режиссеру болуп ташкенттеги А. Н. Островский атындагы театр жана көркөм сүрөт өнөр институнун бүтүрүүчүсү, жаш режиссер Медербек Назаралиев дайындалат. Бул театрда улуттук драматургия менен тең катары дүйнөлүк классикалык драматургияга, орус жана башка элдердин драматургиясына кайрылбаса, бул тоо арасындагы томуктай театрдын өсүп-өөрчүшү мүмкүн эместигин жаш режиссер жакшы түшүнгөн. М. Назаралиев театрга келер замат Гогольдун «Үйлөнүү» комедиясын коюп жаңы театр жамаатын келечекте дүйнөлүк чаркапка белгилүү олуттуу спектаклдерди чыгарууга алдын ала даярдыктан өткөргөн. Бул учурда театр жамааты К. Гольдонинин «Эки мырзанын малайы» комедиясын коюп дагы бир чыгармачылык экзаменден өтөт. «Эки мырзынын малайы» спектаклин коюу учурунда, коюучу режиссер Жүкүн Иманкуловдун бул комедия тууралуу көптөгөн адабияттарды окуп, басмасөзгө жарыяланган бай материалдарды окуп үйрөнүүсү, аларды талдап актерлор менен кеңири сөз козгошу театр жамаатынын чыгармачылык кудуретинин, диапазонунун кыйла өөрчүшүнө өбөлгө болуп, көп актерлорго спектаклдин тигил же бул ролун даярдаар алдында ал жөнүндөгү ар кандай материалдарды окуп үйрөнүүгө, ошолор аркылуу өз образына сүңгүп кирүүгө үйрөттү. Арийне, режиссерлордун актерлор менен мындай иштөө ыкмасы Сейитказы Андабеков тиги Пржевал театрында иштеп жүргөндө, таланттуу режиссер Жалил Абдыкадыровдон көргөн, анын таасирине каныккан. Кудай жалгап бул Тяньшань музыкалуу драма театрына келсе минтип режиссерлор М.Назаралиев, Ж.Иманкуловдор да ушундай ар бир пьеса жөнүндөгү ой пикирлерди абдан окуп изилдеп, анан барып сахнага алып чыгууга даярдашы, Жумамүдүн Шералиевдин спектаклдерди музыкалык көркөмдөөдөгү данектүү чыгармачылыгы жаш таланттын шыгына шык, эргүүсүнө эргүү кошуп турду. Сейитказы театр актерлугунун чеберчилигинин кийинки баскычына өтүүгө, сахнадагы өзүнүн жаңы

образдарын жаратууга камданып калды.

Тээ, отузунчу, кыркынчы жылдары биздин китептин каармандары Сейитказы менен Койсундун чыгармачыл тагдырларынын башатын ачкан, акыры өз үй өлөң төшөгүнө айланган Нарын музыкалуу драма театрынын репертуарын Т.Абдымомуновдун «Ашырбай», У.Шекспирдин «Бинзордук ойсокелер», «Макбет», «Отелло», «Король лир», Пароняндын «Багдасар аке», Жалил Садыковдун «Жукеев-Пудовкинди эскерип», Ж.Абдыкадыровдун «Жүрөгүм менин тоолордо», С.Ходжаниязовдун «Сүйбөгөнгө сүйкөнбө», Гафур Гульямдын «Таш балта ашык» сыяктуу толгон залкар спектаклдерисиз элестетүү мүмкүн эмес. Ал эми айрыкча бул аталган спектаклдерди актерлор Сейитказы Андабековсуз, Койсун Карасартовасыз да элестетүү кыйын. Булардын баарында өнөрпоз жубайлардын дилинен жаралган кайталангыс мүнөз келбеттери, көөнөргүс эпизоддору бар…

Тяньшань музыкалуу драма театрындагы жубайлардын алгачкы ролдору «Кайгылуу Какейдеги» Какей, Райхан Шүкүрбековдун «Менин айылымда» Акматтын, Курманбектеги Аккан менен Гүлгаакынын, Айканыштын, Н.Гогольдун «Үйлөнүүсүндө» Бобчинский болсо, кийин соң К.Жантөшевдин «Шайтан кызында». Сейитказы – Мамалакты, Койсун Карасартова - Көкшалкынын, Всеволод Вишневскийдин «Оптимистик трагедиясында» Чаар солдат менен капчыгын жоготкон Кемпирдин, А.Каххардын «Жаңы жеринде» Кошуп менен Талфанын, Г.Гульямдын «Таш балта ашыгында», Ташбалта менен Ырсалаттын, А.Пароняндын «Багдасар акесинин» Багдасар менен ушакчы аял Тагундун, Ж.Турусбековдун «Ажал ордунда» Токторбай менен Келиндин Н.Ауэзовдун «Айман Шолпанында» Жарас менен Теңгенин, Жоомарт Бөкөмбаевдин «Алтын кызында» Токтор менен Эненин, А.Гилязевдин «Алакандай жеринде» шофер менен Ольга Никитична деген кемпирдин образдарын ийине жеткире чыгарышкан. Сейитказы менен Койсундун, Ж.Садыковдун «Жукеев-Пудовкининдеги», Кулгелдиси менен Пудовкиндин энеси -Айкүмүшү, С.Худжаниязовдун «Сүйбөгөнгө сүйкөбөсүндөгү» Кодалагы менен Парчагүлү, Медетбек Сейталиевдин «Айлакер колукту» комедиясындагы Челпеги



менен Жеңе, Ж.Абдыкадыровдун «Жүрөгүм менин тоолорундагы» Омор менен дүкөнчү аял Калыйча өнөрпоз жубайлардын актерлук чеберчилигинин жетилген мезгилине туш келип алардын артисттик өнөрүнүн көп кырдуулугун биротоло бекемдеди. Арийне, ондогон спектаклдерде Сейитказынын өздүк ролдору да кыйла жогорку чеберчиликте жаралган. Ж.Турусбековдун «Ажал ордунасында» – Куан-Цуанды, «Ашырбайда» Чыныбайды жана Кубанды, «Бинзордук ойсокелерде» - Фальставты «Отеллодо» Венеция шаарынын Дожун, Э.Токтогуловдун «Бир короонун кишилеринде» - Иван Петровичти, М.Борбугуловдун «Кош бол, доңуз дөбөсүндө»- электромонтер Алсабербести, К.Мамбетакуновдун «Үкөй» спектаклинде – Оторбай чалды, С.Сарыгуловдун «Көк бет» спектаклинде – чарбанын баш бухгалтери Турарбекти, Н.Ислаповдун «Бактиярдын ырында» - Ханды, Ч.Айтматовдун «Эрте жаздагы турналарында» - устаны, В.Гидковичтин «Кожо Насреддининде» - Кожо Насреддинди, У.Шекспирдин «Король Лиринде» - Глостерди, «Аксаткын менен Кулмырзада» - Иманаалыны, «Жукеев Пудовкинде» - көпөс Бойковду жаратуу менен, баш-аягы сексенге жакын каармандарды сахнага алып чыкты. Ошондой эле Койсун Карасартованын өздүк жеке кейипкерлери да ондоп саналат. Театрда коюлган Н.Анкиловдун «Жоокердин жесири» спеклинде – Кемпир, А.Цигарелинин «Ханума» спектаклинде – Текиленин кейипкерлерин чыгарып, андан тышкары көптөгөн аялдардын ролдорун окшотуп ойноп көрөрмандары менен кесиптештеринин арзуусуна татыган. Койсун Карасартова «Айдагы жезкемпир» кинофильмде Кемпирдин ролун да эстен кеткис кылып экранга чыгарганын көптөгөн кинокөрөрмандар жакшы билет. Аталган кейипкердин элестүү галлереяларынын жаралышы, өнөрпоз жубайларды нукура театр актерлору катары театр коомчулугунун, мүлдө көрөрмандардын арзуусуна татытты, алардын чыгармачылыгынын өрүшү кенен майдандуу болуп берди.

Сейитказы Андабеков баягы Каракол театрда, Пржевалда иштеп жүрчүдө эле К.Жантөшевдин «Курманбек» спектаклинде Аккандын ролун негизги ойноочу актер, ал эми Курманбектин ролун кайталап ойноочу (дублер) актер катары

сахнага алып чыгып жүргөн. Нарын театры 1962-жылы «Курманбекти» кайра коюп калып, Сейитказыга бул жерде да жогорудагы эки роль бирдей тапшырылат. Арийне, көбүнесе, же дээрлик ар күнү Акканды Сейитказынын Акканы, кудум актер агабыздын өзүндөй табигатынан көкүрөгү ачык, ичине кир сактабаган, барбандаган ак көңүл, досу үчүн жанын аябаган пейили таза кейипкер болуп чыга келет сахнага. Сейитказы-Аккан турган турпаты менен табигаты сергек, учуру келсе жалтанбастан баатырлык, жаангердикти көрсөтө алуучу, ал эми ыгы келип, шарты жарашып турса поэтиканын романтикалуу дүйнөсүнө чуңгуп кирип кетүүчү изги лирик кейипкер катары көрөрманынын көңүлүндө уялайт. Айрыкча Сейитказы-Аккан жигитчиликтин лирикасына толкундап турган жеринде көрөрман муну ачык баамдайт. Аккан келгенде Гүлгаакы кыз уктап жаткан болот. Дүйнө тозуп баратса да ушу азыр Сейитказы-Аккан бул сулуунун айжаркын мемирөөсүн, ажайып көрүнүшүн апыл-тапыл бузгусу келбей, көңүлүндө козголгон назик ыкласты көрөрмандын сезимине жеткире ойнойт. Бирок ойготпошко арга жок эле, шарт кыстап турган. Ошондо Сейитказы-Аккан уйкудагы сулууга астейдил сөз катат…

… Көйкөлүп көк шибер турса
Көшүлүп уктап ким жатат.
Шырт эткенден дабыш алып,
Неге сулуу үн катпайт?..
Көп уктабай тургун сулуу
Боз улан келди жаныңа
Жай сурашып биз таанышып,
Карашалы алыңа…

Ушул эпизоддогу Сейитказынын театрдык каарманынан акындардыкындай болгон назиктик, орошон эргүү, арзуунун көрүнүшү өтө ишенимдүү чагылдырылат.

Тяньшань музыкалуу драма театрында ошол мезгилде дагы бир социалдык-психологиялык олуттуу спектакль коюлуп калат. Ал, драматург Эрменбек Токтогуловдун «Бир короонун кишилери» аттуу пьесасы эле. Спектаклде Иван Петровичти



ойноп чыккан Сейитказы, өзүн кеңири чаркаптагы актер экендигин дагы бир ирет көрөрмандарына ынандырарлык көргөзө алды. Сейитказы – Иван Петрович, пьесадагы авторлук ремаркада берилгендей тек гана өзөктүү кейипкер болбостон, көрөрмандардын ар бири менен кенен кесири сүйлөшүп олтурган маектешиндей сезилген элге жакын, жан дүйнөсү көпчүлүккө өтө түшүнүктүү табигый кейипкер болуп чыкты.

«Менин айылым» спектаклиндеги Акмат тракторчудан, ушул «Бир короонун кишилериндеги» Иван – Петровичке чейинки мезгилде Сейитказы жараткан образдар, аткарган ырбийлер элге ушунчалык таанылып калды. Тяньшандын артисттери келиптир дегенди укканда эле мейли катардагы колхозчу, мейли эл башкарган билерман, мейли билими ашкан интеллигент болсун «Сейитказы Андабековдор» бар бекен?..» деген суроону берип, ага ынанып гана концертке бет алган учур, башкача айтканда Сейитказыны угуп, көрсөк деген эңсөөнүн кызып калган учуру өкүм сүрүп калды…

1964-жылдын февраль айы… Сейитказы Андабеков адаттагысындай үйүнөн эртелеп чыгып театрга, жумушуна бет алды. Алдынан алгач эле учураган адам учурашып ал-жай сурашкан соң Сейитказынын колун кыса кармап күлүндөдү…

– Кут болсун!.. Эч нерседен кабары жок, оюнда да эч нерсе жок Сейитказы кошунасын таңдана тиктеди.

– Болсун, болсун… Бирок айтчы, кудай жалгагыр эмнемди куттуктап атасың? Өзүнө мүнөздүү башын ийилте кошунасын тиктеген калыпта Сейитказы суроолуу тиктеди.

– Наам кут болсун деп атам ой, Сепе!..

– Ылайым айтканың келсин, айтчы деги кайсы наамды айтып турасың?..

– О койсоңчу Сепе, кантип эле билбей каласың. Бүгүнкү гезитти окуган жоксуңбу?..

– Ыймандай сөзүм кошуна. Гезитти өзүң билесиң биздин почточулар бүгүнкүнү кечинде кара күүгүмдө же эртең алып келет эмеспи. Менин эч нерседен кабарым жок.

– Ой Сепе, анда сүйүнчүңдү камда. Сага «Кыргыз ССРинин

эмгек сиңирген артисти» деген ардак наам берилиптир!... Бүткөн боюн ымыр-чымыр кылып ийген эмелеки күтүлбөгөн кабардан Сейитказы шаштысы кете, чекесине чыбырчыктай калган терин сүртө, тумагын башына кие берип күлүмсүрөдү.

– Айтканың келсин кошуна, жакшы кабарың үчүн оозуңа май. Чынында Сейитказы мындай сыймыкты минтип күтүлбөгөн жерден келе калат деп ойлогон эмес. Ошол жылдары маданий коомчулуктун жогорку чөйрөсү аздап бузулуп, обком, шаарком, райкомдорго жакын ылым санагандар, же тим эле көкүрөк кагып жулунуп киргендер наам алып, тек эмгеги менен алышып карапайым жүргөн не бир таланттар, жөндөмдүүлөр, далай азаматтар наам, сыйлыктардан, кудуретине жараша деңгээлдеги кызматтан караманча куру калчу учур кадимкидей күчүнө кирип калган эле. Баягыда театрда чогулуш болуп, театр жамааты бир оздон Сейитказы менен Койсунду наамга көрсөтүү жөнүндө кеп кылып чыкканы бир эсинде. Анан калганы эмне болу, эмне койду анысы менен иши жок эле жүргөн Сейитказы. Кудайдын мунусуна шүгүр, минтип бүгүнкү таңда жакшы кабар угуп олтурат... Бул окуя Сейитказы Андабековдун эмгегинин, чыгармачылыгынын эң алгачкы урунттуу акыбети эле. Алдыда сансыз гастролдор, жаңы-жаңы образдар, көрөрмандар менен көптөгөн жолугушуулар күтүп турган... Актерлор – Сейитказы Андабеков менен Койсун Карасартованы жакындан жакшы билген адамдар, алардагы кынтыксыз үч сапатты, театр өнөрү үчүн эң кымбат үч сапатты баамдабай коё албайт. Булардын эң башкысы – аталган өнөрпоздорду эч кандай кесиптик билимсиз, даярдыксыз эле ири профессионал актердук деңгээлге жеткизген табигый, нукура театрдык талант жана шык. Экинчиси кандай гана роль же ыр-бий болбосун аткарганда бап келе калуучу алардагы тышкы сын сыпаттуу келбет жана назик да, кубаттуу да угулчу театрдык үн. Арийне, талантты таланттай калыптандырып, бөлөп, курчуткан чоң чыгармачылыкка маштаган күч – бул өнөрпоз жубайлардын талбаган эмгеги, терең изденүүсү. Жетишерлик билими же табигый көрөңгөсү жок туруп эле таланттуу артист болуп көрүнүүгө далбастаган дилетанттардай болбой, Сейитказы



менен Койсун мейли спектаклдеги роль болобу, мейли концерттик номер болобу, аны даярдоого киришер алдында, ал ырдагы же пьесадагы кейипкердин кулк мүнөзүн, жүрүш-турушун тегерек чекесиндеги өзү билип жүргөн адамдардан издейт, турмуштун кайнаган очогунан серең салып карайт. Кудум айсыз караңгы түндө уңкул-чуңкулдуу айлыңдан ак чөлмөк издегенсип жүрүп таап, анан өз көзү менен кулагы укканын драматург, акын же композитор жазган саптарга ширелтип көрөрманына алып чыгат.

1966-жылы Нарын театрынын Фрунзе шаарындагы чыгармачылык отчетунда, кудум ошол айсыз түндө ак чөлмөк таап алгансып жараткан Акканды «Курманбек» спектаклинде ойноп чыкты. Анда, «Курманбек» спектакли, чыгармачылык отчетко коюлган Ч.Айтматовдун «Кызыл жоолук жалжалым», Б.Жакиевдин «Миң кыял». Т. Абдумомуновдун «Атабектин кызы» сыяктуу олуттуу спектаклдерге, бирден бир эпикалык чыгарма катары отчеттук репертуардын көч башысы иретинде келген. Арийне, тоолук театрдын бул спектаклдери борбор көрүүчүлөрүнө гана эмес бүтүн жергебиздеги театр дүйнөсүнүн алдында Тяньшандыктардын белгилүү бир этаптык чыгармачылыгын сыноодон өткөргөн. Бул спектаклдерди койгон режиссер Б.Ибраев менен Э.Токтогуловдун, ойногон актерлордун чыгармачылык изденүүсүнүн акыбети кайтып спектаклдер ийгилик менен катар Койсун Карасартованын шок номерлери борбор көрөрмандарынын купулуна айрыкча толгонун ал кездеги гезит-журналдар далайга аваз кылып жазып турушту. Ошол 1966-жылы Сейитказы Андабеков Кыргыз ССРинин жогорку Советинин Ардак Грамотасын, ал эми Койсун Карасартова болсо СССР маданият министрлиги менен маданият кызматкерлеринин профсоюзунун Борбордук Комитетинин Ардак Грамотасын алууга татышкан.

Кылымыбыздын алтымышынчы, жетимишинчи жылдарында Сейитказы Андабековдун Тяньшань музыкалуу драма театрында жараткан каармандары сөзсүз түрдө мурункусу кийинкисин толуктап тургандай, байытып келаткандай чыгып келди. Ошол эле учурда актер Андабековдун кейипкерлери бир кесиптеги бирдей социалдык

абалдагы каарман болсо да бири-бирине караманча окшошпойт.

Мисалы А.Пароняндын «Багдасар аке» спектаклиндеги Багдасар көпөс, Ж.Садыковдун «Жукеев-Пудовкинди эскериптеги» Бойков деген көпөстөн таптакыр башка палитрада чыга келген. Бул экөө тең байлыкты сүйгөн эзүүчү таптын өкүлдөрү. Экөөнүн тең дилинде пайдадан башка максат жок. Бирок Сейитказы-Багдасар көпөс тек гана сараң, ач көз бойдон спектаклдин башынан аягына дейре битин сыгып канын жалап, чака тыйынынан бери санап өтсө, Сейитказы-Бойков көпөс байлыгын тек басып олтуруп албай, аны куулугу, мансапкорлугу, өктөмдүгү, каардуу таш боордугу аркылуу көбөйтүп, ошо байлыгына адамдын асыл башын, ар намысын сатып алууга умтулат. Ошол байлыгына таянып алып бийлик адамдарына таасир берүүгө, ушул ыкмасы аркылуу эбин таап эл үстүнөн кадимкидей бийлик жүргүзүүгө жан далбастайт. Сейитказы-Бойковдун кадиксиз мыкты чыкканын, спектакль жүрүп атканда бийлик башындагылар ал көпөскө таасирленип олтуруп, өз бийликтерин анын кызыкчылыгына кызмат кылдырып ийгенин билбей калганынан улам көрөрмандын шылдыңына калганынан улам билүүгө болор эле... Мына ушунусу менен Сейитказы-Бойков жаңы заман үчүн кара башын сайып койгон Жукеев-Пудовкиндей (К. Медетбеков) чыгаан азаматтын эң татыктуу, таптык сезимде катуу каршыккан душманы. Капар – Жукеев-Пудовкин революционер жыланач көкүрөгүнүн, революционердик аң сезиминин кубатына, калың элди жарыкка үндөп артынан ээрчитип кетем деген ишенимине таянып бул кармашка башын сайса, Сейитказы – Бойков көпөс бул күрөштө жалаң байлыгына таянса жеңилип каларын туйган, дагы да болсо заман кандай болуп кетет деп элеңдеп караңгы элди алдына салып, күргүштөтүп айдап береги жыланач көкүрөктөрдү тепсеп өтүүгө далаалаттанат. Мүмкүн автор пьесанын трактовкасы так ушундай болуу керек деп бербеген чыгар. Бирок Сейитказы-Бойков көпөс менен Капар-Пудовкин революционердик чыгармачылык эргүүсү ушундай кейипкерлерди жаратып, адамзатынын ички жана тышкы эмоционалдык, психологиялык жана кара күч менен



кармашууларынын ачуу чындыгын кашкайта ачып салган.

Зээндүү актер Сейитказы өзүнүн Бойков көпөсүндөгү бул куулук шумдуктарды Кара Калпак элинен чыккан Городелек көпөскө да сиңирип, күлкү келерлик түрдө интерпретациялап ийген. Городелек, Торедей пайдачыл шумду, Кошкинбай сыяктуу тумшугунун алдындагы баамдабаган бечараларды өз тарабына тартып, кайнаса каны кошулбас Ауэз, Ордобайларга тырмаландап каршыгат. Көрдүңүзбү окурман, бир типтеги, бир социалдык абалдагы адамдардын эки башка түстөрүн. Бири (Бойков) бийик середен, калың кара күч менен максатына жетүүгө умтулса, Городелек көпөс кибиреген арамзалык, мажес ыкмалар менен бирок Бойковдукуна караганда алда канча майда, бир болор-болбос максатына жетмекчи.

Арийне, бирдей эле мезгилде, үч окшош каармандар образдарын ушундай кылдат штрихтер менен үч бөлөк палитрада алып чыгуу бардык эле «мен» деген актерлордун да колунан келе бербесин моюнга алуу керек. Адатта, ой максаттары, социалдык абалдары, кылык-жоруктары бирдей адамдар өздөрү кааласа, каалабаса да турмушта опокшош болуп көрүнөрү бештен белгилүү эмеспи. Турмуштун өзүнүн логикасы, диалектикасы ушуну шарттайт, андай сырты окшош адамдар тикелей генетикалык жана психо-биологиялык өзгөчөлүктөрү менен гана айырмаланышы мүмкүн. Арийне андай айырмачылыкты эң мыкты деген автор да өз пьесасында же инсценировкасында ачып бере албай калышы көп учурайт. Демек, өзү жеке адам катары, актер катары үч бирдей окшош каармандын сахнадагы келбетин сүттөн сууну ажыраткан сыяктантып бири-биринен айырмалап индивид катары бөлүп ынанымдуу көрсөтүүгө Сейитказыдагы нукура актерлук кудурет, табигый талант гана өбөлгө болгонунда шек жок. Бул үч ролдун бири биринен караманча айырмаланган прототип болуп жаралышында талант менен актерлук кудуреттен тышкары, изденүүнүн канча сары эсеби жатканы албетте актердун гана өзүнө белгилүү болсо керек. Биз баятан бери үч окшош каарман деп атканыбыздын себеби Сейитказы Андабеков жараткан көпөстөрдөн үчүнчү каарман Городелектин чыгышы менен актер Октябрь революциясына чейинки өткөн замандагы байлыгына чиренип адам

тагдырлары менен ойногон кейипкерлердин интернационалдык галлереясын түзө алгандыгын айгинеледи. Ал галарея, «Ашырбай» (Т. Абдумомунов) спектакилиндеги Чыныбайдын кейипкери менен толукталып, актерлук ар тараптуулуктун, изденүүсүнүн чексиздигин дагы бир ирет айкындап койду.

Айрыкча Каракалпак драматургу С.Ходжаниязовдун «Сүйбөгөнгө сүйкөнбө» деген үч көшөгөлүү музыкалуу комедиясындагы башкы каарман Годалактын кейипкерин алып чыккан Сейитказы, өзүндөгү комедиялык актердун жөндөмүнүн мурда көрөрман үчүн али белгисиз ой-кырларын көргөздү.

Сейитказы-Годалак зулум замандын сарандык, дүнүйөкорлук илдетине баткан, ач көз, көкүрөгү көндөй, түшүнүгү такыр тар адам. Бирок байлыгы бар. Бир сөз менен айтканда бөрү замандын тушунда күнү тууп турган, зил замандын типтүү өкүлү. Сейитказы-Годалактын айрыкча кебете-кешпири, жүрүш-турушу ушунчалык түрү суук, дардаң, ошол эле убакта уу-заарлуу чыккандыктан, залдагы көрөрман Сейитказы-Годалак сахнага чыгары менен
20-кылымдын башындагы шум замандын ыңырсыган жытын искегенсип, ызгаар илебин сезгенсип, түрү суук чөйрөгө түшүп калгандай сезип кетип, ал гана эмес ичиркенип алгыдай болот. Спектаклиндеги окуянын чиелениши, Годалак өзүнүн шериги Торе менен тээ алда качан кедейлерге карызга берген аласасын эки-үч эселенген үстөк менен жыйнап алууга аттанып чыгышканда башталат. Алар ошол жутунган максат менен Кошкинбай дегендин үйүнө келип, оюнда эч нерсе жок бейкапар, жаштык кыялында жаздын тезирээк жадырап келишин эңсеп, кусалуу ырдап олтурган Айсанемдин үстүнөн чыгышат. Кыздын атасын чакырып келүүгө жумшап ийген Тореден Годалак сурап калат.

– Торе, бул Кошкинбайдын кызыбы?

– Ооба. Өзү да-а… Бой жетип калды.

– Кошкинбай эмнеге карызын бербей жүрөт десе, берчүсү бар тура….

Үйүнөн үрүп чыгар ити жок кедейлик кендирин кесип турган Кошкинбайды Годалак аласаңды бергин деп



тиричиликтин муздуу жарына такап туруп алат. Бу тирүүчүлүктө жараткан Көкө теңир өзү адашыппы, же табигат жаратылыш адилетсиздик, сокурлук кылыппы, айтор адамдык касиеттен караманча кур жалак жаралган Годалакка сасыган байлыкты ээлетип салса да, Годалактын пейили, сырткы түрү сууктугу оңолбойт. Тескерисинче, улам Сейитказы-Годалак сахнага чыккан сайын көпөстүн суук тумшуктуулугу артып, улам көрөрманга мокочо көрүнүп баратат… Сейитказы-Годалактын ошо түрү суук мокочо кейпи, Кошкинбайдын күндүзү оюнан, түндөсү түшүнөн кетпей чоочутуп ойготуп, жүрөгүнүн сары суусун алып ийет. Ушундай күндөрдүн биринде Сейитказы-Годалак, Бакирдин-Кошкинбайды (Алиев) үйүнө чакырып, бечара кедейди карайлатып там сүздүрүп, андан баягы болор-болбос аласасынын ордуна шам чырактай жанган, жекен талдай буралган, толгон айдай толукшуган кызы Айсанемди берчү убадага жыгат.

…Адамзатты адамга
Тебелеткен замана,
Асыл жанды акмакка
Тегерететкен замана, демекчи Сейитказы-Годалак,

Бакирдин-Кошкинбайдын айласын ушунчалык кетирет. Кошкинбай кыйла эле дээри тетик, акыл эстүү, өз алдынча кайраттуу адам болсо да, береги Годалактын кара өзгөйлүгүнүн, заманынын зулумдугунун астында кандайча тизе бүгүп чөкөлөп туруп бергенин билбей калат. Баягы бир кишичелик парасаты, кайраты бар Бакирдин-Кошкинбай, Сейитказы-Годалактай нысапсыз эки аяктуу жырткычтын куугунтугунан жүдөп бүткөндөн улам, тим эле бир түркөй алсыз, арсыз, акылсыз адамдын кейпин кие берет улам эпизод алмашкан сайын. Анткени, Бакирдин-Кошкинбай, Сейитказы-Годалактын бирде өкүрүп-бакырып, заар тилин, уулу камчысын жумшап, бирде мылжыңдап жумшак сүйлөп алдап кууланып тарткан желесине чалынып, маталып туруп калып, кудум акыл эсинен ажырай баштаган адамды элестетип иет. Акыры, ушинтип олтуруп Кошкинбайга, кызы Айсанемдин келечеги ушу бай чалга байланса, кызы кор болбой жашоочудай сезилет. Кошкинбай өз кызын Годалак байга 12 уйга баалап сатмак болуп, ал гана эмес иштин ушундай бүткөнү

калганына кубанып кайтат үйүнө. Көрдүнүзбү, актердук нукура таланттын кудурети сахнадагы түгөйүнө (партнеруна) кандайча таасир бергенин. Сейитказы-Годалактын Бакирдин-Кошкинбайды сахнада арбашы, ошол арбоонун табигыйлыгы, психологиялык таасири актер Бакирдиндин да шык жөндөмүн ого бетер өчөштүрүп, кычатып олтуруп ал, айласыздан өзүн кудум эле бечара Кошкинбайдын психодепрессиялык абалына түшүп кеткен немедей бужүрөк сезип калат. Арийне, Сейитказы-Годалактын үстөмчүл, күчтүү болуп улам күч алышына Бакирдин-Кошкинбайдан табигый түрдө улам кичирейип, көз көрүнөө кичирейип, бечаралана бериши кубат болуп, Сейитказы-Годалактын төбөсү ансайын көк тирей берди. Андан башкача болууга мүмкүн эмес эле. Себеби ал турмуштун ачуу чындыгы ушундай болуучу. Ошол жашоонун ачуу чындыгы гана Кошкинбайды кайнаса каны кошулбоочу Годалак, Шираз молдо, Торе сыяктуу эзүүчү таптардын кошунуна алпарып айласыздан жабыштырып салган. Сейитказы-Годалактын сахнадагы түрү суук, мокочо кейиптенген кебете-кешпирине, шайтандыкындай арам кылык жоруктарына, аңкүдүк сөздөрүнө кыраан каткы түшүп калган көрөрмандар, ал мокочо ак балтыр кызга тырмагын батырмакка арамза ниетин жексурлук менен ишке ашырмакчы болуп аткан жерге келгенде, сахнада ошол эпизод башталганда «Уяты жок абийирсиз», «сакалың өрттөнгөн какбаш чал!» дешип залдан ачуу реплика таштап ийип атышты. Арийне, ушунун өзү актердун көрөрманын абдан толкундатып ийген актерлук кудуретинин, чыгармачылык изденүүсүнүн жана чеберчилигинин канчалык экенин айныксыз айгинелеп турду... Эгерде бул кырдаалды, италиялык атактуу скрипач Николла Паганининин «башкаларды толкунданткың келсе, өзүң катуу толкунданышың керек» деген афоризминин өңүтүнөн карай турган болсок, Сейитказы-Годалактын сахнага чыгар алдында, сахнага кандайча толкунданып, кейипекеринин бой турпатына кан-жаны менен кирип кеткенин жетик баамдай алабыз.

«Сүйбөгөнгө сүйкөнбө» комедиясынын дагы бир баалуу өзгү - реалдуу турмуштагы актер жубайлардын, так ушул комедияда да жубайларды ойноп, спектаклдеги жубайлардын ыр-чырын көргөзгөн актерлук өнөктүк чеберчиликтеринде .



жатат. Ал чеберчилик, Сейитказы-Годалак менен, анын өмүрлүк жары Койсун – Парчагүлдүн (Карасартова) өнөктөштүк мизансценаларында, эпизоддорунда айныксыз ынамдуу көрүнөт. Парчагүл-Койсун абышкасы Годалак-Сейитказыдан ансыз да отуз жаш кичүү кейипкер. Бул аз келгенсип жетимиш жаштагы Сейитказы-Годалак бир бечара кедейдин он гүлүнөн бир гүлү ачыла элек, эне сүтү оозунан кетип кете элек жаш кызын Парчагүлдүн үстүнө токолдукка алганы жатканы сахнадагы өтө күлкүлүү кармашуунун, тирешүүнүн кара добулун көтөрүп турат. Натыйжада Сейитказы – Годалактын али оттой күйүп, шамдай жанып турган жаш аялы Койсун – Парчагүл, тиги барымтага кеткени турган бойго жеткен кыз Айсанемдин сүйгөн жигити Ауэздин (К.Карагулов), анын курдаштары Оролбай, Дашым, Гүлзада, Ажарлардын тарабына өтүп кетип, эски менен жаңынын, өлүп бараткан тап менен жаңы муундун, кара өзгөйлүк менен турмуштук табигый аруулуктун, арзуунун чеңгелдешкен кармашын, айыгышкан күрөшүн жүргүзүшөт. Арийне «көнгөн жоо атышарга жакшы» демекчи, чыныгы үй бүлөлүк реалдуу турмушта кезикпей койбоочу ыйкы-тыйкынын далай чыпкасынан чогуу өтүшкөн жубайлар Сейитказы-Годалактын, Койсун – Парчагүлдүн бул спектаклдин ажарын ачуучу бөтөн көзгө көрүнбөй, эч кимге сезилбей жаткан мүмкүнчүлүктөрүн таланттуу режиссер, маркум Рысбек Кемпирбаев билгичтик менен, ашкере жөндөмдүүлүк менен пайдалана билген. Ушунун өзү менен, ал режиссерлук даанышмандыкты көргөзүп, спектаклдин көрөрмандын көз алдындагы ийгилигин түптөп салган десек аша чапкандык эмес. Арийне бул кашкайган чындык. Кантсе да бүтүн окуянын чордонунда тукумсуздук, кайрымсыз кырсык, көпкөндүк, аягы суюктук, бузуктан башка нерсе ажырата алгыс эрди-катындын жубайлык турмушунун насили жатпайбы. Мына ошол кырдаалга философиялык көзкараштын өңүтүнөн караган режиссер, спектаклдин аягындагы Сейитказы-Годалактын өз көпкөнүнөн «көзү чыгып», же Айсанемден жок, же баяккы өз аялы Парчагүлдөн жок ай талаада жападан жалгыз калган финалын өз ийине жеткире чечкен. Мына ошондуктан финалда Оралбайдын Сейитказы – Годалакка карап:

«Жалгыз жүргөн камансың,
Жаштарга кол саласың.
Калган дагы энчинди
Калк алдында аласың» деген эпиграммасы менен Сейитказы – Годалактын бул учурдагы күйүп-бышканы сүрөттөлүп, баякы Годалактын ансыз да мокочолонгон кебете-кешпири көрөрманды ыкшыта күлдүрүп, кара өзгөйлүктү жеңген адалдык, аруу арзуунун салтанаты өкүм сүрүп, кармашуулардын түйүнү чечилет. Адатта драмалык сценкалар аркылуу чечилүүчү мындай көрүнүштөр өтө жеткилең комедиялык мизансценаларда чечилиши спектаклдин коюулушунун, анын баш кейипкерлерин ойногондордун чеберчилигинин артыкчылыгын айгинлеп турду. Арийне бул ийгиликти камсыздандырууда Сейитказынын бизге башынан тааныш табигый тамаша мүнөзү, комедиялык актердун тубаса таланты башкы себепкер болгонун танып болбойт.

1975-жылы Кыргызстанга ушул «Сүйбөгөнгө сүйкөнбө» комедиясынын автору Кожониязов келип, спектаклдин премьерасын көрүп, башкы кейипкерди ойногон актердун чеберчилигине өтө ыраазы болот. Ал гана эмес аталган комедиянын ушул башкы ролун Нукустун театрына барып ойноп келип берүүсүн өтүнөт... Тилекке каршы театрдын дирекциясы бул ишти көз жумдуга салып, укмаксан билмексен болуп тымпыйып койгону гана өкүнүчтүү болду. Же актер Андабеков айрым кесиптештеринче үстү-үстүнөн эшик жыртып кирип өзүн Нукуска чыгармачылык сапарга жиберүүнү талап кылып туруп албады... Же башчылар Андабеков антип Нукуста Годалакты аткарып жүрө берсе Нарындагы театрдын финансылык планын дагы ким ушул учурда ашыгы менен толтуруп берет деп камтама болуштубу... Же болбосо Каракалпакстанга чыгармачылык сапарга барууну, тиги Кавказдын курортторуна барып ойноп келчүдөй көп сезип кетиштиби... Айтор, кыргыздын театр санатынын тарыхында, дагы бир таанымал өнөр чеберинин боордош калк алдында, алардын борбордук сахнасында толук актердун талант ажарын ачып көргөзчү барагы жазылбай калганы айгине.

Актер Сейитказы Андабековдун комедиялык пландагы



кудурети драматург Садыр Сарыгуловдун «Көк бет» спектаклинде да айрыкча көзгө көрүнөт. Бул спектаклде Сейитказы чарбанын башкы бухгалтери Турарбектин кейипкерин чыгарган. Бу сапар Сейитказынын сахнадагы негизги партнеру комедиялык актер эмес, тескерисинче оор басырыктуу, олуттуу пландагы актер Капар Медетбеков – бригадир Асангазы болуп чыгат. Аталган комедияда да Сейитказы-Турарбек кыр көрсөткөн, чарбанын материалдык каражатын тейлеп, бийлеп турган, соцреализм доорунун колунда байлыгы бар өкүлүнүн жүзүн ачып көрсөткөн. Спектаклдеги көрөрмандарды күлдүрүп атып эсинен кетпей калчу эпизоддор да ошол кербезденген Сейитказы – Турарбектин, анан ага келиштире кошоматтанган бригадир Капар –Асангазынын репликаларынан, мизансценаларынан турат. Айрыкча ушул спектаклде бул эки таланттуу актердун тымызын актердук таймашуусу, алар спектаклдин ремаркасында да ойноп турууч эпизоддордон улам бааланат.

Сейитказы Андабековдун өздүк чыгармачылыгындагы этаптык комедиялык роль болуп, 1967-жылы режиссер Эрменбек Токтогулов койгон, өзбек элинин белгилүү драматургу Г.Гулямдын «Ташбалта ашык» аттуу комедиясындагы Ташбалтанын кейипкери таанылды. Муну этаптык роль дегенибиздин эки себеби бар. Биринчиден, боордош элдердин драматургиясынан алынып Нарын театрында согуштан кийинки эки он жылдыктын аягында коюлган ири пландагы чыгармалар ушул «Ташбалта ашык» менен Вс.Вишневскийдин «Оптимистик трагедиясы» болчу. Экинчиден, Сейитказы Андабеков бул орчундуу спектаклдеги башкы ролду алганга чейин Каракол жана Нарын театрларында өткөн чыгармачылык изденүү, концерттик чыгармачылык элегинен, ошондой эле актерлук чеберчиликтин чыпкасынан Медербек Назаралиев, Адил Абдыкадыров, Рысбек Кемпирбаев, Эрменбек Токтогулов сыяктуу ар кыл таланттуу режиссердун сахналык мектептери аркылуу өткөн. Же башкача айтканда жогорудагы нукура адис режиссерлор менен иштешип жүрүп, ал сахна технологиясынын, актерлук кесиптин теориясынын алгачкы түшүнүктөрүн үстүртөн алып тим болбостон, кандайдыр театрдык даярдыктын мектебин

сырттан окуп бүткөн сымал деңгээлге жеткендей эле калыптанып бүткөн учуру эле. Кантсе да Ташбалтанын ролу Сейитказы Андабековдун театр сахнасындагы жыйырма жылдык эмгегинин, актер катары калыптанышынын, жетилип тарбияланышынын экзамени болуп калды десек аша чаппаспыс. Мунун ырас экендигин Ташбалта–Сейитказы көрөрман менен коомчулук алдында өзүнүн эң мыкты чыгышы менен далилдей алган учурунда…

Арийне Сейтказынын Ташбалтасынын жаралыш эволюцияларын, ага түп негиз болуп берген мурунку спектаклдердеги тээ К.Жантөшевдин «Шайтан кызындагы», Мамалагынан же Р.Шүкүрбековдун «Менин айылымдагы» Акмат тракторчусунан баштап талдоо үчүн бир нече китепке татырлык ой жүгүртүүлөрдү таап мисалга келтирүүгө болор эле. Бул чакан китепке андай масштабдагы талдоону батырыш кыйын болсо да негизги каармандарыбыз болгон өнөрпоз жубайлар, сахнада да жубайлардын турмушун келиштире ойноп салган «Ташбалта ашык» спектаклди жөнүндө азыноолак ой козгобой кыйгап өтө албаспыс… Баса, спектаклди көрүп бүткөндө, же пьесанын өзүн окуп калсаң, Сейитказынын чыгармачылык чаркабын жакшы билген адам ушул пьесадагы Ташбалтанын ролу автор тарабынан так эле Сейитказы Андабеков үчүн ойлонуп табылганбы дегидейсиң. Биз Сейитказы аганын турмушта табигатынан тилалчаак, элпек, аккөңүл өнөрпоз катары билет эмеспизби. Ал эми Сейитказы - Ташбалта андан беш бетер ишенчээк, ал эмес амалдуу молдо Салихке (Калыйбек Тагаев) алданган жупуну мээнеткеч. Анын багына сүйгөнү Ирсалат-Койсун бышык чыгып, динчилердин кара туманына бықшып башы айланган Сейитказы-Ташбалтаны ал чөйрөнүн таасиринен сууруп кетүүгө жарайт. Алар жаңы жышаан, жөрөлгө боюнча баш кошушат. Ташбалтанын замандаштары Курбан (Д.Сариев), Палван (А.Мокеев) Сейитказы-Ташбалтанын Салих молдонун арам кирешелерине кызыкдар болбошуна түрткү берет. Канчалык ишенчээк болбосун, аздыр көптүр көөнү зирек Ташбалта акыры Салих молдонун да бетин ачып салып, анын тиешелүү жаза тартышына шарт түзөт…

Нарындыктардын «Ташбалта ашык» спектакли эң



мыкты чыкканын ушундан бир билелик дениз, айрыкча республикабыздын түштүк кылаасындагы көрөрмандар «Ташбалта ашык» спектаклинин кечээ коңшу колхоздо кандай өткөнүн угуп эле, эртеси аны аңыз кылып, ал спектаклди сөзсүз көрүүгө кумарланып эңсешчү экен. 1968-жылы, Кыргыз ССРинин эл артисти, Ош өзбек театрынын актеру Розияхан Момунова «Ташбалта ашыкты» көрүп бүткөн соң сахна артына келип Койсун менен Сейитказыга жетине албай куттук айтып учурашат. Розияханды көрө коюшкан жубайлар кучак жая ал акыбал сурашып калышты:

- Ха-а, айе-е, оюн жактыбы?..

– Ха-а, Ирсолатыны ям, Ташболтаны ям жуда-а катирлинңиздар!.. Күлө багып чечекейичеч боло ыраазылык билдирди кесиптештерине Розияхан. Өнөрпоз жубайлар арийне, бул көптү көргөн, көптү билген кесиптешинин, анын үстүнө пьесанын чагылдырган турмушунун ээси болгон элдин кызынын сынына толбосун билбей санааркоого да алдырбай койгон эмес. Бул санаркоо өз кесибине, өнөргө, кесиптешине болгон гана жоопкерчиликтин, уяттуулук менен ар намыстуулуктун бир гана үзүмү болчу.

Рахмат сизларга, Лекин Ташболтамизни маззазин чикардиңиз… деп айрыкча белгиледи тажрыйбаса, жашы, ал гана эмес улуттук өзгөчүлүгү жагынан да пьесанын авторуна кыйла жакын турган Розияхан.

– Ошол эле жылдары болсо керек. «Ташбалта ашыкты» Нарындыктар Базар Коргон районунун Дзержинский колхозуна коймокко барып калышат. Чарбанын раиси, бул айыл чарба өнөгүнүн кычап турган учурунда өндүрүш маселесинен башканы уккусу келбей турган экен. Аны байкаган Сейитказы администратор айбалап, астейдил учурашып сөзгө алды раисти.

– Ассалоом алейкум раис ака?..

– Валейкум салом, келилар…

– Биз мейман элек. «Ташболта ошигни» койсокпу деп кайрылдык…

– Мм, нима?… Канака оюн коймаксизлар?..

– Өзбек драматургу Гафур Гулямдын «Ташболта ошик» спектаклини…Спектаклден кийин концертибиз ям бар…

– Ха-а, «Ташболтаны» коймаксизларми?.. Кайсы тилида?.

– Пьеса өзү кыргыз тилида, лекин ашиллалары, музыкасы өзбекча...

– Ха, бопту ... Өзү лимитибиз чакталик эди. Лекин пулуну 300 сомго баалап Беш-Бадам участкасига коюп калилар.

...Ал күнү Беш Бадамдыктар Сейитказы-Ташбалта менен Койсун-Ирсолаттын актерлук дуэттерине ушунчалык арзып калган экен, эртеси Дзержинский колхозундагылар бүт дүрүлдөп калышат. Эсептешип алып башка чарбага кетип калууну ойлоп кеңсеге кирген Сейитказыны аердегилер раис кирип кетишин өтүнгөнүн кабарлайт. Сейитказы башкармага баш бакса, кечээки мостоюп жалаң чарбага кабатырланып олтурган раис ордунан тура калып жамажайы жайыла күлүп тосуп алды.

– Бу нима, сиз өзбеклар арасында чоңойганмысыз?..

– О, жо-о-ок. Тек гана мен туулуп өскөн Атбашыда, уйгур туугандар көп болуучу.

– Ха-а, жуда катта рахмат!.. Маза оюн койдиңиз... Лекин бүгүн хам бу колхозумуздун центрига коюп кетилар договор билан?..

Ал күнү кыргыз актерлору жан дили менен ийине жеткире койгон «Ташболта ашык» оюну колхоздун чоң маданият сарайындагы боордош элдердин кошоктошо коштоосунун шаңы алдында адаттан тыш эргүү менен өттү. Арийне ал спектакль жөнүндө, ал күнкү сахна тартуулаган көңүл ыргагы жөнүндө арадан ондоп жылдар өтсө да аңыз кылып кеп салып жүргөн дзержинскийлик, базаркоргондук көрөрмандары менен кийин командировкалап жүрүп да көп жолуктук. Сейитказы Андабековдун көп кырлуу актерлук дараметы У. Шекспирдин «Винзорлук ойсокелер» (кийин «Винзорлук шок курбулар» деп аты өзгөртүп да коюлду) аттуу комедиясындагы Фальстафтын кейипкеринен да айкын көрүнөт. Спектакль адегенде Эшмамбетовдун котормосунда Нарын театрынын башкы режиссеру Эрменбек Токтогулов тарабынан коюлуп, Фальстафтын ролун театрдын көрүнүктүү эки актеру – Кыргыз ССРинин эл артисти Капар Медетбеков жана Кыргыз ССРине эмгек сиңирген артист Сейитказы Андабеков аткарышты. Эгер



Капар-Фальстаф сезим ырахатын баарынан жогору койгон шайыр карыя болуп, таптык сезимин жоготкон, моралдык жактан жакырланып бүткөн, ойлогон «жигиттик» оюу ордунан чыкса карсылдап күлүп, анысы ишке ашпай калса ага да кайыл кабагым кашым дебей жүрө берүүчү типтүү дворянин катары чыкса, Сейитказы-Фальстаф карып, «алжыса» да бай аялдарга кат жазып, алардын жүрөгүн эритип акчаларын чубасам деген кур кыялда жүрүп, акыры аягында сууга ыргытылып, таяк жеп, шылдың болуп шөлбүрөп чыккан кейипкер. Ушу жерден Сейитказы-Годалактын кебете кешпирин элететип көрүңүзчү. Арийне Сейитказы-Годалак менен Сейитказы-Фальстаф эки башка кылымда, жарык дүйнөнүн эки тарабында жашаганы менен ички психологиясы, тышкы жүрүм-туруму бирдей жандар. Бул Европалык жана Орто Азиялык эзүүчүлөрдүн типтүү өкүлдөрүн чыгарууда Сейитказы алардын арасындагы окшоштуктар менен айырмачылыктарды да асман-жердей айырмалап берүү менен өзүнүн актерлук кудуретинин албандыгын айгинелегени шексиз.

Сейитказы Андабековдун Добчинскийи да (Н.Гоголь «Текшерүүчү») аңкүдүктүгүнөн, ишенчээктигинен, кайдагы бир каңгып жүргөн шумпайга кызын, ал эмес өз аялын эрмектетип ийүүдөн кайра тартпоочудай эпилдеген кошоматчыга, же адамды күлдүрүп да, жийиркентип да ийчү арсызга айланып кеткен. Актердун табигый сезимталдыгы, ички изденүүсүнүн чабытынын кеңдиги гана орус калкындагы курсагынын тогуна ныксыраган катмардын психологиясындагы даярга таптыкты, оңой жерден өзүнө «падышалык сарайдан жол ачуучу» мансапкорлукту, ан үчүн не бир арсыздыктарга даяр турган нарксыздыктын эң бир күлкүлүү тибин өтө куйкум жана ишенимдүү ыкмада ача алган.

Сейитказы Андабековдун дагы бир куудул персонажы М. Сейталиевдин «Айлакер колукту» аттуу комедиясындагы Челпектин кейипкери. Комедиядагы көрүнүктүү орунду ээлеп туруучу Челпекти Сейитказы автордук ремаркада берилген, адамга баео, ишенимдүү карап, эгер кимдир бирөөгө ыкласы келишип калса ага бүт дүйнөсүн түгөл чачып салуудан кайра тартпоочу элеттик чабандан, ошол кээде өөдүк-сөөдүк сөз

сүйлөп гана басып жүрүүчү адамдан өз учурунда куйкумдуу таамай сөз таштай билген, бапырандаган адам болсо да кыйла баамчыл оригиналдуу кейипкерге айлантып ийген. Мындайча айтканда пьесанын каарманын турмуштук психологиялык, диалектикалык боёктор менен байыткан. Турмушта аз кездешсе да мындай олдоксон сүйлөнгөн, бирок ошол эле олдоксон диалектикасында кыйла терең, ошонусуна өзү маашырланып маани бербей, тек гана басып кетүүчү адамдар бар. Алар ошол олдоксон сөзү менен, бир гана балт деп коюу менен не бир мурдун балта кеспеген керсейген жат кылыктуу адамдардын жолун туура кесип салат. Бирок, Сейитказынын Челпеги ошол оозундагы сөздөрүн тек гана балт деп салып басып кетпестен, аны куйкумдуу калемпир мурчун келиштирип, чучукка жеткидей курч айтып, аны да актерлук куудул жүрүш-туруш менен ийине жеткире шөкөттөп иет. Сейитказы-Челпек замандаштарын, өз коомун ар кандай ыпластыктардан аластап турууучу жөндөмгө, кудуретке эгедер кейипкер катары көрөрмандын көңүлүнө уялайт.

Актер Сейитказы Андабеков комедиялык далай спектаклдердин орчундуу же башкы кейипкерлерин жаратып гана тим болбостон, өзүнүн кайсы гана деңгээлдеги ролу болбосун өөрчүтүп олтуруп, бүтүн спектаклдин турпатын ширетип синтездей алуучу орчундуу ролдун деңгээлине жеткире алуучу. Муну көрөрман да, театр сынчылары да Сейитказы-Телпектин келбетинен даана таанышты.

Адатта комедиялык жанрдагы пьесанын кайсы гана жооптуу ролу болбосун, ага театр жамааты адегенде Сейитказы Андабековду, Бакирдин Алиевди, Актан Тыныбековду ылайыктап, эгер алардай күчтүү актерсуз эле чыгарчу роль болсо гана куудулдугу бар башка актерлорду тартышчу. Мүмкүн так ушинтип жети ойлонуп, он калчап атып ишеним көрсөткөндүктөн болуу керек, Садыр Сарыгуловдун «Көк бет» комедиясында бир караганда башкы бухгалтер Турарбек (С.Андабеков ) эмес, тескерисинче ири трагедиялык персонаждарды жаратып жүргөн Капар Медетбековдун бригадир Асангазысы куудул персонаж болуп чыккандай көрүнөт. А чынында тереңирээк көз жүгүртсөңүз баш бухгалтер Турарбектин керсейип бой көтөргөн турпатында көп



күлкү келтирчү штрихтер ачылып, бригадир Асангазы ошол былкылдабай туруп эле күлкү чачкан фигуранын, Сейитказы-Турарбектин айланасында айланып тегеренип жүрүп аргасыздан комедиялык персонажга айланып кеткен. Капар Медетбековдун ири масштабдагы актерлук таланты, сезгичтиги аркылуу бул Турарбектин жанындагы өнөгү сөзсүз күлкүлүү кейипкер болушун баамдап, ошол келбетти издеп олтуруп, береги Сейитказы-Турарбек менен тымызын тирешип жүрүп олтуруп комедиялык актердун мурда кийин Нарын театрында жок дээрлик жаңы тибин ачып берүүгө жетишкен. Арийне, бул ролду чыгарууга Капар Медетбеков көп изденип, көп эмгек жумшап кыйналгандыр. Мүмкүн бул ролду Бакирдин Алиев чыгарганда мындан да укмуш кейипкер чыкмак. Бирок анда тоолук театр жамаатында, сахнага жаңы ачылыш, актерлук жана чеберчиликтин жаңы утушу болбой калмак. Кеп маңызы мына ушунда. Айтса айтпаса төгүнбү, муну комедиянын борбордук фигурасы болуп турган Сейитказы Андабековдун –Турарбегинин үндөктөөсүнүн, актерлук өнөктүктөгү шыктандыруучулук кудуретинин жемиши катары баалоо жөндүү болор. Арийне, театр көрөрмандары Сейитказы Андабековдун Акканын («Курманбек»), Дождун («Отелло») көргөн соң анын актерлук талантынын бир беткей комедиялык гана эмес, ошондой эле көп кырдуу театрдык талант экендигине ынанганын да танууга болбойт.

Көрөрмандын бул ишеничин, үмүтүн актер Сейитказы Андабеков, Жалил Абдыкадыровдун «Жүрөгүм менин тоолордо» спектаклинде кароолчу Омор чалдын, украин драматургу Валентин Прокофьевич Шефченконун «Чалгынчынын тагдыры» спектаклинде чалгынчы Голубдун, драматург Кадырбай Мамбетакуновдун ыр менен жазылган «Үкөй» аттуу трагедиясында Календердин, Жалил Садыковдун «Боз торгоюнда» Шүкүр балбандын кейипкерлерин келиштире чыгаруу менен актаган. Айталы, «Чалгынчынын тагдырында» фашисттердин көңүл ачуучу казиносунда эстрадалык ырчы катары жүрүп советтик чалгынчынын орчундуу ишин аткаргандарды жетектеп жүрчү баш каарман Сергей-Виктор Луговойдун (З. Касымалиев) жардамчысы Голуб-Сейитказы шаардык полициянын башчысы катары сахнада пайда

болгондо, анын гестапочуларга кылган «жылуу мамилесин, фашисттерге» жан тартканын көрүп олтурган көрөрмандары Сейитказы-Голубдай ашынган чыккынчыны жек көрүп тиктешет. Көрөрмандын ушул жек көрүүсүнүн өзү эле, актердун андан аркы мизансценалардагы оюнун, максатын көрөрмандын өзү үчүн табышмактатып салат. Актердук ар бир кыймылды сырдуу көрсөтүп театр, спектаклди кыйла чымыркныпы көрүү деңгээлине көтөрүп салат. Окуя курч конфликтте өнүгүп, көрөрмандардын бүткөн боюн чыйралуу, жыйрылуу бийлейт. Ал эми гестапочулардын башында турган обер-штурман фюрер Эрлингер (А.Абдыласов) Сергей-Луговойдун артынан Луизаны (Т.Жумакаева) тыңчы коюп, полициянын начальниги Голубду өзү текшере баштаганда, Голуб совет элинин чыккынчысы деп советтик чекисттер фашисттерге маалымдаган пикирди Сейитказы-Голуб «фашисттер жактуу» көрүнгөн ишенимдүү жүрүш-турушу менен биротоло бекемдеп фашисттердин ишеничине ээ болуп, көрөрмандарынын ого бетер жек көрүүсүнө кабылат. Сергейди фашисттер атып, окуя аяктап баратканда сахнада кайрадан пайда боло калган Голуб-Сейитказыдан эл жакшылыкты күтпөйт. Мына ушул жерден гана Сейитказынын актерлук чеберчилигинин сыры ачылат. Сейитказы-Голуб кыжырланып Эрлингди өлтүрмөк болгондо гана көрөрман Сейитказы-Голубдун чыныгы жүзүн таанып, баятан берки ага болгон жек көрүүсү кудум жаанга жуулган жошодой жошулуп кетет. Ал гана эмес, өзүнө тапшырылган иштин келечегин бүлдүрүп албоо үчүн Эрлингди өлтүрбөй аман калтырып, гестапого шек билдирбей кайра аларга аралашып калып калган Сейитказы-Голубга ыраазы болгон көрөрмандардын көңүлү толкуп кол чаап жиберишет. Эгер актердун ийгилиги көрөрманын толкундата алууда жаткан болсо, мындан артык ийгилик болобу?.. Сейитказы актердун бул спектаклдеги чеберчилиги, жетишкендиги так мына ушул финалдык мизансценада айныксыз шартталат.

Ал эми «Жүрөгүм менин тоолордо» спектаклиндеги кароолчу абышка Омор Сейитказынын эң сүйгүнчүктүү каарманы десек жаңылышпайбыз. Ал гана эмес, пьесанын автору Жалил Абдыкадыров Сейитказы Андабеков менен



кыйла жылдары чогуу иштешип, актерду жакшы билгендиктен, бул ролду так ушул актер үчүн жазганбы деген ойго да кетесиң.

...«Кошуунга жетпей короодо калган эркеч» сымалданган эчки сакал салабаттуу карыянын жай баракат басышы, ойлуу көзкарашы, макалдаштырып сүйлөгөн сөзү, санжыргалуу кептери көрөр көрөрмандын көңүлүн өзүнө тез буруп албасын, алгачкы сценкаларда Сейитказы-Омор көрөрманына табышмактуу кейипкер бойдон кала берет. Али көргөнүнөн көрө элеги көп шаардык врач кыз Жаркынды (Кашкарбаева) актер ак кар көк муздуу сырттан тосуп алган Омор абышка көктү тиреп мунарланган тоо баштарын сыдыра тиктеп «Атаганат, тээ тиги көк мөңгүнүн айланасында мен ашпаган ашуулар, мен баспаган кокту колот калбаса керек... Кайран мезгил...» деп узакка улутунушун карыган бүркүттүн аянычтуу шаңшыганына салыштырып жазган кийин басмасөз. Сейитказы-Омордун берегей шаардык врач кыздын көзүнчө тигинтип өткөнгө көз кыйырын салып турушунда адамдык өмүр-тагдырдын терең философиялык үңгүсү жатканын көрөрман актердун күңгүрөнө чыккан добушунан, жүзүндөгү бубак баскан элестен улам сезип да көрүп да турду... Арийне, бул көрөрмандарды кайдыгер калтырбады. Ар бир көрөрман өз тагдырынын ошол маңызын сезип-баалап, ичи тызылдап да, толкундап да турду... Бул жөн эле кезектеги актердук чеберчилик эмес эле, тескерисинче ушул кырдаалда мүмкүн актер өзүн сахнага тургандай эмес, чындап ошол ээн тоодо өмүр белесинин өтүп кетип калган жолдорун сыдыра тиктеп турган турмуштун нукура чагылдырылышы экенин баамдабоо калыссыздык болор... Бир кездеги атактуу мерген, минтип ылоологон карыга айланган ал бирок нарктуу, насилдүү, өзүнө жараша аракетин, өз күч-кубатын дагеле колхозго кол кабыштоого жумшаган Сейитказы-Омор абышканын ар-ар кимге жасаган калыс, адамкерчиликтүү мамилеси, кыйналып-кысталгандарга үйрүлүп түшө калуусу, ак менен караны, кемчилик менен мүчүлүштүктү калыс таразалап кеп салганы жана башка толгон токой сапаттары көрөрмандар алдында биздин күндө сейрек табылуучу инсандын келбетин ачат. Сейитказы Андабеков өзүнүн бул кейипкерин жылаңач акылдуусунуучу, кургак мактоо сөзү менен көрүнүүчү эмес, тек

акты ак көктү көк деп бетке айткан, терс бараткан ишти таягынын учу менен акырын гана түз жолго багыттап койгон нарктуу кылык-жорук аркалуу уютуп келип, анан көрөрмандарынын назарына тартуулайт. Айтоор, эмнеси болсо да Сейитказы өзүнүн Омор абышкасын артыкча астейдил бапестеп, айрыкча сүйүп аткарганы ар бир көрөрманга сезилбей койбойт.

Биздин каарманыбыз Сейитказы Андабеков жалаң гана комедиялык, психологиялык, адеп-ахлактык спектклдерде ойнобостон, саясий-социалдык пландагы спектаклдерде ойногондору арбын. Күлкүгө бөлөп салуучу, же ойго чумкутуп, санаага түшүрүп коюучу спектаклдеги ролдору эмес коомдук кагылыштардын чордонунда жүргөн кейипкерлери да көрөрманын түк кайдыгер калтырып койгон эмес. «Жукеев-Пудовкин» спектаклиндеги Кулгелдинин тагдырын Андабеков кудум азыр өз башынан өткөрүп жаткансып терең ишенимде, чексиз берилип, өзүнүн жандүйнөсүнөн сызылып чыккан жалындуу эмция менен аткаргандыктан Сейитказы-Кулгелди көрөрмандарынын көңүл түпкүрүнөн орун алып кала алуучу. Андабеков-Кулгелди өз өнөктөшү (партнеру) Таабалдыга окшош айланасындагы социалдык саясий кырдаалды талдап, түшүнүп, ал турмуштан өзүнө саясий коомдук орун, өңүт, же кандайдыр бир жол тандай албайт. Ал тек гана дүйнөдө эмне болуп жатканы менен иши жок карапайым мээнеткеч, бирок сөзгө чечен, мүнөзү жумшак келип, айдаган жакка барып жүрүп эле окуялардын чордонунда калат. Ал так ошо мүнөзү жумшактыгынын кесепетинен, көпөс Бойковдун малын сатуу үчүн Анжиянга баш-аягын ойлобой, жакшы даярданып албай кетип ара жолдо жылаңач калат. Айлап-жумалап кой айдап ташыркап, өң-алеттен кетип, сары шишик баскан, ооругчан Кулгелдини Таабалды (К.Медетбеков) менен Ашым (И.Карагулов) жөлөп-таяп темир жолдогу кичине станцияга алып келишет. Ошол кеч күздүн дене чыйрыктырган суугуна темиржол жээгиндеги Кулгелдинин жалжылдаган көздөрүнөн чагылган отто, армандуу үшкүрүгүндө, катаалдыктык каарынан, түгөнгүс санаадан, адилетсиздиктен улам жарык дүйнөнүн жакшылыгынан үмүт үзүү бар. Бирок, ошол наалатка Сейитказы-Кулгелди «ак жашап келатам» деген өзүн өзү соороттуучу ишенимди, баягы көзүн жылтыраткан арманга



каршы туруучу ыраазычылыгын карама-каршы коёт. Ушунун өзү, адилеттик, турмуш үчүн болгон күрөштүн эң орчундуу, кубаттуу куралы. Сейитказы-Кулгелдинин образы демейдегидей бир жактуу, оң же терс көрүнүштүн кагылышын эмес, бүтүндөй таптык кармашуунун, коомдук формациялык кармашуунун, анын ичинде турмуштук-тиричиликтик быкы-чыкылардын кармашууларынын казанында кайнап азап чеккен образдын үлгүсү. Ал образ – актердук ички толкуган сезимдин, эмоционалдуулуктун зор жыйындысынан келип чыккан образ катары эсте калып, так ушул бойдон Нарын театрынын тарыхында жазылып калды.

Сейитказы аганын дагы бир эскербей кетүүгө болбой турган оригиналдуу кейипкери – «Үкөй» трагедиясындагы думана Календер. Сейитказы аганын ак урган думана Календери кадими көп календердин самсаалаган сырткы турпатын, түрүн, ар кайсы мизансценада ар кыл болуп чыга келген мүнөздөргө ширелген өз алдынча моралдык жана социалдык, диний жана руханий жүктү аркалаган штрихтер менен толуктап, шөкөттөй алган. Бул кейипкери дагы, Сейитказынын башка кейипкерлериндей, же элге кеңири белгилүү көп календерлердей болуп окшошпогондугу менен, бирок өзүнчө бир оригиналдуу, бейкапар адамды таң калтырган календер болуп чыгышы менен баалуу.

## ТОП БАШЧЫСЫ ТОСКОН ТОПОЛОНДОР

Андабеков – Чекмурат.
Артист элем деп турат.
Бригадирлик ишин да
Билип туруп төп кылат.
Ата журттан аянбай
Ак эмгегин көп кылат.
Айланайын Сепе деп
Артисттери кеп кылат.

*Эрменбек Токтогулов*

Каарманыбыздын кесиптеши, профессионалдык жактан жетектөөчүсү, режиссер, акын Э.Токтогулов жогоруда

жазгандай Сейитказы Андабековду «Айланайын Сепе» деп артисттеринин кеп кылганы да чындык. Себеби чынында С.Андабеков ар дайым эки иштен бир иш – тигил же бул артисттердин тобунун бригадири, же артисттерге айткандай администратору катары ал алкыштарды алууга арзыган.

Андабеков-администратордун уюштуруучулук ишмердигин баяндаар алдында, ал киши ошол администраторлук иш менен жүргөндө, менин бала кезимде бизди жолуктурган окуяны айтпай кетсем, ыгы жок жупунулук кылам деп олтуруп, ал кишинин өз ишине ошондогу жоопкерчилик, иш билгилик мамилесинин жоктон жол таап, артисттерди туюктап алып чыгып кете алган инсандык сапатынын бир сүртүм боёгун жокко чыгарганга тете болуп калбайын.

...1964-жылы кеч күздө болсо керек эле. Мен азыркы Бакай-Ата (анда Талас районуна кароочу) районундагы Өзгөрүш айылынан велосипед менен коңшу Орловка айылына келип кетип 9-класста окуп жүрчүмүн. Бир күнү сабакка олтурган жеримден мектептин директору Клипенштейн деген агайыбыз чакыртып атат деп калышты. Эмне балээ болуп кетти деп элеңдеп келсем, кабинетинде эки чоочун адам олтурган экен, мен эшиктен кире берип учурашып, босогодо күймөнүп туруп калдым.

– Молодой человек по-моему это Вы у нас в киргизских классах играете на музыкальном инструменте? – деп сурап калды директор агай.

Мен суроону аңдабай калдым да унчукпай тура бердим окшойт.

– Вы на баяне играете?.. – деп директор агай кайра тактап сурады.

– Да-а, А, дедим башымды ийкегилей.

– А, аккордеондочу, аккеордеондо ойной аласыңбы?– олтургандардын бири обдула калып сурады.

– Ойноймун... Бирок кыргызча гана обондорду ойноймун...

– Баяндачы?.. - деп калды экинчи бейтааныш адам.

– Баяндыбы?.. Баянды орусча да кыргызча да ойнойм

– Э-э айланайын ырас болбодубу «Эльмираны», «Кызыл өрүктү» ойной аласыңбы?.. Дагы «Долонду»? Жупунураак



кийинген, бапке кучактап алган киши.

– Ойнойм, – деййм мен.

– Сонун болбодубу.

– Оо-ов, келгенибиз ырас болгон экен, – дешип тигил эки киши улам, улам мага, анан директорго карашып күлмүңдөштү.

– Та-а-к. – деди директор саатын карап. – Сегодня в каком классе на уроке пение будешь играть?..

– Сегодня, сегодня нет урока пение, – дедим мен дагы эле кептин төркүнү эмнеде экенин биле албай таңыркап.

– Хорошо. Тогда собирайся. Надо помочь нашим гостям – артистам, - деп калды директор.

Эмне жардам?.. Кайсы жардам?.. Кайсы артисттер?.. деген суроолорго башым ката береги бейтааныш кишилерди алмак-салмак карап мен турдум. Ошол кезде улуурагы жылуу ырай менен күлмүңдөп жаныма басып келди да минтип калды:

– Жүрөгой баатыр. Азыр клубга баралы. Сен бүгүн бизге аккордеон ойноп бересиң, – деди күлүмсүрөгөнүн жазбай алиги бапке кучактаган улуураак киши. Клубга да келдик. Кудай бетин салба менин боюмду басып калчудан бетер дардайган аккордионду кучактатып салышты. Бир аз кармалап туруп өзүм билген обондордон «Долон» менен «Элмираны» термелеп барып баштап, бир эки кайрып тартып бердим.

– Ой болду, болду. Кечинде ушинтип эле тартып берсең болду, – деп калды жанакы мектепке барган эки кишинин жашыраагы.

Ал ал болду. Мен айылга, үйүмө барып бутумдагы өтүктү таштап, жакшыраак кийинип бутума ботинка кийип келишим керек болуп үйгө кеттим. Тердеп кургап туура оюн башталарда жетип келсем артисттер топтолуп турган экен. Мени шап эле ортолоруна алып ар кимиси бул обонду ойной аласыңбы, тигил обонду ойнойсуңбу дешип курчашты. Билгенимди ойноп берип аттым. Бир маалда директордун кабинетинде көргөн эки кишинин жашыраагы, көздөрү бакырайган өңдүү аялды ээрчитип келип, мага:

– Мына бу Сагыйпа эженин ырларын ойноп көрчү, – деди. Эжей эпейип стулга отурган мага эңкейе:

–“Элмираны” тартып көрчү? – дегенде, ал обонду «ля мажор» деген нотадан баштап тартып калдым. Сагипа эже

айлананы жаңыртып ырдап коё бергенде тим эле кулагым тунуп калгансыды. Эже бир эки келеп ырдаганда эле артисттер шаштырып калышты, болду, болду эми башкаларын да көрөлү дешип, «Долонду» тартырып ырдады. Дагы бир эки артистке билген обондорду тартып бердим.

– Ушундан жаңылбайсыңбы?.. Мурда аккордеон ойноп элдин алдына чыгып жүрдүң беле, – деп сурап калышты кимдир бирөөсү.

– Чыгып жүргөм, анча мынча... деп мулуйдум окшойт. Аңгыча жаныбыздан ар качан күлүмсүрөп сүйлөөчү Сыргаков Жусуп деген жигит, ошо колхозубуздун клубунун башчысы минтти.

– О-оу, бул музыкантыбыз далай концерттерге аккомпонировать этип жүрөт. Мектептеги, клубдагы концерттерибиздин баарында эле сыздатып ойноп берип жүрөт. Ал эмес ушул аккордеонистибиз менен коншу колхоздорго оюн коюп жүрөбүз, – мактап салгансыды бейм. Мен ыңгайсызданып башты көтөрбөй аккордеон клавиштерин тиктеп колум менен термелеген болуп отурам. Аңгыча спектакль бүтүп концерт башталып калды. Адегенде бир топ ырлар комуз менен ырдалды көрүнөт. Сагийпа Чечейбаева ырдайт деп жарыяланганда, мен да жөнөдүм артынан. Аккордеондон боюм араң эле чыккансыйт. Тим эле баса албайм. Ал аз келгенсип сахнага чыгып баратканда көшөгө кабатталып калган экен, аны ачам деп күн мурунтан манжамды атайылап коюп алган клавиштен ажыратып алып, багы «до» клавишин так эл алдына чыкканда көзүм чымырап таппай калбадымбы... Сүрдөгөнүм күчөп, бүткөн бойдон тер кетип, демейде дегеле бапылдатып ийчү аккорддорумду кайсалап таппай калдым. Акыры эптеп атып бир кайырма кайрыдым көрүнөт. Сагипа эже шаңшып бир ырдап коё берди... Аккорддорумду тартып атамбы же жокпу, аным өз кулагыма угулбай эле жаңырып каптап калды... Айтор, бир чыгып келдим сахнага жанакы дардайган аккордеон менен. Эми «Ой тобону», анан «Чекмуратты» тартасың деп калды бирөө капталымдан. Карасам баякы күндүз мен мектептен көргөн эки кишинин улуураагы экен. Мына ошондо эстедим, бул кишинин тээ биз Бешбулак орто мектебинде башталгыч



класстарда окуп жүргөндө «Ой тобоону» ырдап келип баарыбызды күлдүргөнүн. Эптеп бирдеме кылып ал кишиге да ойномуш болуп бердим. Оюн бүтүп, эл тарай баштады. Мен айылыма кетмек болуп тышка чыгып жаман велосипедиме жетип кармалай бергенде Сейитказы ага менен жанагы жымсал кийинген жаш киши келип, мени «кетпе, азыр биз менен кошо барасың» дешип артисттер менен бирге кечки конокко алып кетишти. Ал жерде айылыбыздын өңчөй аттуу баштуулары олтурган экен, алар артисттер менен тааныша баштаганда, алиги күндүз мени мектептен ээрчитип келген эки кишинин бирөө – жымсал кийинген жашыраагы театрдын директорунун орунбасары Турарбек Рыскулбеков деген экенин билдим. Ошерден Сейитказы аганы артисттер бригадасынын жетекчиси деп тааныштырышты.

... Көрсө окуя мындай болуптур. Биздин колхозго оюн коердон мурунку күнү да артисттер ушундай кечки конокто болушуп, алардын Садыр деген аккордеонисти эртеси баш жазып, көп ичип таптакыр жатып калган экен. Артисттер айылыбыздан аккордеон тарткан бирөө-жарымды издеп калат. Клуб башчыбыз Сыргаков Жусуп мени атап, Сейитказы ага менен директорунун орунбасары түз эле мектепке барып мени алып келгени ушундан улам экен... Бул окуяны ошол кечти үлпөттө да күлкү аралаш кеп кылып өтүштү. Биз ал кезде мугалим агайларыбыз катышып олтурган андай үлпөттөргө төбөбүздү көргөзүүдөн тартынчубуз. Жана киргенде, тээ тигинде дөө-шаадай болуп отургандарды бирден байкоо салган эмес экем, аздан соң көз салсам алардын арасында Мырзабек Өскөнбаев деген физик-математик агайыбыз олтурат болкоюп. Ал киши менин атама бөлө да болуучу. Уялганымдан чыгып кетиштин эбин издей баштадым. Артисттер кое берчү түрү жок. Жана сахнадагы тердеп тепчүүдөн кийин калгандыкыбы, аккордеонун да дегеле жаңылып тамтаңдабай алдемедей, баягы шалдыраган «Искра» деген баянымды ойноп аткансып кез-кези менен аккорддорду баскан болуп калдым. Баяккы сахнадагы чыңалуудан чарчап келген артисттер «ак молдодон» бирден тартып ийген соң ичтеги ырлар козголуп, ыр артынан ыр ырдашып, тамаша күлкүлүү сөз чыгып, чоң кишилер бир кызык көрүнгөн ошондо. Мен билген обонум болсо шадыраңдап

ойноп калам билбегеним болсо тымпыйып аккордеонду кармалап коюп олтурам... Аңгыча кимиси экени эсимде жок, артисттердин кимдир бирөөсү, чагымда же Турар Рыскулбеков, же ушул Сейитказы агабы дейм, биздин колхоздун кишилерине, тиги Мырзабек агайга карап.

– Эми, Талас, Нарын алыс деле жер эмес, бу баланы бизге бергиле, аккордеонист кылып алып кетели, – деп калбаспы. Ким кандайча жооп берип эмне сөз болгону көп эсимде жок, тек олтургандар эс алмакка бир сыйра тышка чыгып атканда, өтүп баратып Мырзабек агай «Эмне баргың келип турабы?» деп сураганын билем. Мен билбейм деп ийин күүшөдүм бейм.

Ал кишинин сен окушуң керек. Адам болушуң керек. дегенин уктум. Кийин тамак желип аяктап калган кезде Мырзабек агай артисттерге сыпайы гана минтти.

– Бу балабыз жашаялмет үй бүлөдөн. Апасы да оорукчан. Мектепти сөзсүз бүтүрүп алышы керек. Балалыктын азгырыгына алдырып оолукkансып турсам да, дилимде атамдын дайыма тириликте жалгыз тырмаңдап жүргөнүн, ини-карындаштардын кызыл чиедей абалын, апамдын оорукчалдыгын ойлой калып демимди басып олтурган мен, агайдан айтканын маакул көрүп турдум ичимден.

Кийин институтту бүтүрүп, республикадагы бир чоң министрликтин жооптуу кызматкери болуп иштөөгө татып, көп жыл ак, так иштеп, азбы, көпбү акылым жеткен, негиздүү калыс кебимди басмасөздө үзбөй саймедиреп, кирди чыкты чыгарма жазып, китепчелерим чыгып жүрүп да, кайдагы бир бийликке илешип алган сөөлжанча арсыздардан далай ыдык көрүп, ага моюн бербей таштай түйүлүп ого бетер чыйралып, кээде андай арсыздарга таш чайнатып жүрүп да кызыгынан азабы, ырахатынан ыр-чыры көп тагдырды башыман кечирип калдым. Мына ошондо ойлонуп кээде тобоо кылдым. А эгерде мен ошондо артисттерди ээрчип кетип калсам... Ай ким билет... Тигинтип, кыйла омоктуу жерде жүрсөм да басмырламак болгон азуулуулар, аккордеонун мойнуна асынып жүргөн бир жалгызды чайнабай жутат беле?... Же Атайдай, Паганини, Моцарт, Малдыбаевдей таланттан кудай айтпаса... Жалгыз аккордеонго таянып, анан дагы тигинтип ак көк деген болуп турсам, биздин коомубуздун ириген



агымында же билимден, же дасыккан интеллектен, же көчүктөн сүйөп турчу «доцент» кайната, профессор атадан жок, кургакка ыргытылган балыкча ай талаада калар белем... Ай ким билет... Айтор ошол кечтеги мен кабыл алган чечим ушуга чейин мага турмуштун жообу чыкпаган теңдемесиндей бойдон келатат. Эмнеси болсо да, ошондон улам күлүп эстеп, каниеттене ой жүгүртчү бир нерсе – так ошол күнү жанынан чыкпай чепейип туруп аккордеондо коштоп берген кыргыздын кыйырына таанымал өнөр чебери жөнүндө минтип арадан отуз жылча убактан кийин кумарлана эстеп олтуруп көркөм публицистика жазам деген ойдун түшкө кирбегени...

Ошол алтымыш төртүнчү жылы аккордеонист издеп тапкансып көп жүгүргөн Сейитказы Андабеков театрда эмгектенген жарым кылым ашуун мезгилинин көбүн гастролдогу артисттик бригадалардын бригадири, администратор, кээде ишеничтүү киши жетишпей калса кассир да, жетекчи да катары чыгармачылык, уюштуруучулук, материалдык-финансылык ал гана эмес чарбачылык жоопкерчиликти алып жүрдү. Театр дирекциясы ушул актерго ушунча жоопкерчиликти ишенип тапшырчу. Сейитказы да аны жана жогоруда акын кесиптеши айткандай:

...«Бригадирлик ишин да, билип туруп төп кылып, ата журттан аянбай, ак эмгегин көп кылып» кызмат өтөп келди. Бул адамдын, кайсыл жерде болбосун, кандай гана адамга болбосун, мейли ал чарба жетекчисиби, же бир бригадир, учетчикпи, кароолчубу, аны менен ымала таап сүйлөшө алышы, жапакечтиги менен не бир мерес адамды да жибиткенге дейре алып бара алышы, уюштургучтук жөн билгилиги, адамга жугумдуулугу бүтүндөй артисттик бригаданын ар бир күнкү оюнунун ийгилигин шарттап келди. Ал эми ал кишинин ниети тазалыгы, анан калса эл арасында кеңири таанымалдыгы, сүймөнчүктүүлүгү, анын администратор жетекчи катары өз жамаатына жемиштүү кызмат өтөөсүнө зор өбөлгө болду.

Анан калса баарыбызга белгилүү, учурунда «Андабеков келиптир» деген эле сөз угулса эле кайсы чарба, кайсы айыл болбосун тайлуудан туяк калбай түп көтөрө жыйылып келүүчү эмес белек, оюнга...

Эсимде, бала кезимде айылыбызга «чоң клуб» курулду.

тим эле заңгырайт. Ал клубга Өзгөрүш, Сарыкуурай, Бешбулактан эле эмес тиги Таластан бери келсе батып кетчүдөй көрүнөт, тегерегинде топурап ойноп жүргөн бизге. Анан бир күнү, кыш мезгили болчу, Андабековдордун концертин көрмөккө ошо «чоң клубга» келдик удургуп. Баягы Таластын элин бүт батырып алчудай көрүнгөн клубубуздан алма түшөр орун жок, биз балдар саймаланган дубалын бойлой шыгырап туруп калдык. Эптүүлөрүбүз алда качан терезенин кырына таранчыдай тизиле конуп, кыйынсына ырсаңдайбыз, тим эле муратка жеткенсип… Эшикте чыкыроон аяз, клубдун ичи заматта үп болуп ысып кетти. Шаршен куудул айтмакчы апам тигип берген окшогон сары тончон отурган мен (аны тим эле фашисттер менен согушуп жүргөн аскерлердин ак тонундай көрүп кийсем керек) бүчүлүгүн бүт чыгарып, тикчийген жакасын улам жагжайта ачып таштап жыргап олтуруп Сейитказы аганын «үйлөгөн чаначты оңой эле атка артканына», «Чекмуратты» чедирейтип эл алдына күлкү кылып койгонуна, «бекерчинин жутканын жумуруна жук болтурбаганына» каткыргансбыз…

Ошол чоң клуб көрсө 300 эле орундуу клуб экен. Ошол кезде тигинтип орун жетпей, тикеден тике шыкалып туруп оюн көргөнгө кайыл болуп клубга жыйылчу эл кийин 70-80-жылдары клубка аяк баспай, оюн болчу жерге отуз киши чогулбай калбадыбы. Эмне болуп кетти? Ыйманыбызга камчы чаппай чындыкты мойнубузга алган оң. Себеби, коомдогу, маданият тармагындагы биз башта баяндап өткөндөй кадр саясатын чалмакей салуу, кайдыгерлик элдин гана көңүлүн иренжитип ар-ар кимдин өз түндүгүнө камап салбастан бул очоктордун ажарын ачуучу баягы эл сүйгөн Шаршендей, Шамшы Түмөнбаевдей, ушул эле Андабековдой калкты дүүлдөтө кызыктырчу таланттар жокко эселенип, майдаланып, далайы жашы өтүп, айтор берекебиз суюлуп кетти. Алардын ордун толтуруучу нукура жаш таланттарды изилдеп таап, тарбиялап, өстүрүү жүр нарыга салынды. Адабият менен искусство, маданият очокторун кара жанын бакчу дилетанттар бийлеп, куурайды чынардай, карганы каздай көтөрдүк. Ошентип элдин көңүлүн маданият, искусство очокторунан сууттук, «ишмерлеринен» иренжиттик.



Натыйжада, илгери тигинтип алма түшөргө орун калбай калчу 300 кишилик да клубдарыбызга отуз киши чогулта албай калдык. Дегеле азыр тигил же бул артист келсе экен деп тилек кылган көрөрманды учурата албайсың. Ал эми Сейитказы Андабековдор гастролдорду уюштуруп жүргөн учурлардагы наркын, маанисин төмөндөгү эле эки аңыз кептеп байкасак болот.

1987-жылы 12-декабрда «Советтик Кыргызстан» гезитиндеги Нарын театрынын 50 жылдык маарекесине арналган бетке Фрунзедеги орус тил жана адабият педагогика институтунун студенти У.Сатимбаев, бала кезинде «Андабековдор Карасууга келиптир» деген кабар айылдан айылга, үйдөн-үйгө кандайча дуулдап тараганын, ал эми клубга эл казганактап батпай туруп тамшана көрүп, тамшана кеп кылып таркаган» деп ысык көңүлү менен эскерип жазган.

Ал эми 1986-жылы Нарын музыкалуу драма театрынын Москвадагы жана Фрунзедеги декадалары ийгилик менен аяктаган соң, театрдын өкүлдөрүнүн ««Советтик Кыргызстан» гезитиндеги жолугушуусунда, театр жамаатынын партиялык уюмунун катчысы Б.Алиевдин «Сапарга чыкканыбызда автобустун терезесине Андабековдун сүрөтүн илип койсок эле болду, эч кандай жарнаманын кереги жок, эл өзү эле сүрүлүп оюнга келе беришет» деп оюн тамашага салып айтканында опол тоодой чындык жаткан.

1978-жылы «Жүрөгүм менин тоолордо» аттуу спектакль менен Ош областында гастролдо жүрүп, баягыда чарба менен келишим түзө салып, даяр акчаны шып сумкага салып басып кете бербей, бир эле чарбада үч күнү катар көрөрмандарга билет саттырып концерттерин аншлаг менен уюштурган Андабековдой администраторлор каякта-а-а, азыр… Айтса, айтпаса төгүнбү береги борборубуздагы филармониянын жаркыраган залында, Спорт сарайынын шаңкайган имаратында же циркте, миңдеген сомдорду чачып атып, не бир дөө-шаа артисттерди, ырчы обончуларды, ал эмес куудул аттуунун баарын топтоп алып уюштурган концерттерде да экинчи күнү эле орундуктар аңгырап бош калып атпайбы…

Ал эми Андабеков жетектеген бригада ошо бир жерге үч күнү аншлаг менен оюн койчу. 1968-жылы үч айдын ичинде

гастролдон 62 миң сом киреше таап келгенде, биздин сүйүктүү актер, айтылуу ырчы, куудул, тамашөкөй агабыздын уюштургуч деген атак-даңкы, баркы айрыкча көрүнгөн. Ошол жылы, партиянын Нарын областтык конференциясында жасаган театрдын директору

И. Төкөлдөшевдин докладында «Сейитказы Андабеков театрга каражат таап келүү, гастролдорду ийгиликтүү уюштурган жагынан театрдын чемпиону» деп официалдуу түрдө айтылган, кийин бул «чемпион» наамы кесиптештеринин арасында аваз болуп калганы тегин жерден эмес. Так ошол алтымыш сегизинчи жылы Нарын областтык М.Рыскулов атындагы музыкалуу драма театры концерттик оюн-зоок өткөрүү жана өндүрүштүк-финансылык планды аткаруу жагынан баштагы СССРдеги бүтүн өлкө боюнча театрлар арасында III орунга чыккан. Актер Сейитказы Андабековдун портретинин Нарын областтык Ардак Тактасында туптуура жети жыл кадалып турушун да, мүмкүн, анын уюштургучтук, эл менен иштей билгендик артыкчылыктарынын жемиши деп билүү ылайыкпы дегидейсиң.

Арийне, эгер Сейитказы аганын нукура мээнети, тигинтип эл менен эл, кесиптештерине бел, сахна майданындагы нагыз эр болуп жүргөнү, таланты өз учурунда бааланган болсо, баягы Жумгалдан келе жаткандагы Садык Өмүралиев каткан нанды айтып коюп кайра бекер айттым деп өзүнүн сындырым нанын тамагынан кырдыра сыдырылтканда, же баягы Тогуз-Торонун Чамынды ашуусунда алган жары учуп кете жаздачуда азап тарткан кезде Ардак Тактага илинген болсо, «ата көрү, баракелде-е-ее, таланттын эмгегин өз убагында баалаган тура» деп кудуңдамакпыз. Тилекке каршы бизде адамды рухий көрөңгөсү, тубаса иш билгилиги, каруусун казык кылып иштегени үчүн эмес, акча планын үзбөй ашыгы менен толтуруп баштаган күндөн баштап гана баалаганыбыз өкүнүчтүү болгон, так ошол «кой үстүнө торгой жумурткалаган» соцреализмдин доорунда да.

Дегеле, «администратор, бригадир болуп артисттерди алып жүрүүдөн көрө бир короо койду кайтаруу жыргал» деген түшүнүк, мүмкүн жадеп күйгөндөн айтылган кептин чындыгы бар. Администратор кайсы гана кылыктар үчүн, кимдин гана



баскан-турганы үчүн жооп бербейт да, алардын азабын тартпайт дейсиз... Сейитказы Андабеков театрда жарым кылым ашуун үзгүлтүксүз иштеп келатса, ошонун отуз жылга чукул мезгилин, же туптуура 1962-жылдан бери карай администратор-уюштургуч, бригадир болуп жүрдү. Биз жогоруда баяндап өткөндөй бир эле артист ооруп, же мас болуп калып сахнага чыкпай калса, оюн көрөбүз деп түрүлүп келген элге аны түшүндүрө аласыңбы?.. Ал эми артисттигин, өнөрүн, талантын эл сыйлап, алдыда аш тартып турса, ырысын көтөрө албай, ичкенине тең боло албай сыйрылып ар намысын тебелеп тайрактап кетсечи, ошол артистпи?.. Ошол окуя болгон жерде ага да бригадир жооп берет, кызарып татарып эл алдында... Ал эми алиги мас болуп, тартип бузуп, мушташып жаңжал салган артисттин тартар жазасы, ашып кетсе жумуштан чыгаруу. А уяттын өлүмдөн катуу экендигин, аны баарынан мурда артисттик топтун жетекчиси тартарын баамдабайбыз.

Соцреализм мезгилинде да, кийин базар экономикасынын коомун деле журналисттердин, мугалимдердин этикалык, профессионалдык жоопкерчилигинин жоболору иштелип чыккан. Ар бир чекилиги үчүн алар тигил же бул жоопкерчилик тартып, кайсы бир деңгээлде тартипке чакырылат. Медиктер Гиппократтын антын, аскер кызматкерлери жоокерлик антты, уставды бузганы үчүн жооп беришет. Ал эми атагын сатып жер-жерлерде тансык буюм сураган, мас болуп алып ойго келбес ыплас иштерге барган артисттер үчүн ушул күнгө чейин иштелип чыккан жоопкерчилик критерийлери жокко эсе. Жалпы адамзатка тиешелүү адеп-ахлак, ыйман, ар намыс деген талаптарга алар моюн сунбай коё бериши мүмкүн. Себеби талантына таянып, иштен чыгарып салса дагы бир театрга барып кирип алам, аш-тойго барып ырдасам да оокат кылып алам, таза болгондо бир маданият үйүнө баш калкалап калам деп жүрө берчү артисттерибиз да жок эмес. Биздин коом муну да ойлоп койгонубуз жок, али... Мына ушундай, же адебин тарттырган тизгинден жок, же моюнда турган жоопкерчиликтен жок артисттерибиз андаалаган шартта эр болсоң алар менен гастролго бригадир болуп барып иштешип көр да, театрдын финансылык планын ашыгы менен толтуруп көр.

...1972-жылы Нарын музыкалуу драма театрынын Андабеков жетектеген бир бригадасы Араван районундагы «Пахтачы» совхозунда Муктар Ауэзовдун «Айман Шолпан» спектаклин коюп атышкан. Бригаданын бир мүчөсү – Ташкент театралдык институтунун бүтүрүүчүсү Мамбетов Түкөш мас болуп алып сахнага чыгат. Эртеси Сейитказы бүт бригаданы чогултуп тиги жаш актерду чакырып, эскертип коёлу, жаш эмеспи кетер, катуу кетип башка чапкандай кылбайлы дейт. Бирок театрдын парторгу Тагаев Калый бул окуя жөнүндө «бригадир администратор Андабеков мас артисттерди колдоп жүрөт» деген тариздe жазып жиберет, так маданият министрине. Тез эле бул маселе министрликте талкууга алынып, театрдын дирекциясына жүрөк үшүткөн сүрдүү көрсөтмөлөр жиберилип тынды. Бирок ошонун таасири күчтүү болдубу?. Кийин 1973-жылы Нарын театрынын Фрунзедеги декадасы бүтүп С.Андабековду эл артисттигине көрсөтүү маселеси талкууланып атканда, министирликтин коллегия мүчөсү маркум М. Рыскулов «жок Б.Алиевди көрсөтөлү деп калат». Чынында Б.Алиев театрдагы ишин Андабековдон он жылча кеч баштаган. Бирок ал кишини сунуштаган жердеши Мукемдин сөзүн кыйбай, министр «андай болсо экөөнү тең эмес Ж.Шералиевди гана көрсөтөбүз» деп бардык маселеге чекит коюп салат. Мына сага, эмгек менен талантты баалоо эмес, тек таасирдүү адамдын көңүлүн улоо теңдемечилдиги... Ошентип администратор Андабековго тиешеси бар баягы Аравандагы «Пахтачы» совхозундагы жаш артистке көрүлгөн кылдай камкордук «сарайдан саман учуптур десе, Самарканды сел алыптыр» дегендей ызы-чуу болгон...

Дагы бир ирет, театрдын бир бригадасы Жалил Садыковдун «Боз торгоюн» коюп жүрүшкөн. Спектаклде эт желип отурчу эпизод бар эле. Ошол учурда артист Абдыласов Асанбек партнеру Сейитказы-Шүкүр балбандын репликаларын улам эле тили келбей былдырап жоопсуз калтыра берет. Спектакль бузулуп, көрөрмандардын арасынан тээ залдан кобур-собур угула баштады. Бул эмне эле болуп атат деп Сейитказы партнерун байкап караса, жана эле сопсоо жүргөн артист ылжыган мас... Же сөзүн эстей албай атканы, же мастыктан тили күрмөлбөй жатканы белгисиз, мелтейет эле



мелтейет. Ушу жерден спектаклдин жүрүшүн бузбай бир ык менен бул кырдаалдан чыгып кетиштин айласын издейт баары. Оюн жүрүп аткан сахнада же эч ким ашык сөз айта албайт. Тигил ансайын теңселип сүйлөөр түрү жок.. Сейитказы–Шүкүр балбан алдыларындагы эт туурап олтурган табагын ала коюп эптеп бир сөз таап урушкан болуп мас партнеру Асанбекти башка берип калат. Тигил ошол замат эсине келе калып репликасын улап кеттиби, же эл эч шек албай калыштыбы, айтор спектакль үзүлбөй эле аяктады. Сейитказы сахнадагы сөзү, аракети бүтөр замат тышка атып чыгып ачуусун баса албай бир топко ары-бери басып жүрдү, кийин кийимин которуп залды да четтен аралап көрдү. Көрөрмандардын арасынан күңк мыңк сөз, же, ой артисттер жаңылышты да, – деген кыйгыл шылдың угулган жок. Администратор-актер Сейитказы үчүн ушунун өзү өтө маанилүү эле.

«Дагы бир жолу, 1976-жылы Таласта Медетбек Сейталиевдин «Айлакер колуктусун» коюп жүргөнбүз – деп эскерет азыр башын өкүнүчтүү чайкап С.Андабеков. – Спектаклде башкы кейипкерлердин бири Четин аттуу персонажды Ш.Мытыев, колукту Гүлшанды Майрам Дүйшекеева ойночу. Кечкурун спектаклге даярданып атканбыз. Мен артисттердин өз өз ордунда экенин, толуктугун, ичкилик пичкиликтен тазалыгын, сахнадагы жасалганын даярдыгына бир сыйра көз салып коюп, өз кейипкеримдин гримдерин коюуга кеткем. Спектакль башталып баштала электе көрүүчүлөр күлбөөчү жерлерде деле күлүп атканын байкап карасам артист Ш.Мытыев таптакыр эле калдаңдап, кызга күйөө болчу жигит эмес эле бир маскарапоз болуп көрүнүп жүрөт... Оюндун шала ботосу чыгып калбаспы... Спектаклден кийин партиянын Талас райкомунун катчысы Кумашева жолугуп «Сейитказы агай, ушу сиз жетектеген коллективде да арак ичкендер болобу?.. деп басып кетпеспи... Өлбөгөн төрт шыйрагым калды. Көрсө жана спектакль жуп башталарда эле сопсоо жүргөн Ш.Мытыев, ошерге бара калган артист Нуркан Турсунбаевге кошулуп ак молдодон абдан соккон экен, мурда эле обу жок көп мүчүлүштүктөрдөн куру эмес кейипкеринин кебете-кешпирин тигинтип таптакыр кетирип салды. Уятыма күйгөндөн эртеси Ш.Мытыевди соолукканда жолугуп «Эки

этегиң эки тизеңе жетпегир, оюн бүткүчө алкымыңды тыйып эле турсаң боло!.. деп ийиптирмин. Ушинтип, театрдын намысы үчүн жаман-жакшы көрүнгөн далай күндөр болгон» деп күлөт бүгүн театр санаатынын ардагери С.Андабеков.

Кечээ эле 1990-жылы март айында С.Андабеков баштаган топ ошол эле Талас районунун Жергетал айылына барып калат. Чарбанын жетекчиси, Кыргыз Республикасынын эл депутаты Абдыкадыр Кененсариев жайдары учурашып, ал жай сурашкан соң:

– Эми өзүңүз келип калыпсыз, сизди элдин баары билишет. Оюнуңуздарды колхозчулар тегиз көргөндөй болушсун, ачык эле талаага коюңуздар?.. Наркын жакшы коюп берели… Жок, эгер күн жаап жиберсе анда клубга коюңуздар. Анда айла жок ал жердеги орундук санына жараша төлөйбүз.

– Этек башын жыя албай, тоодо малы, жакада даны багылбай жаткан чарбанын, кабагын карыш түйүп «бар тиги клубга билетиңерди сатып, оюнуңарды коюп алып кете бергиле» деп басып кетүүчү жетекчилерди көп көрүп көңүлү саруулап калган артисттер мындай камкордукка көөнү агарат. Андай жерде баякы чектелген программа боюнча эмес эл-журт канча кааласа ошончого созулат концерт. Аэрдеги элдин шамдай жанган маанайы ай, артисттердин да ошол элдин арзуусуна нак татыдыкпы же жокпу деп камталана делбирленип эргигени ай… Мына ушул өз ара кош арзуунун баасы эл үчүн да көрөрманынын көңүлүн астейдил күткөн артисттер үчүн да эки дүйнөдөн чыкпас…

Дагы бир окуя… Сейитказы ага жетектеген бригада айтылуу Алай тараптагы Чоңалай аймагына барып калат. Ал кездеги Чоңалайдын негизги административдик борбору эле «Чоңалай» совхозу болуучу. Совхоздун жаш директору Бекмамат Осмонов Нарындыктардын өнөрүнө өтө каниеттенет. Айрыкча Майрам Дүйшекееванын жанды чалкыта ырдаганына, жамалы жайнап толукшуп аткарган кейипкерлерине арзыйт. Ал гана эмес бир күнү Чоңалайда эс алып кеткиле деп конок камын көрдүрөт. Эртең менен тээ шаркыраган өзөндүү жылгада союлган күрпөң козунун бал татыган эт сорпосунан кийин, кечээ оюндун быкы-чыкысы менен катуу чарчаган Сейитказы элдин эс алып атканын бир



сыйра карап кыдырып чыгып автобустун өз ордуна турганын көрүп келип бактын көлөкөсүнө кыйшайып көзү илинип кетет. Кайсы маал экени эсинде жок, бир убакта «кокуй автобус жылып баратат!» деген кыйкырык чуудан улам атып туруп караса баягы автобус шоферу жок эле ылдый жарды көздөй кетип баратат… Я-я алла кудай сакта?.. Чоңалайга келип автобусун жарга учуруп ийген баягы нарындыктар» деген жаманаттыга калмак белек деп көздү жуумп жиберди, деги көзүм ушу жамандыкты көрбөсүн деп. Ангыча «тарс» эткен дабыш чыгып, көзүн ачып караса кудай жалган автобус так жардын кырындагы бир чоң ташка урунуп кептеле токтоп калып калыптыр. Көрсө, шофер автобусту токтоткондо кол тормозго койбой гана түшүп кеткен тура. Кийин укса бир нече артист келиндер Койсун баш болуп автобустун ичине улам түшүп ошерге эс алмак болгон экен. Бирок кудай жалгап кайра айнышып нары жактагы бир дарактын көлөкөсүнө барып жайгашышыптыр. Жана эле алар түшүп чыгып атканда ордунан копшолуп калган автобус тоонун бир кур каптап өткөн желинин эпкинине жар беттеген эңкейишти карай жылып жөнөгөн тура. Эгер алиги чоң кара таш болбогондо, бул кокустук эмне менен аяктаарын бир кудай билмек. Артисттердин баятан ичкен жегендери каякка кеткенин биле албай калышкандай жандүйнөлөрү чымыркана жакаларын кармайт. Атаганат жыргал менен мээнеттин, бейпилдик менен кокустуктун жанаша жүргөнүн көр, береги артисттик турмуштагы… Эмнеси болсо да бул окуя администратор Андабековдун канча тал чачын агартканын бир Койсун эже, же бир жараткан билбесе, ага эч ким анчейин деле маани бермек жок.

## «БИЗ БИЛБЕГЕН ДАЛАЙ АСЫЛДЫК ЭЛДЕ»

*Сейитказы Андабеков*

Өнөрпоз жубайлардын курагы, бириники 70 чапчып, бириники 60 апчып калган кезде, 1992–жылдын 22-24 февралында, ордо калаабыз Бишкектеги Кыргыз мамлекеттик Токтогул атындагы филармонияда өткөн Нарын музыкалуу драма театрынын чыгармачылык отчетунда Сейитказы

Андабеков менен Койсун Карасартова кайрадан өз көрүүчүлөрү менен жолугушту...

Концерттин экинчи бөлүгү ачылар алдында залдагы көрөрман жайнаган кыз-келиндердин ансамблин же дагы бир башка оригиналдуу номер чыгат ко деп күтүп калат. Себеби анда концерттер адатта ошондой трафарет боюнча коюлуучу. Бирок көшөгө ачылганда эле улуттук кийимдерин сөөлөттүү көйкөлтө Сейитказы Андабеков менен Койсун Карасартова чыга келишкенде бир даары өз көздөрүнө ишене беришпеди бейм... Акын Азбий Кыдыровдун «Өткөн өмүр элеси» деген ырын өнөрпоз жубайлар Турганалиев Керезбектин обону менен аткарышты.

Жаңы куруу кырдаалы
Жаңырып эл ырлары
Эстен кетпейт алгачкы
Театрдын жылдары...

деп өткөнгө сереп салдырды өз көрөрмандарын. Андан соң «Ким кандайча түшүнөт?» деген айтылуу Жумамүдүн Шералиевдин сөзү менен мурыкасына жазылган дуэтти кадимкидей бий менен коштоп, демейдегидей эле ыкчам, жеңил кыймыл-аракетте шаттуу аткарышты.

Эч убакта шашпадым
Элдей эле баштадым,
Эки бөлмө тамымды
Төрткө бөлүп таштадым.

Турмуштук философиялык ой жүгүртүүнү каймана, куйкум берип, замандаштарынын абийирин, адалдыгын көксөгөн. Ошого үндөгөн ырлардын сaптары биринен сала экинчиси ырдалып атты. Делебеси козголгон көрөрмандардын арасы кобур-собур таң калуу ишааратына, өнөргө ыраазы болуу шапатасына бөлөнгөн.

– Капырай баякы эле бойдон го бул экөө!..

– Сыр аяктын сыры кетсе да сыны кетпейт деген ушу да !...

– Качанкы, Сейитказы, качанкы Койсун!... Баракелде, буларды ким гана билбейт. Көрчү ырдап бийлеши азыр да кадимкисиндей. «Кайра куруу» деп ыры да жаңыча экен. Кыйраттык деген артисттерибиз бир ырын отуз жыл бою



ырдап жүрүшсө булар минтип улам жаңы ыр үйрөнүп ырдашканычы...

Ушитип аваз кылып олтурган көрөрмандар мүмкүн тээ көңүлүнүн тереңинде береги өнөрпоз жубайлардын бир кездегидей сезимге учкун жандырган жапжаш өнөрүн издеп, ошону эңсеп тургандыр... Мүмкүн, ушу азыр бири жетимишке чамалап, бири алтымышты аттап калган жубайлардын азыркы ыр-бийлерин да кудум мындан 40-50 жыл мурдакыдай кейипте көрүп, кабылдагандыр. Кантсе да олтургандарды байкаган адам көрөрмандардын айрымынын жүзүндөгү «ка-а-ап!...» дегендей купуя өкүнүчтүн көлөкөсүн баамдабай койбой. Береги өзүнө бала кезден белгилүү кош арчадай бүрдөшкөн, кош торгойдой үндөшкөн таланттардын өнөрүнө маашырланып олтургандардын ичин сыдырып өткөн жоготуу өкүнүчү, сүйкүм өнөрпоздордун жаркын жылдарын эңсөө өкүнүчү өкүм сүрө калды окшойт...

Арийне бул олтургандардын көбү жакында сүйүктүү өнөрпоздорунун башынан эң кайгылуу дагы бир окуя өтөрүнөн кабарсыз болуучу ...

...1993-жылы март айында кырчындай кырк жаштагы курагындагы сүйүктүү кызы Гүлаш сыркоого чалдыгып, дүйнөдөн мезгилсиз көз жумганда өнөрпоз жубайлардын күнү тутулуп түнү тозокко айланды. Таланттуу дүйнөсү назик ата эне, кутман карылар канча кайраттанбасын бул жоготууга оор онтоп, сыздап калышты.

Сен чоңойдуң, үмүтүбүз акталды,
Окуу бүтүп врач болдуң, адам болдуң.
Эне болдуң кубандык.
Кут болсун деп жараткандан
Миң мертебе сурандык?!..
Тагдыр экен кыркка чыгып чыкпадың
Кагылайын каралдым ай, түбөлүккө уктадың!!!

Кайгыга баткан Сейитказы ага менен Койсун эженин жүрөктөрүнөн сызылып чыккан жогорудагы аза сaптарына ширелип Теңиртоо аймагындагы гезиттерде, республикалык басмасөздө «Шейит кеттиң Гүлашым» деген ат менен жарыяланган ыр ансайын өнөр чеберлеринин, алардын жакын санаалаштарынын азасын ашырды...

Аттиң!.. Кантсе да суудай куюлган өмүр жашы, ага кошул ташылданган тигиндей азалуу күндөр өз ишин кылып, кечээ эле такаларынан учкун чачыратып, шаңкылдаган үндөрү, чимирилген бийлери менен көргөн жанды толкундатуучу өнөрпоздордун көмөкөйүн кысмактагансып, көөдөн кудуретин мүчүлөткөн, үнгө каргыл аралаштырган жат боёкторду сүртүп койгонун карачы... Алда-а-а, өктөсү куруган мезгил ай!.

Ушул кыргыздын кыйырына таанымал өнөрпоздордун кечээ эле баштарынан өткөн ойго келбес азап тозоктордон караманча кабарсыз көрөрмандын оюу чачылып «Аттигиниң, ушундай таланттардын карып баратканы кандай өкүнүчтүү...» дегенсип бир кур ичи тызылдап тургандай. Арийне Сейитказы Андабеков, Койсун Карасартова баякыда маркум Түгөлов борборго чакырчуда Каракол театрынан чычайып баса бергенде республиканын эң башкы театрынын чамгарагы алдында жанын кыйнабай багып, Америкада, Японияда, Англияда кыдырып ырдап бийлеп, Кара-Деңиздин жээгинде чардап, кайдагы бир жапайычылыкка жакын кара өзгөйлүктөргө кептелип жабыркабай жапжаш бойдон калат беле, эмнеси болсо да Сейитказы ага, Койсун эже борбордук академтеатрдын даңкына жамынып жашоого, чет өлкөдө сайрандап, жылтыр-жултурдун артынан чуркап жүрүүгө кызыктар эместигин ар тараптан айгинеледи. Алар үчүн карапайым элдин кашында, катарлашып жанында көөнүн көтөрүп, маңдайын жаркытып, анан сахнадан чарчап үйгө барганда ышкындай тизилген уул кыздарынын кашында неберелеринин сүйкүм жытына магдырап, балдыр тилине эбедейи эзилип отурганы баасы чыкпас бакыт. Бул бакыт – жубайлардын артисттик азаптуу турмушундагы тар жол, тайгак кечүүлөрдө эриш-аркак, адал мээнет, өз ара урмат, ысык сүйүү, иманы менен ширетилип уютулган бакыт. Өнөр баркын, өнөрпоз баркын билген көрөрман болсо, арийне мына ушуларды ойлоп, баа берип олтурган чыгар... Ошол 1991-жылдын ичиркенткен күзүндө Андабековдордун концертин көрүп калганына канаагаттанган көрөрман, бул концерттин телеге тартылып атканын көрүп, кудай буюрса бул экөөнүн ырдап бийлегенин үйдөн дагы телевизорго жакын олтуруп



алып көрөт экенбиз деп кудуңдаган чыгар... Тилекке каршы бу сапар да көрөрмандын үмүтү таш каап калып кала жаздады... Кайсы бир компотентсиз, ниети кара теле кызматкерининби, же чын эле кандайдыр бир техникалык себептенби ошол ноябрдагы телеге тартылган Нарын театрынын концерттик программасынан, так ушул Андабековдордун үй-бүлөлүк ыр-бийлери дагы кыркылып калган болот. Өзүнүн сүйүктүү артисттерин дагы теледен көрсөм деп умсунуп турган көрөрмандар телекөкжалдардын бул кылыктарына наараазы болушуп туш-туштан кат телеграмма жазышат, кыргыз радиотелекомпаниясынын жетекчелерине. Арийне, кайдагы бир жуукурлардын барды жок кылып, жокту ого бетер жоготуп, ала койду бөлө жарышы Койсун эже менен Сейитказы аганын – эртең эс алууга кеткени турган ардагер карыя өнөр чеберлеринин жүрөгүнө дагы бир ирет эч бир себепсиз тикен сайып өткөнүн кудай кечирбес. Базар экономикасынын какшыган шартында тигинтип документалдуу кинотасма тартуу маселеси жарга такалып калганда, өзүнөн өзү филармониянын жаркыраган сценасынан окшош тартылып калган даяр кинотасманын эпизоддорунун өчүп калышы арийне көрөрмандардын кыжырын кайнатпай койбоду. Ошол наараазылыктардын таасири менен 1992-жылдын жаз айларында Кыргыз радиотелекомпаниясы 60 менен 70 жаштын курагындагы Андабековдордун үй бүлөсүн атайын Бишкекке алдырып келип, 70 минуттук телетасма тартып, аны алгачкы ирет ошол жылдын 13-августунда көгүлтүр экран аркылуу журтчулукка көргөздү.

Көрдүңүзбү окурман, жада калса ушул сапар да калк кадырлаган карыя өнөр чеберлерин, орустардын макалында айтылган «не было бы счастье, да несчастье помогло» дегендей кылыктарыбыз менен бир булкуп алдык. Ошол телеберүүнүн аягында өнөрпоз жубайлар катар олтурган калыпта ири планда көргөзүлөт. Мына ошол учурда аргасыздан, ушул эки адам жарым кылым ашуун убактан бери, тигинтип оорукчан болуп калгыча артисттиктин азабын тартып эмнеге зарылды экен деп ойлоочулар да болбой койгон эместир. Элестеп көрүңүзчү, кызыл оң кубарып, Койсун эженин бет түспөлү өтө жабыркаган абалда, көзайнектин ары жагындагы көздөр

чарчаңкы. Ошондон он чакты эле мүнөт мурда тартылган телеэпизоддордо алар кудум жигит менен келиндей ийкем, ыкчам, шаңдуу эмес беле. Ал кубатты, күчтү кайдан алышты эле?.. Көрсө, тээ илгери немец материалисттик философиясынын негиздөөчүсү Эммануил Кант «Руханий турмуш гана адамды тазалыктын, сулуулуктун жана өнүп-өөрчүгөндүктүн закондору менен жашоого үйрөтө алат» демекчи, искусствонун сыйкыры көр оокаттын гана камы менен жүрчү адамдан бийик көтөрүп, Сейитказы ага менен Койсун эжени колдоп келген тура. Адатта, табигый көрөңгөдөн караманча буюрбаган, көк ийнени түртө албай жүрүп «эмансипацияланганбыз» деп ардуулар уят көргөн уруятка жамынып жалжаңдаган көп ургаачыларыбыз, актриса Койсундун өз жары Сейитказынын гана эмес, учурунда /тээ 46-50-жылдары/ командировкада чогуу жүргөн көп жалгыз бой эркектердин кир когун жууп, тазалаганын кантип бааламак, кайдан түшүнсүн. Тек мурун чүйрүшмөк... Айрым азыркы кесиптештеринче «мен таланттуумун да!... Сулуумун да!..» деп ыргыштабай, белгилүү философ Э.Канттын искусствонун манисин туу көтөргөн жогорудагы накыл кебинин зардебин Койсун табигый туюму менен сезгенин, өзүн артисттик майданда да үйдөгү жеке турмушунда да ошого тете тутуп, ыймандуу жар насилин бийик алып жүргөнүн жанагы көп ургаачылар сезеби?!.. Дүйнөлүк классиканы окубаса да дээринде ушунун баарын туюп, бүт ургаачылык насилин, табитин ар дайым турмуштук сыноонун тар жол, тайгак кечүүсүндө турган артисттик үй бүлөнүн очогунун ысык илебин өчүрбөөгө арнап, агартып 4 уул, кызартып эки кыз төрөп, өстүрүп, Сейитказы агадай жубайынын турмушун шаардай жаркыратып шам болуп жанып келгенинин өзү эле билгенге канча нарк... Өнөрпоз жубайлар Андабеков менен Карасартова так ушинтишип:

Эл өмүрүн өнөргө улап салган

Жылдыз өңдүү асмандан улам жанган

нарктуу, калкына барктуу, улуттук сахна майданында даңктуу таланттар.

Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин, Маданият министирлигинин, партиянын Ысыккөл, Нарын облусттык,



шаардык комитеттеринин бир нече Ардак Грамоталарынын ээси, аталган облусттык борбор шаарлардын эл депутаттар Советинин депутаты, Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти /1978-жылдан бери/ Койсун Карасартованын нарк насили, чыгармачылык турпаты далай замандын зайыптарына көөнөрбөс үлгү, далай ышкыбоз кыз-келинге үлгү болуучу сапат. Журтуна таанымал сүйгүнчүк актриса, ырчы, бийчи, күйөөсүнө жаркылдаган жар, балдарына күйүмдүү, үлгүлүү эне Койсун Карасартованын келбети, жашоосунун, эмгегинин маңызы, бул каарманыбыз менен көп жылы чогуу иштешкен акын, драматург Эрменбек Токтогуловдун «Койсун Карасартовага» деген төмөнкү тамашалуу ыр саптарынан мүнөздүү ачылган:

«Эшигиңдин алдына
Суу төккөнүң Кокебай,
Элүү жылдан ашса да
Жыгылбады Сепем ай...
Эми элиңе эмгек сиңирип
Бир жылыды чекең ай!»

Аял жакшы, эр жакшы демекчи, акындын жогорудагы ыр саптары айгинелеп тургандай артисттик апыл-тапыл, баш аяксыз турмушта бөлүнүп жарылбай, ургаачылык жаманаттылыкка илешип жар көңүлүн муздатпай, жат кылыгы менен бозортуп жер тиктетпей, жакасын кир чалдырбай, маанайын санаага бастырбай Сейитказы агадай ардактуу атаны, кадыркеч жолдошун, эл сыйлаган инсанды Койсун Карасартова күтүп келди.

«Биз өзүбүздүн баскан жолубузга көз чаптырып көрөлүчү, – дейт Сейитказы аба өзүнүн эскерүүлөрүнүн биринде, – Кээ бир актерлорубуз жайды-жайлай үй бетин көрбөй деп наалышат. Биз ошол гастролдордо жүрүп нечендерди үйрөндүк, Ысыккөл, Чүй, Талас, Ош областарында болуп, ал гана түгүл бир бир тууган Казакстанга, Өзбекстанга чейин бардык. Мындан биз бир нерсе жоготтукпу? Жок. Кайра биз эл арасынан бай тажрыйбага ээ болдук. Өзүбүздүн чеберчиликти аябай байыттык. Ошол жерлерден биз миңдеген жаңы көрүүчүлөрүбүздү таптык. «Эл ичи өнөр кенчи» дейт. Образды да, чыгарманы да элден аласын. Эгерде элдин

турмушун беш колумдай билген болсом, мен өзүмдү бул турмушта бактылуумун деп эсептейт элем. Ошондуктан баарын турмуштан үйрөнүү керек.

Биз билбеген, биз жетпеген асылдардын баары элде»… Мүмкүн Сейитказы ага деле өз айылынан чыкпай, курсагынын тогуна, кийиминин бүтүнүнө кайыл болуп ныксырап, короо мал күтүп, ошого курсант болуп жүрө берсе сапар баркын, өзү айтмакчы эл арасындагы асылдыктарды сезип, билбей жүргөн көп пенденин бири бойдон калмак.

Элдеги канча руханий асылдык Сейитказы менен Койсун Андабековдордун чыгармачылыгы аркылуу чагылдырылып улуттук сахна санаатынын тарыхынан өз ордун ээлеп калмак эмес… Сапар кайып деген ушул белем…

«… Мен өтө жаш кезимден баштап уйгурча ырдаганды, бийлегенди үйрөндүм. Бара-бара өзбекче бийлеп, кийинчирээк казакча ырдадым, өлөң айтканды өздөштүрүп алдым. Мунун баары өзүмдүн сүйүктүү театрымдан тышкаркы жерлерден табылып олтурат. Элге, журтка рахмат! Мен элден алганымды элдин өзүнө кайрып берсем деп жүрдүм. Ошону баалашканына ыраазымын!.. дейт бүгүн Кыргыз Республикасынын өкмөттүк төрт беш Ардак Грамоталарынын, көптөгөн медалдардын ээси, Кыргыз ССРинин эл артисти баарынан мурун кыргыз, казак, өзбек, уйгур калкына аттын кашкасындай таанымал талант Сейитказы Андабеков.

«Журтчулук театрыбызды эл театры катары кабыл алганына кубанабыз. Театрыбыздын аксакалдары, жубайлар Сейитказы ага менен Койсун эже, жалаң музыка жандуулугу үчүн картайбай келе жатат. Жергебиздин кай бурчуна барбаңыз «Андабековдор келдиби?» деген суроону саламдан мурда угабыз» деп жазган өнөрпоз жубайлардын кийинки муундан жетилген кесиптеши, Кыргыз Республикасынын эл артисти Тамара Жумакаева /Сов. Кыргызстан 12.12.87-ж./

«Кыргыз ССРинин эл артисттери Капар Медетбеков менен Сейитказы Андабековдун театр сахнасында бирдей ат салыша эмгектенип келе жаткандыгы көпчүлүккө маалым. Актерлордун чыгармачылыгы универсалдуу: комедияны, трагедияны, водевилди, драманы да ойной билишет…

Кесиптештердин үй бүлөлүк шарттары да окшош,



бармактайынан баш кошкон жылдары Калемкаш Атамкулова менен Койсун Карасартова алар менен бирдикте, турмуштун ачуу-таттуусун чогуу тартып келатышат» - деп жазган 1987-ж. «Нарын правдасы» газетасы.

Сейитказы – Сейитказы болгону, Койсун – Койсун болгону тээ 1946-жылдардан бери карай жогорудагыдай арзуу сөздөргө, калың элдин аваздап, аларды алкап кеп кылганына татып келатышат. Аларды туурап жаш муундардан далай ышкыбоздор сахнага Андабековдор аткарган «Кыздар айды», «Карыялар дуэтин», «Чекмурат» менен «Бекерчини» аткарышып чыгышты.

Демек, береги гезиттерге жайнап чыккан пикирлер, дегеле ушу колуңуздагы китептеги сүрөттөмөлөр да тек булардын көзүнчө айтылчу кур мактоо эмес, көңүл улоо эмес. Мунун баары Андабековдордун албан чыгармачылыгын, ар кыл муун айтып жүрөрлүк турмушун чечмелеп, аңдап таанууга аракеттенүү…

Эл өнөрүн өмүргө улап салган,
Жылдыз өңдүү асмандан улам жанган.
Театр – бул ар айыл таланттары
Дайрага окшош топтолгон булактардан…

Сейитказы, Бакирдин, Капар, Койсун,
Калыбектер изинде ошол жолдун.
Тобу келет жаштардын чагылгандай,
Оту болуп шыктантып акыл ойдун.

Өмүрбек Дөөлөевдин «Өркүндөсүн өнөрдүн дарыясы» аттуу бул ырынын /«Нарын правдасы». 12.12.1987-ж./ саптарында, Сейитказы Андабеков менен Койсун Карасартова өз кесиптештерине эриш-аркакташып, кыргыздын улуттук искусство жаатында жадабай ат салышып жүрүп, Ф.Достоевский айтмакчы “бул ишке бүт өмүрүн жумшап бекер убакыт кетирген экем деп өкүнбөгөн адам, инсан» катары ушу бүгүн да жашап, эмгектенип келатканы чагылдырылган.

«Кайгылуу Какейдин» тагдырынан баштап
Кан зайыбы Гүлгаакынын арышын таштап
Ырсалат, Парчагүл, Текилелерди тизип
«Айдагы жезкемпирдей» киного түшүп.

Эстен кеткис ыр бийлериңизге удаа
Алты баланы тарбиялап бүтүп,
Актер, администратор Андабековко түтүп,
Кут болсун жетилген кутман курак
Аялзат насилин кирдетпей күтүп!

Куйручукту Шаршенди туурап жүрүп
Канды кечкен майданда да бийлеп ийип.
Акмат тракторчунун артынан
Аккан, Глостер, Фальстаф, Бобчинский
Годалак, Ташбалта, Токторлордун
Токсонунун дүйнөсүнө сүңгүп
«Беш бармакты», Чекмуратты», «Ой тобоолоп»,
«Кылпыллама», «Кыздарай» деп Койсун коштоп.
Бүгүн да пайгамбар жашында үйүңүз дагеле сахна…
Демек элдин алкышы мол сизге
Маараке куттугунан да башка!..

1995-жылы, каармандарыбыздын өмүр жаштарынын 70 жылдыгына, чыгармачылыктарынын 57 жылдыгына арналган маарекелерине карата бул саптарды жазып атып мен бир нерсеге канааттанбай калдым, канткени менен бул өнөр чеберлеринин өмүрлөрү, чыгармачылыктары, жашоо ыргактары жалаң поэзияга толуп турса да, мындан да кеңирирээк, поэтикалуу нерсе жарата албаганыма көөнүм толбоду. Арийне эгер улам кийинки муундар Сейитказы ага менен Койсун эженин телеге, кинотасмага тартылып калган келбеттерин көргөн сайын бааласа, ага жетик мамиле жасап, ал эмес өздөштүрүп алчу болсо, кийин ондогон жылдар өтсө да бул жубайлар жыйырманчы кылымдагы кыргыз сахна искусствосунда өздөрүнө гана таандык жаңы жанрдын башатын урпактарга калтырганына таазим кылар... Мен жазбай калган поэманы береги көөнөрбөс көркөм өнөргө арнап ошолор жазар …

Демек, кайсы бир жылдарда кыргыз калкынын арасынан дагы бир секелек кыз – жаңы театрдын көшөгөсүн көтөрүп, дагы бир боз улан ар улуттун ыр-бийин журтуна ышкылуу тартуулап, дагы бир өнөрлүү жубайлар журтунун сүйүнчүгүнө айланып кош арчадай бүрдөп, кош жылдыздай жанып чыгар…



## КЫЛЫМДАП ИЗИЛДЕНЧҮ ИЗДЕР

Адамзат өз көркөм өнөрүнүн көрөңгөсүн, анын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн чыгармачыл турпаттарын, чеберчилигин ажарын ача изилдеп талдоосу алмустактан ар бир муун үчүн абадай эле зарылчылык болуп келген.

1940-70-жылдары кыргыздын айрым улуттук театр сынчылары, изилдөөчүлөрү тарабынан жазылып калган Муратбек Рыскулов, Бүбүсайра Бейшеналиева, Бакен Кыдыкеева, Советбек Жумадылов, Сүймөнкул Чокморовдой кайталангыс чеберлердин чыгармачылык келбеттеринен кийин эле театр таануу багытындагы алгылыктуу эмгек ушул «Кош жылдыз» аттуу көркөм публицистика болуп калат окшойт.

Улуттук санаатыбыздын өнүгүш жүрүшүнө мекенчелик көзкараш менен талдоо жүргүзгөн бул эмгекте тек гана элеттен чыккан эки таланттын – тубаса актер, ырчы, бийчи, шайырлардын ажарлары ачылбастан, кыргыз театр искусствосунун XX кылымдагы соцреализм жана базар коому сыяктуу ар түркүн доордогу, ар башка тарыхый шарттагы өнүгүшүнүн татаал маселелери, карама-каршылыктары, элестүү кубулуштары, оош-кыйыштары ачылган. Тоо арасындагы томуктай улуттук театрдын, андагы өнөр чеберлеринин чыгармачылыгынын ой-кырлары аркылуу автор бул эмгегинде театр санаатыбыздын 1930-90- жылдардагы мезгилдеги эволюциялык кубулуш-байланыштарына кыйла зирек байкоо салып талдаган. Алатоонун бир бурчундагы элетте төрөлгөн табигый таланттын терең кудуретинен бийик деңгээлдеги театр чеберлерине айланган каарман чыгармачылыкка, кайталангыс фольклордук байлыкка шиpелген чар тараптуу өнөргө, нукура актерлук көрөңгөгө театр изилдөөчүнүн гана өңүтүнөн эмес, философиялык, публицистикалык чегинүүлөр болгон окуяларды калыс тастыктап эркин ой жүгүртүү менен автор театр дүйнөсүнүн баарыбызга эле байкала бербеген тереңдигин жана бийиктигин, көп жактуу татаалдыгын жана романтикасын, тез жабыркап же тез желпинип учуп кетүүчү сезгичтигин, өнөр адамынын ажатын ачып, тагдырын бүлдүрүп коюучу кыйды жагдайларын кесипкөйлүк билгичтик менен жаңыча ачып

берген. Китептин каармандарынын жубайлык, адамдык бийик таза адебин, кай бир учурларда аңдоосуз кабылган түркүн кырдаалдарын байманалуу чыгармачылыктары, өмүр сапарларынын ой-кырлары аркылуу ачып, алар аркылуу улуттук театр тарыхынын да орчундуу учурларына учкай ой жүгүртүлүшү, ал таланттар сахнага алып чыккан көр тириликтин кейипкерлеринен баштап дүйнөлүк масштабдагы шексприаданын, орус классикасынын, өз заманынын азиялык залкар каармандарынын галлереясын жараткан актерлук кеңири диапазондорду баамдаган. Ал эми көп эпизоддордун конкреттүү публикацияларга байланыштырылышы, батыш менен чыгыштын чыгаан даанышмандарынын омоктуу афоризмдерине ширетилиши китептин илимий философиялык маңызын, салмагын, анда кылымдар бою изилденүүчү чыгармачыл издердин көйгөйүнүн көтөрүлгөнүн айгинелейт.

*Философия илимдеринин доктору, профессор*
*Кусеин ИСАЕВ*
*Искусство таануу илимдеринин доктору*
*Жүкүн ИМАНКУЛОВ*

## ТУНГУЧ СЫНАК ЖАНА ТҮҢКҮ КАЧУУ

1938-жылдын жай айы. Жыйырманчы кылымдын алгачкы жарымында жер жүзүнүн биздин эл жашаган бурчунда пайда болгон жаңы доор өз нугуна түшүп, кылымдар бою ары-бери урунуп далай жаман-жакшыны башына көтөргөн калк ишеничин аз-аздан өтөй баштаган кез. Байыркы ак калпак кыргыз калкын бирде тышкы душмандан, бирде ички уруучулук жаатташуунун тытындысына урунтуп, баарынан да падышалык Орусиянын чычайган колонизатор төрөлөрүнө кордотуп ийген феодалдык доорду Алатоо аймагы кечээ эле баштан кечирип, замандардын тарыхый өнүгүүсүнүн мыйзам ченеми өзү капиталисттик доорду аттатып келтирген ошол жаңы доордун алгачкы жылдары жамы журт эл тоногон басмачыдан кутулуп, бейкуттукка бөлөнүп, токчулугуна тооп кылып, азбы көппү элдин баарын тегиз көргөн тең заманга келип калбады беле…



Деги ошол жылдары улуттук арыздашууну коёлу, жарты нанын ар бир ачка ток менен бөлүшүп жешүүнү дегдеген адамзат пейилинин бир ачылып төгүлгөн учуру болгон окшойт. Көк мелжиген Улуу тоолордун жашыл макмалданган төрлөрү менен жылгаларында ар ким ыңкыган малды багып, эзели соко чийбеген жайыктарга калкылдата эгин эгип бардарлыктын өрүшүн кеңейтип жаткан. Жайлоодогу малчы «Бек-Бекей» менен «Шырылдаңды» таңшытып, жакадагы дыйканы «Кызыл жоолукчанды» ырдап үн созуп, айтор коом да, калк да бир кенелип, куунап келе жаткан. Ошол отуз жетинчи, отуз сегизинчи жылдары кыргыз маданияты менен көркөм өнөрдүн да өнүгүшүнүн орошон жылы болгон экен.

Ал жылдары республикабыздын аймагынын булуң-бурчтарында алгачкы колхоз-совхоз театрлары уюшулуп эл арасындагы таланттарды таап чыгуунун алгачкы кадамы шилтенип, кыргыз адабияты менен искусствосунун өлкө борбору Москвада өтө турган алгачкы декадасына астейдил камылга көрүлүп башталган тура.

Мына ошол 1938-жылдын жайында Нарын шаарында Тянь-Шань областтык өздүк көркөм чыгармачылык кароосу өтүп жаткан. Шаңшыган не бир сыбызгы ырлар ырдалып, кол ойното таңшыган не бир мукам күүлөр чертилип, тоолуу аймактан иргелип келген өнөргө татыктуулары “күлүктөн чыкса ат аягы тыбырайт” дегендей биринен сала бири өтүп өнөр сересинде ат салышууда.

Бир маалда өнөр сересине чыга келген ак калпакчан шыңга бойлуу күлүң көз бала «Кантың бар» аттуу тамашалуу ырды адаттан тыш сүймөнчүк менен аткарды бейм, ыр бүткөн соң зал ичи дуулдап калды. Элдин коштоосуна сый кыла боз улан эми «Кантың бардын» акыркы сабын кызуулана кайталап ийди койкоктоп.

Ал кездеги айтылуу эл куудулу Шаршен Термечиковдун өзүнүн аткаруусунда угуп-көрүп жүргөн көрүүчүлөр берeги жүзүнөн чырымталы көрүнгөн баланын «Кантың барды» ушунчалык келиштирип ырдаганына таң кала жетине албай шатырата алакан чаап туруп алышты. Өнөрпоз кыйылып турбады. Эми куудул Шаршендин «Марусясын» табигый кыймыл-аракет менен жеке өзүнө тиешелүү кумар-наарын

төгүп аткарып салды эле, көрүүчүлөр андан беш-бетер залды үч көтөрө дуулдап калышты. Акыры Абдылас Малдыбаевдин «Кызыл жоолукчанын» аткарып, өз өнөрүнө болгон эл кумарын, кызыгын кандырып-кандырбай ийиле кетенчиктей тышка чыккан ырчы бала баятан көшөгө артында акмалап турушкан курбуларынын кызуу куттуктоосунун толкунунда калды…

Залдагы эл өз ара бири-бирине собол таштап дуулдап тынчтанбайт.

– Дегеле шыктуу бала көрүнбөйбү, аты ким деди?..

– Андабеков Сейитказы дебедиби.

– Ой, бу бала каяктан келиптир? Күлкүсүн али тыя албагандар ууртгарын жыюуга шайлары келбей өз ара суроо узатышып атты.

– Атбашыдан, тиги Акжардан келиптир…

– Ата – а баракелде, азамат!… Кудум Шаршендин өзүн туураганын кантесиң…

Көрөрмандардын бул уу-дуу кебин, алып баруучунун чыга келип «Андабеков» «Солдат бийин» аткарат деген жарыясы тып басты. Жанакы сары чийкил бала өтүгүнүн таманын тарсылдатып бир бийлеп чыкты, тим эле кончунан учкун чачырагансыйт, өнөргө дем бере тигилип азгырылган көрөрмандарга. Кол чабууну ошондо көр, тымый түшкөн зал бий бүтөр замат кайрадан уу-дуу түшүп жатып калды…

Бүгүнкү ат салышкан өнөрпоздордун баарынан айырмаланган шайыр балага арналган көпчүлүктүн алкоо создөрү ичте да тышта да уланып, ал баланын ар бир сөздүн маанисине жараша бет түспөлүнүн кубулушун эстегендердин ыкшыган күлкүсү уланып жатты.

Кароо аяктап зал толгон элдин «биринчи орунду ким жеңип алды» экен деп суроо салган көздөрүнөн далдоолонуп барып кеңешип келген комиссия эң мыкты деп бааланган өнөрпоздордун аттарын биринен сала бирин атап, аларга ыйгарган байгелерин тапшырып баштады. Оо бир маалда «Сейитказы Андабеков», Термечиковдун «Кантың бар», «Маруся» деген ырларын мыкты аткарып, «Солдат бийин» мыкты бийлегени үчүн… Атбашы районунун Акжар айылынан келген…» деп жеңүүчүлөрдү жарыялап жаткандын салтанаттуу



үнүн шатырата чабылган колдордун доошу үзө басып угузбай салды. Жана сахнада түркүн-түркүн кубулган, ак калпакчан боз улан калдаңдай басып, кып-кызыл боло толкунданган жүзүндөгү жылмаюусун жашыра албай байгесин алып турушу дендароо. Азыр, кимиси экени эсинде жок, айтор чоңураактарынын бири болсо керек, комиссиянын ичинен бирөө «Эй баатыр бери кел» деп чакырып калды. Өз бой турпаты өзүнө копол сезилип, боюн кайда катарын билбей турган Сейитказы чакырган кишиге тарткынчыктай басып келди.

– Ата энең барбы?..

– Бар…

– Баракелде. Анда иш мындай баатыр. Сенде кудай берген өнөр-шык мол экен. Биз сени окууга жиберебиз. Барасыңбы?.. Мынабу калкос-сапкос театрына бакыйган артист болуп келесиң… Боз улан апкаарый түштү.

– Би-би-билбейм… Же бар, же жок дээрин биле албай колундагы байге белекти кармалап туруп калды.

– Эй баатыр. Сен эмне ойлонуп калдың. Эмне артист болгуң келбейби?… Баланын шаштысын кетирбейин дедиби алиги киши Сейитказыны далыга таптай жооткоруп

– Болуптур,шашылба, бүгүнчө ойлон. Калганын эртең чечебиз. Макулбу?… Үнсүз баш ийкеген Сейитказы тышка атып эле чыккандай болду.

Бүгүнкүдөй толкундоо, бир күнгө эмес айга сыйгыс ушунчалык көп окуя өмүрүндө болуп көрбөгөнү оюна да келбегени менен, ошол чоң кубанычтын кубаты Сейитказыны эки колтуктан көтөрүп алып учуп бараткандай, анда-мында бирден чокчойгон Нарындын тамдары тим эле ак сарайдай шаңкайып, тетиги тоолордун чокулары көккө бой тирей, жылга-жыбыттары азгырып, кырларына чуркап чыгып кыйкырып ойногусун келтирет боз уландын.

# “Кош жылдызга” кош пикир

## Кыскача пикир

Журналист Токторбек Рыскулбеков өзүнүн “Кош жылдыз”атуу колжазмасында Кыргыз Республикасынын эл артисти С. Андабеков менен К. Карасартованын даңазалуу чыгармачылыгын, алардын 60 жылдан ашуун чыгармачылык эмгектеринде оюн көрүүчүлөргө эстен кеткис чоң таасир калтыра турган жүзгө жакын кайталангыс көркөм образдардын галлереясы жана концерттик номерлер кыргыз көрүүчүлөрүнүн жүрөгүнөн терең уя таап, ал түгүл республикабыздын аймагынан алыска да белгилүү болгон залкар ишмерлердин эмгегин баяндоого аракет кылган.

С. Андабеков менен К. Карасартова театрда көп жыл иштеп, ага өздөрүнүн азиз өмүрүнүн кырчын кезин беришкен нукура таланттар жөнүндө жазылган колжазманы окуп чыкканда, автор бул эмгектин үстүндө талыкпай иштеп, кызыктуу материал топтогону билинип турат. Автор көп кырдуу артисттердин өз чеберчилигин актер искусствосунун бийик үлгүсүнө жакындатып такшалтып алуу процессине көп көңүл бурган. Өзгөчө бул артисттердин чыгармачылыгы турмуш чындыгына өтө жакын келип, өз чыгармасында турмуш демин чоң таасирдүүлүктө бере билүүсү баса көрсөтүлгөн. Бул китептин автору өзү театр изилдөөчү болбосо дагы, эл артисттердин чыгармачылык жолун изилдеп, бул эмгек жатык тил менен зор ынтаа коюп бир илепте жазып чыккандай таасир калтырат. Баяндоо ыкмасы очерк тибинде жазылып, жеңил-желпи багытта жатса да, актерлордун чыгармачылык түйшүгү анын изденүүдөгү чыгармачылык табылгалары, кыйынчылыктары көз алдыбызга ишенимдүү тартылат. Эки чыгаан артисттер жөнүндө сөз кылуу менен бирге, автор актерлордун айлана-чөйрөсүндөгү чыгармачыл адамдар жөнүндө маданият, искусство багытындагы кырдаалдар жөнүндө ишенимдүү баяндайт. Айрым субъективдүү өөн учураган жерлерин белгилеп койдум. Ал жерлерди кыскартыш керек. Жыйынтыктап айтканда, колжазманы сөзсүз чыгаруу керек. Атактуу артисттердин адам таң калгандай даңазалуу чыгармачылык жолу кимди болсо дагы кызыктырат. Айрым белгилеген кемчиликтерди оңой эле кыскартуу жолу менен оңдоп койсо болт.

***Авас Сырымбетов,***
*театр иликтөөчү,*
*Кыргыз Республикасынын*
*маданиятына эмгек сиңирген ишмери*



*Андабеков Сейитказы*

**Күлашым, сага гүл десте**

Арман, арман, арман деген арман көп
Жаратканга жалганга айла көп
Адам деген жер үстүндө жаралат
Жарык көрүп жашоо деген далалат.

Адам болгондон кийин оор жашоосу болот
Турмуш адамды татаал кылып коёт
Бирок адам жашоосуна толук көзү жетпейт
Өзүнөн өзү кыйналып орто жашка толот.

Бирок кырк жаш өтө жайдары жакшы жаш
Адам татаал жана өтө коркунучтуу иш болду
Ушундай адам башына келбеген өлүм сага туш болду
Мындай кыйынчылык кызымдын башына келген
Татаал, татаал иш болду.

Күлаш жаңы эле балдарыңдын өмүрүн тилеп
Жаңыдан көзүң ачылып көңүлүңдү жакшылыкка бөлөп
Эми келечек жашоом калыбында болот деп, өмүр тилеп
Бирок тилегиң ишке ашкан жок.
Өмүр кескин түрдө 17-февральда жүрөгүң токтолду
Кызым, кызым өмүрүң жок болду.

Кош кызым сенин адамдык сапатын
Ата-энеңе жасаган мамилең
Адамгерчилигиң биздин ойубуздан чыкпасын
Чолпонум Күлашым
Кош-кош кулунум, мазарым Күлашым.

*Койсун Карасартова*

## Турмуш

Турмуш, сен бар адамды багынтасың
Кээде шаттык, кээде ойго малынтасың
Бир кезде ойноп эркин жүрсөң дагы
Бир кезде аласың ээ баарын чамынтасың-таксым.

Турмуш, сен кай бирөөнү чоң кыласың,
Бирин алсыз, бирин алдуу мол кыласың
Дүйнөдө адам болсун, айбан болсун
Бир-бирине көз каранды чоң кыласың

Турмуш, сен кай бирөөнү оң кыласың,
Бирин алсыз, бирин алдуу мол кыласың
Дүйнөдө адам болсун, айбан болсун
Бир-бирине көз каранды кор кыласың

Турмуш, сен кай бирөөнү кем кыласың
Тууган күндөн бак-таалайын кем кыласың
Турмуштун бардык сыры бирдей эмес
Чоңуна кичинесин жем кыласың.

Бул турмуш бирде өйдө, бирде төмөн
Бак ачат кай бирөөнө жыргал кенен
Алты саны баары тегиз жаралса да,
Ошондо да ар бир түрлүү жанды көрөм.

Кай бирөөлөр бөөдөсүнөн тартат мээнет
Өзүнүн өткүрлүгү болсо да
Бирөөлөр бирөө аркылуу көрөт дөөлөт
Бапестеп баккан жанын өлгүчөктү
Бак-таалай нени жасса ошону көрөт.



*Койсун Карасартова*

## ЖАРАТЫЛЫШ

Жаратылыш кандай укмуш жаралгансың,
Жер жүзүнө кандай болуп таралгансың,
Адам болсун, айбан болсун бардык нерсе
Жаратылышка ылайыктуу жаралгансың.

Жаратылышта бирөө өсөт, бирөө өлөт,
Жаратылыш эмнени жазса ошону көрөт
Күн дагы бирде бүркөк, бирде ачык,
Ошон үчүн адамдарда эмне жазык.

Жаратылыш жанга кирип ыкка көнсө,
Турмуш дагы болгон ишти колго берсе,
Адамга да айбанга да кыскоо болбой,
Оюң санааң бардык нерсе өзү келсе.

## М А З М У Н У

Кириш сөз..........................................................................4
Секелек кыз - театр башаты…...........................................7
Кор болудан кооптонуу.................................................12
Алгачкы роль .................................................................15
Сахнада, кош жылдыз!.....................................................20
Арабөк кездин кермек даамы.........................................27
Жубайлар кайрадан Теңиртоодо...................................42
Санаатты самандай сапыргандар…................................46
Оомат...................................................................................52
Актердук түркүн түрмөктөр..............................................69
Топ башчысы тоскон тополоңдор................................ 93
«Биз билбеген далай асылдык элде».............................107
*К.Исаев, Ж.Иманкулов*
Кылымдап изилденчү издер ...........................................117
Тунгуч сынак жана түнкү качуу ...................................118
*А.Сырымбетов* Кош жылдызга кош пикир...................122
*С.Андабеков* Кулашым сага гүл десте..........................123
*Ко йсун Карасартова* Турмуш......................................124
*Койсун Карасартова* Жаратылыш.................................125

Т.Рыскулбеков

**КОШ ЖЫЛДЫЗ**

Кыргыз Республикасынын Эл артисттери
Сейитказы Андабеков жана Койсун Карасартова
жөнүндө даректүү баян

Чыгышына жооптуу *Зулайка Момункулова*
Редактору жана корректору *Толкун Дүйшеева*
Компьютерде терген *Аскар Андабеков*
Верстка *Вера Бримкулова*

Нускасы 500 экз. Ченеми 60 x 84/16. Көлөмү 9,25 басма табак
ЖЧК «Айатта» басылды. Бишкек ш. Тоголок Молдо к., 60